Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ш. УБАЙДУЛЛАЕВ, Б. ГАФУРОВ, О. ОРТИКОВ

# ЧАКЫРУУГА ЧЕЙИНКИ БАШТАПКЫ ДАЯРДЫК

*Жалпы орто билим берүүчү мекемелеринин 10-класстары үчүн окуу китеби*

*1-басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү Министрлиги басмага сунуштаган*

Ташкент — «ILM ZIYO» — 2017

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**UO'K 355.233.11 (075.3)=512.154**
**KBK 68.49ya72**
**Ch 16**

*Пикир жазгандар :* **А. ШУМАН** —Өзбекстан Республикасынын Коргоо Министрлиги, аскердик кадрларды даярдоо башкармасынын башчысы, полковник;
**Ш. УРИНОВ** — Өзбекстан Улуттук университети аскердик кафедрасынын башчысы, полковник;
**Л. ДАВИРОВ** — Низамий атындагы ТМПУ, аскердик кафедрасынын башчысы полковник;
**А. САТВАЛДИЕВ** — Низамий атындагы ТМПУ аскердик кафедрасынын доценти.

**Ch 16 Убайдуллаев Ш. ж. б.**
Чакырууга чейинки баштапкы даярдык [текст]: 10-класс үчүн окуу китеби/ Ш. Убайдуллаев, Б. Гафуров, А. Артыков. — Ташкент: «ILM ZIYO», 2017. — 192 б.
ISBN 978-9943-16-415-4

Ушул окуу китебинде Өзбекстан Республикасын коргоонун мыйзамдуу негиздери, Куралдуу Күчтөр кошуундарынын түрлөрү жана алардын түзүлүшү, аскердик Жобо тууралуу түшүнүктөр, катарда туруу көнүгүүлөрүн аткаруу, ок атуучу куралдарынын жана аскердик техниканын түрлөрү, алардан колдонуу жолдорун үйрөнүү менен бирге, денени чыныктыруу, чыдамдуулук, күчтүүлүк, тездик, ылдамдык боюнча дене тарбия көнүгүүлөрүн аткаруу эрежелерин, аскердик кесипти өздөштүрүүнү, окуучуларга аскердик окуу жайларына жана окууга кабыл кылуу мыйзамдары жөнүндө маалымат берилген.

**UO'K 355.233.11 (075.3)=512.154**
**KBK 68.49ya72**

*Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды.*

ISBN 978-9943-16-415-4

© Ш. Убайдуллаев ж. б. 2017-жыл.
© «ILM ZIYO» басма үйү, 2017-жыл.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АЛГЫ СӨЗ

Чакырууга чейинки жаштардын баштапкы даярдыгында Өзбекстан Республикасынын «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндө» мыйзамынын негиздери, «Чакырууга чейинки баштапкы даярдык» предмети жаштарды Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү катарында кызмат кылууга даярдоо, орто билим берүүчү мекемелери үчүн зарыл окуу китеби эсептелет.

Жаштарга билим берүүдө «Чакырууга чейинки баштапкы даярдык» предметинин милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:

- мамлекетти куралдуу диверсиядан коргоону жана мамлекетти коргоо жөнүндө өздөрүнүн Өзбекстан Республикасы Конституциялык укугу жана бурчтары, аскердик (2000-жылдан баштап коргоо) доктринабыздын коргоо сунушу жана максаттарын, Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү, ошондой эле жана башка кошуун түрлөрүнүн максат жана милдеттерин мыкты билип алуу;
- Өзбекстан Республикасынын «Коргоо жөнүндө», «Жалпы аскердик милдеттер жана аскердик кызмат жөнүндө» Мыйзамдарды, Министрлер Кабинетинин «Өзбекстан Республикасынын жарандары мобилизациялык чакыруу резервиндеги кызматты уюштуруу» токтомун, Өзбекстан Республикасы жарандарынын аскердик эсеби тууралуу Жобосун, аскердик кызматты өтөөдөн баш тартуу жана жасалган аскердик кылмыштар үчүн мыйзамдарда белгиленген административдик жана кылмыш жоопкерчиликтерин билүү;
- аскердик ант жана Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү Мыйзамдарынын негизги талаптарын терең андаган жагдайда үйрөнүү;
- аскердик бөлүмдүн куралдануусу, аскердик техникасы жана жеке курамдын жайгаштыруу иш-аракети менен таанышуулары;
- аскердик иштин негиздерин, зарыл аскердик билимдерин жана тажрыйбалык көнүгүүлөрдү, аны менен бирге, дене тарбиялык чыныгуу жана рухий тетик болууну үйрөнүү;
- жарандык коргонуу жана медициналык билимдин негиздерин үйрөнүү;
- «Чакырууга чейинки баштапкы даярдык» сабагын өздөштүргөн окуучулар Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн катарына аскердик кызматка чакырылган мезгилде Ата Мекенди коргоодо өзүнүн Конституциялык бурчун жана кыска убакытта аларга ишенип тапшырылган заманбап куралдар ошондой эле аскердик техниканы билүү керек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаштарга аскердик билим берүүдө аларга кошуундардын окуу-күжүрмөн даярдыгында аткарыла турган көнүгүүлөр, аракеттер жана амалдарын аскердик бөлүмдөрдөгүндөй мүмкүнчүлүк болушунча жакындаштырылган абалда үйрөтүү көздө тутулат. Бул көнүгүүлөрдү көп жолу кайталоо натыйжасында жаштарга зарыл аскердик билимдер жана кесиптик көнүкмөлөр негиздери жүзөгө чыгат.

Чакырылуучуларды аскердик кызматка даярдоо Өзбекстан Министрлер Кабинетинин жалпы башчылыгы астында өткөрүлөт. Каракалпакстан Республикасынын Министрлер Кеңеши, область, шаар жана район акимдиктери чакырылуучуларды аскердик кызматка даярдоо иштерин каржылоо, ошондой эле материалдык-техникалык тараптан камсыздоону ишке ашырууну, окуу-материалдык базасын түзгөн жагдайда мындай түзүү үчүн жоопкер эсептелет. Чакырылуучуларды аскердик кызматка даярдоону уюштуруу, ишке ашыруу жана натыйжаларды текшерүү, «Чакырууга чейинки баштапкы даярдык» предметин окутуу методун камсыздоо Өзбекстан Республикасынын Коргоо Министрлиги, ошондой эле, билим мекемелери болгон министрликтер, Мамлекеттик комитеттер жана мекемелер тарабынан ишке ашырылат.

«Өз эгемендиги жана эркиндигинин кадырын билбеген, аны коргой албаган, күч-кудурети жетпей турган улут эч качан эркин жашай албайт», деген пикирдин тарыхый бир далили эсебинде «Эгер ким, өз армиясын бакпаса, эртең башкалардын армиясын багат», деген насаат сөздөрдү эч качан унутпоо керек, деп ойлоймун. Бул сөздөрдө терең маани эмес, балким өтө ачуу чындык бар», деген эле биринчи Президентибиз И. Каримов «Milliy armiyamiz mustaqilligimiz, tinch va osoyishta hayotimizning mustahkam kafolatidir» китебинде.

Ар кандай эгемендүү мамлекет өз эркиндигин коргой алышы шарт. Канчадан канча улуу ата-бабаларыбыз күрөшүп, өз жандарын курман кылган, бирок алар жете албаган эгемендүүлүктү сактоо, аны түбөлүк кылуу биринчи Президентибиздин ниети, максаты болгон. Так эле ошон үчүн да эгемендүүлүгүбүз, эл коргоочусу боло турган өз улуттук армиябызды түзүү тарыхый зарылдык жана заман талабына айланды. «Жылдар өтөт, замандар өтөт, бирок, эч талашсыз, улуттук армиябызды түзүү менен байланыштуу жараяндар эгемендүү Өзбекстаныбыз тарыхында, жаңы тарыхый барактарында өчпөс болуп жазыла турган улуу окуялардан бири болуп калат», — деген эле И. Каримов.

Биринчи Президентибиз «...Биз бүгүн армиябызды чынында таптакыр жаңыча, заманбап негизде, биринчиден, жогорку деңгээлде түзүшүбүз керек», деген сөздөрү акыл-ой, адеп-ахлак, таалим-тарбия, патриоттук сезим, аскердик дос-тууганчылык жөнүндө болгон. Мындай коомдо Куралдуу Күчтөр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

калктын жан-денеси, мамлекет эгемендүүлүгүнүн, территориялык жалпылыгын, тынч жашоосу жана жаратуучулук эмгектин кепили, жаштарды руханий-ахлактуу тарбияланышынын чоң мектеби болуп кала берет.

Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин, республика ДОСААФынын 1991-жылы 23-ноябрда болуп өткөн VIII кезектен тышкары Курултайында Өзбекстан Республикасын коргоосуна көмөктөшүүчү «Ватанпарвар» уюмун түзүү жөнүндө буйрук чыгарылды. Аны менен бирге, уюмдун жаңы жобосу тастыкталды. «Ватанпарвар» уюму Өзбекстан ДОСААФынын мыйзамдуу мураскору деп жарыяланды, анын системасындагы бардык уюмдар «Ватанпарвар» уюму ыктыярына өттү.

Чакырылуучулардын аскердик техникалык адистик боюнча даярдыгы Өзбекстан Республикасы коргоосуна көмөктөшүүчү «Ватанпарвар» уюмунун окуу имараттарында ишке ашырылат. Багыт боюнча аскердик эсебиндеги адистиктерге түрдөш жалпы орто билим жана орто атайын, кесип-өнөр окуу мекемелеринде билим алып жаткан техника адистиги боюнча тикеден тике ушул мекемелерде даярдыктан өтүшөт. Өзбекстан Республикасын коргоого көмөктөшүүчү «Ватанпарвар» уюмунун окуу мекемелеринде аскердик техника адистиктери боюнча даярдоого он жети жашка толгон, саламаттыгына көрө, аскердик кызматка чакырылышы керек болгон жаштар алынат.

Азыркы учурда көмөктөшүүчү «Ватанпарвар» уюм системасы Каракалпакстан Республикасы, Ташкент шаары, 12 область, 179 шаар жана район кеңештери иш алып барууда. Эмгек жамааттарында, окуу мекемелеринде, калктын жашоо жайларында уюштурулган он эки минден ашык башталгыч уюмдар өз катарына үч жарым миллиондон артык мүчөлөрүн бириктирген. Алардын иштери жаштарды эмгекке, мамлекетибизди коргоого даярдоо, алардын саясий, рухий дүйнө карашын өстүрүү, элибиздин бай тарыхы, даңктуу күжүрмөн баалуулуктарына дайым берилгендик рухунда тарбиялоо, спорттун аскердик жана практикалык түрлөрүн өркүндөтүүдөн турат.

Диверсия экстремисттик күчтөрдөн мамлекетибизди ишеничтүү коргоого даяр туруу үчүн дайыма сергек болуу, ар дайым даярдык көрүү керек. Андан келип чыккан абалда коргоого көмөктөшүүчү «Ватанпарвар» уюму көңүлүн мамлекет жана коом уюмдары менен практикалык келишим орнотуу, жаштарды дене тарбиялык чыныктырып, аскердик техникалык билимдери менен куралдандыруу, чыдамдуу, сабырдуу, туруктуу, руханий жеткилең кылып тарбиялоого каратылууда.

Мамлекетибиздин тынчтыгын ишеничтүү коргоого татыктуу болгон, оперативдүү, күжүрмөн чебердиги жогору, ар жактан жакшы камсыздалган Куралдуу Күчтөрдү түзүү заман талабы болуп саналат. Ар жактан жетишкен, кайраттуу, баатыр, патриот жигит-кыздарды тарбиялоо кең көлөмдүү тапшырма.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошондуктан, өз ара достук, бир туугандык, биримдик сезимдерин дагы да бекемдөө, ар түрдүү жаман көрүнүштөрдүн алдын алуу максатында «Mardlar qo'riqlaydi Vatanni!», «Kuch — adolatda», «Safdoshingni hurmat qil», «Harbiy xizmatchilarning ma'naviy qiyofasi» темаларында баяндама жана аңгемелер, кездешүүлөр, кароо-сынактар өткөрүлүп жатат. Жаштардын аскердик патриоттук тарбиясында зарыл ыкма болгон улуу ата-бабаларыз Ата Мекен азаттыгы үчүн каармандык күрөштөрү, тарыхтын улуу кишилери, эл баатырлары Широк, Томарис, Спитамен, Муканна, Махмут Тарабий аны менен бирге улуу кол башчылар Жалалиддин Мангуберди, Амир Темур, Захириддин Мухаммад Бабур кайраттарын даңктоочу баяндама жана аңгемелер өткөрүлүп жатат. Андай баяндама жана аңгемелер өткөрүү, ар түрдүү кездешүүлөрдү уюштуруудан максат, жаштарды ата-бабаларыбыздын калтырган бай мурасын кеңири үйрөнүүгө, Куралдуу Күчтөрүбүздө кызмат кылуу ар бир Өзбекстан жаранынын Конституциялык бурчу экендигин, мекен чек араларын кол тийбестигин, журтубуздун тынчтыгын камсыздоо ыйык милдет экендигин жаштардын аң-сезимине сиңирүүдөн турат. Жогорку жана орто билим берүүчү окуу мекемелеринде, кесип-өнөр коллежи, академиялык лицей, жалпы билим берүүчү мектептеринде, айылдарда, аскердик окуу жайларында И. Каримовтун чыгармалары үйрөнүлүп жатат.

Эгемендүүлүк натыйжасында элибиздин турмуш, салттары, үрп-адаттары жана жалпы адамзаттын баалуулуктары өз ордуна кайтып жаткан бир мезгилде, жаштардын көңүлүнө патриоттук сезимин ойготуу, акыл-оюн жана аларды аскердик патриотизм рухунда тарбиялоо барктуу мазмунга ээ.

Өзбекстаныбыз мындай урматка татыктуу. Анткени дүйнө цивилизациясына татыктуу салымын кошкон Муса ал-Харезмий, Ахмед ал-Ферганий, Имам ал-Бухарий, Абу Мансур ал-Мотуридий, Абу Али ибн Сина, Абу Райхан Беруний, Бурханиддин ал-Маргинаний, Ахмед Яссавий, Бахауддин Накшбанд, Мырза Улукбек, Алишер Навайи сыяктуу улуу руханият ээлери, Шырак, Спитамен, Муканна, Жалалиддин Мангуберди, Амир Темур, Захириддин Мухаммад Бабур сыяктуу аскердик илими жогору болгон ата-бабаларыбыз бар экендигинен элибиз сыймыктанат.

1992-жыл 3-июлда Өзбекстан Республикасы Олий Кенгаши «Коргоо жөнүндөгү», «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү», «Мобилизациялык кызмат жөнүндөгү» мыйзамдарын кабыл кылды жана ошол күнү «аскердик ант» тексти дагы тастыкталды. Куралдуу Күчтөр курулушунун укуктук базасын жаратуунун биринчи баскычы 1995-жыл 30-августта Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин I чакырык III сессиясында Өзбекстан Республикасынын аскердик доктринасын кабыл кылуу менен аякталат. Доктрина аскердик курулушунун жаштар ба-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

гытын, мамлекет жана Куралдуу Күчтөрдүн согушка даярдык, согуш алып баруу жолдорун белгилөөчү расмий көз-карашы жана эрежелер тизими. Ал мамлекеттин саясий башчылыгы тарабынан иштеп чыгылат жана анын негизги багыттарын, иштеп чыгаруу күчтөрүнүн өнүгүшү илим жетишкендиктеринин деңгээлин баскычы, балким согуш ыктымалы жөнүндөгү элестер менен байланыштуу.

Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн түзүүнүн алгачкы баскычынын аякталышы 1992-жылы 8-декабрда болуп өткөн Өзбекстан Республикасы Олий Кенгашинин XI сессиясына туура келди. Бул сессияда мекенибиздин Негизги Мыйзамын — Өзбекстан Республикасынын Конституциясы кабыл кылынды. Бул мыйзам Куралдуу Күчтөрдүн мамлекеттеги укуктук абалын бекемдеген, анын баш тапшырмалары жана тарыхый милдетин белгилеп берген негизги мыйзам болду.

Конституциянын XXVI бөлүмү коргоо жана коопсуздук маселелерине арналат. Анын 125-статьясында: «Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрү Өзбекстан Республикасынын мамлекет Суверенитетин жана территориялык бүтүндүгүн, калктын тынч жашоосу жана коопсуздугун коргоо үчүн түзүлөт», деп белгиленет. Өзбекстан Республикасынын Конституциясынын 52-статьясы негизинде, «Өзбекстан Республикасын коргоого — Өзбекстан Республикасы ар бир жаранынын милдети саналат», деп белгиленет.

Эгемендүүлүк жарыяланган алгачкы күндөрдөн Өзбекстан Республикасы мамлекетинин экономикалык, саясий, билим берүүнү өнүктүрүү, мамлекетте жана Орто Азия регионунда тынчтык жана туруктуулукту бекемдөөгө чоң көңүл бурулган. Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин I сессиясында Мамлекетибиздин биринчи Президенти И.А. Каримов «Азыркы доорубуздун негизги тапшырмасы — мамлекет дүйнөлүк чарба тизиминде жана коомчулугунда татыктуу орунду ээлеш үчүн Өзбекстандын мамлекет эгемендүүлүгүн бекемдөөнү камсыздоодон турат», деген эле.

Ушул маселени мамлекетти коргоо кудуретин, анын улуттук коопсуздугун ишеничтүү камсыздоо шарттарында чечүү мүмкүн болуп, ага экономикалык, саясий, укуктук, уюштуруу жана аскердик мүнөздөгү чаралар тизиминдеги бирдиктүү мамлекет саясатын жүргүзүү менен жетишет. Ушул чаралардын өзүндө жыйналган документ 1995-жылы 30-августта Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси тарабынан кабыл кылынган аскердик доктрина эсептелет. Ошентип, тажрыйбада биринчи жолу уюштуруу түзүлгөндүгүнүн төртүнчү жылында жаш эгемендүү мамлекет өзүнүн илимий негизделген аскердик доктринасына ээ болду.

XX кылымдын соңку беш жылдыгындагы мезгилинде дүйнөдө, региондо жана мамлекетте болгон геосаясий кырдаал эсепке алынып, таж-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рыйбадагы аскердик доктрина өнүктү жана 2000-жылдан баштап, коргоо доктринасы сыпатында тажрыйбага киргизилди. Өзбекстан Республикасынын коргоо доктринасы — жалпы мамлекеттик маанисиге ээ чоң документ. Ал мамлекет стратегиясынын эң керектүү бөлүгү болуп, аскердик саясат негизинде, аскердик кызмат дагы аскердик курулуштун багыты жана аскердик кадрлар үчүн милдеттүү эсептелген аскердик теория жана практиканын негизин, жетекчи, расмий түрдө кабыл кылынган көзөтүүлөрү жана эрежелери көрсөтүлөт.

Өзбекстанды коргоо доктринасы Орто Азия регионунда азыркы аскердик-саясий абал, аскердик кооптун жашыруун түрдөгү булактары, башкы аскердик стратегиялык тапшырмалар, курулуш принциптери жана Куралдуу Күчтөрдү колдоо шарттары, Куралдуу Күчтөр, эл жана мамлекетти Коргоого даярдоо маселелерин өз ичине алган. Коргоо доктринасынын ушул принциптери коргоо маселелерин түшүнүүнү жана чечүүнү салыштырмалуу көзөтүүлөрдүн биримдигин камсыздоодо чоң көңүл бурулат.

Өзбекстан Республикасынын коргоо доктринасы үч негизги бөлүмдөн турат:

I. Жалпы эрежелер.

II. Докторинанын саясий аспектери.

III. Докторинанын аскердик-уюштуруу аспектери.

Коргоо доктринасынын негизги устундуктары төмөнкүлөрдөй: саясий көз караштан «согуш жана аскердик чабуулга сокку берүү — алдынкы стратегиялык багыты», деген эрежелери бар. Ошондуктан Өзбекстан Республикасы төмөндө көрсөтүлгөн анык милдеттерди өз мойнуна алат:

- Өзбекстан Республикасы же Өзбекстан менен өз ара аскердик жардам тууралуусындагы тиешелүү келишимдерге таандык башка мамлекеттерге кылынган баскынчылыкты кайтаруудан тышкары абалдарда өзүнүн Куралдуу Күчтөрүн башка мамлекеттерге каршы колдонулбайт;
- Эч кимге коркунуч салынбайт жана дүйнөнүн башка бир мамлекетин өзүнүн жоосу деп эсептебейт жана алардын бирөөсүнө же территориялык, же талапкерлик кылбайт жана эл аралык укук негиздери, өз ара коопсуздук пайдасына көңүл буруу жагдайында бардык мамлекеттер менен мамиле орнотууга даяр;
- ядросуздануу принциптерин колдоп-кубаттайт жана сактайт;
- ядро куралын жайгаштырбайт, иштеп чыгарбайт жана сатып албайт.

Өзбекстан ушул прициптерге амал кылып калбай, регионубузда тынчтык жана туруктуулук болуусун каалайт, ошон үчүн мүмкүнчүлүк болушунча күрөшөт жана буларга сөзсүз акыл-эстин жеңиши, өз эрки аркылуу жетишет, деп эсептейт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аскердик уюштуруучулук жөнүндө коргоо доктринасы Орто Азия регионунда өзүнө таандык көз караштары, аскердик кооптун жашыруун булактарын, азыркы заман согуштарына таандык мүнөз жана акыбеттерди эсепке алып, баш аскердик стратегиялык тапшырмаларды анык белгилейт. Бул тынчтык мезгилинде зарыл, жетерлүү даражада Республиканын территориялык бүтүндүгүн, анын суверенитетине багытталган ар түрдүү азгыруучулук жана чабуулду таптакыр жоготууну кепили мамлекеттин коргоо кудуретин сактоо, көз каранды эмес сыяктуу коллективдик коопсуздук Келишим Уюмуна мүчө мамлекеттердин Куралдуу Күчтөрү менен жолдоштукта баскынчыларга сокку берүү үчүн анын Куралдуу Күчтөрүн дайыма ар жактан даярдыгын камсыздоо дегени. Согуш кезинде — баскынчылыктын кепилдүү түрдө кайтарылуусу: өз күчтөрү сыяктуу Өзбекстан Республикасы менен ылайык келишимдер боюнча, байланыштуу башка мамлекеттердин аскердик күч-кудурети биримдигинде баскынчыга какшаткыч сокку берүү.

Коргоо доктринасы Куралдуу Күчтөр курулушу принциптерин белгилейт. Куралдуу Күчтөр Өзбекстан Республикасын коргоого күчү жетет. Андан башка, коргоо доктринасы Куралдуу Күчтөр алдында турган тапшырмаларды жогору деңгээлде аткаруу максатында оперативдүү жана күжүрмөн даярдык проблемаларынын жалпы формаларын, жеке курам таалим-тарбиясын артыкчалыгын көрсөтүп берген.

Докторинада Орто Азия региону азыркы кезде эл аралык террорчулук, диний экстремизм жана догматизмди таратууга, жергиликтүү мамлекеттерди өздөрү тандаган демократиялык мыктылоо жолунан кайтарууга чабуул борборлорунун өтө кызыкдар объектине айланып жатканын эсепке алынган. Мындай шартта мамлекеттин эң арктуу тапшырмасы Коргоо министрлиги, заманбап курал-жаракка ээ, профессионалдык тараптан жакшы даярдаган бөлүк жана бөлүнмөлөрдү уюштуруу, мамлекетинин жалаң коргоо жана коргоо системасын, бардык кошуун түрлөрү жана мекемелери өз ара жолдоштугунун ийгилик механизимин калыптандыруудан турат.

Кабыл кылынган доктрина таптакыр коргонуу айрыкчалыгына ээ болуп, Өзбекстан Республикасынын тынчтык сүйүүчү саясатынын баяндоосу. Докторинада министрлик жана мекемелер, мамлекет жана мамлекеттик эмес уюмдары, мекемелерди мамлекетти коргоо жөндөмдүүлүгүн камсыздоо жөнүндөгү ордун жана жоопкерчилиги белгилеп берилген. Докторина эрежелерин ишке ашыруу Мекенибиздин ар бир жараны үчүн ыйык милдет.

Регионубуздагы аскердик-саясий кырдаал, Куралдуу Күчтөрдө ишке ашып жаткан реформалар, жаштардын аскердик кызматка кызыгуусун күчөйүүсү мамлекетти коргоо кудуретин бекемдөө максатында «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» Мыйзам 2002-жылы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

декабрда болуп өткөн Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин II чакырык X сессиясында кайра редакциялаган түрдө кабыл алынды. Мыйзамда аскердик кызматты уюштуруу маселелери өнүктүрүлүп, аскердик кызматтын төмөнкү түрлөрү киргизилди:

- Мөөнөттүү аскердик кызмат;
- Мобилизациялык чакыруу резервинде аскердик кызмат;
- Контракт (келишим) боюнча аскердик кызмат;
- Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрү катарында аскердик кызматты өтөгөн резервчилер кызматы.

*Мөөнөттүү аскердик кызмат* жашындагы жарандардын жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар курамы мансабында, ошондой эле, мурда аскердик кызматты өтөбөгөн офицерлердин мыйзам документтеринде белгиленген мөөнөт үчүн Куралдуу Күчтөр катарындагы милдеттүү кызматы. Мөөнөттүү аскердик кызмат календарь эсебинде жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар үчүн 12 ай, жогорку билимдүү кишилер үчүн 9 ай кылып белгиленди.

Мыйзам негизинде аскердик кызматтын жаңы түрү — Мобилизациялык чакыруу резервинде аскердик кызмат жайылтууда. Мөөнөтүү аскердик кызматты өтөөгө жарамдуу жана чакырылуу мөөнөтүн кечиктирүү жана чакырылуудан азат кылынуу укугуна ээ болбогон, бирок Куралдуу Күчтөр катарына кезектеги мөөнөткө чакырылбаган кишилер мобилизациялык чакыруу резерви катарына алынат.

*Мобилизациялык чакыруу резервинде кызмат* территориялык жайлашуу негизинде айлык жыйындар түрүндө уюштурулат жана чакырылуучулар тарабынан Өзбекстан Республикасынын Каржы министрлигинин атайын эсеп барагына акча төлөө киргизилиши көздө тутулган. Мобилизациялык чакыруу резервинде кызмат катарына жарандар 27 жашка чыкканга чейин алынат жана ар жылкы аскердик жыйындарга катышууга мүмкүн, Өзгөчө кырдаалдар же Өзбекстан Республикасына каршы аскердик чабуул болгон тагдырда болсо, чыныгы аскердик кызматка чакырылат. Мобилизациялык чакыруу резервинде кызматын өтөгөн жарандар 27 жашка чыккандан кийин, Куралдуу Күчтөр резерви кызмат катарына алынат.

Мобилизациялык чакыруу резервинде кызмат катарына алынган кишилер төлөй турган акча төлөө өлчөмү жана аларды төлөө тартиби Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекиткен Жобо менен белгиленет. Бул акча каражаттары мөөнөттүү аскердик кызматтагы мөөнөттүү аскердик кызматчылардын акча жана материалдык камсыздыгын ашыруу, ошондой эле мобилизациялык чакыруу резервинде кызмат катарына алынган кишилердин аскердик жыйындарын өткөрүүгө максаттуу багытталган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мобилизациялык чакыруу резервиндеги кызматты уюштуруу жана өтөө тартиби Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан тастыкталган Өзбекстан Республикасынын жарандарын аскердик кызматты өтөө тартиби жөнүндөгү Жобо менен белгиленет.

Куралдуу Күчтөр реформасында профессионал армияны уюштуруу негизги стратегиялык тапшырма эсептелет. Ушул себептен, Куралдуу Күчтөрдү уюштурууда *контракт боюнча аскердик кызмат* өз алдынча мазмунга ээ.

Аскердик кызматты кесип катарында тандаган жарандар контракт боюнча аскердик кызматты жөнөкөй жоокерлер, сержанттар жана офицерлер курамы кызмат ордунда өтөшөт. Аскердик кызматты өтөө мөөнөттөрү жана негизги шарттары контрактта белгиленет. Алгачкы контракт кызматын жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар курамы кызмат ордунда өтөө боюнча 3 жыл, офицерлер курамы кызмат ордунда өтөө боюнча 5 жыл мөөнөткө түзүлөт. Аскердик кызматтын контрактта көздө тутулган мөөнөтү жогорку аскердик билим мекемелеринин курсанттары менен окуу мезгили үчүн келечекте алардын офицерлер курамы кызмат ордунда аскердик кызматты кеминде беш жыл милдеттүү өтөө шарты менен контракт түзүлөт.

Контракт мөөнөтү түгөнгөндөн кийин, тараптардын келишими менен, бул мөөнөтү жаңы контракт түзүү аркылуу узартуу мүмкүн. Контракт боюнча аскердик кызматты өтөө тартиби жана мөөнөтү Өзбекстан Республикасынын жарандарынын аскердик кызматты өтөө тартиби жөнүндөгү Жобо менен белгиленет.

Мыйзамда кызматтын дагы бир түрү сапатында Куралдуу Күчтөр катарында аскердик кызматты өтөгөн резервчилер кызматы көрсөтүлдү. *Резервчилер кызматы* чыныгы аскердик кызматты, аны менен бирге, Мобилизациялык чакыруу резервдеги кызматын өтөгөн жөнөкөй жоокерлер, сержанттар жана офицерлер курамынан түзүлөт. Бул Куралдуу Күчтөрдүн кошулмалары, бөлүктөрүн жана бөлүнмөлөрүн катарын согуш мезгилинде талап кылуу штаттар даражасына чейин толтуруу, ошондой эле, согуш мезгили талап кылган түзүлмөлөрдү күчөтүү максатында жалпы аскердик милдет негизинде синдирүү аскердик кызмат түрү.

Резервчилер сапатында кызматын өтөп жаткан аскердик кызматка милдеттүү тынчтык мезгилинде, эреже катарында, кошуундардын күжүрмөн даярдыгын сактап туруу, резервчилердин аскердик эсептеги адистиктери боюнча милдеттерин тынчтык жана согуш мезгилинде аткаруу зарыл болгон көнүгүүлөрдү сактап калуу жана өнүктүрүү максатында аскердик бөлүктөр базасында территориялык жайлашуу негизинде уюштурулат аскердик даярдык боюнча аскердик жыйындарды өтөөгө катышуусу мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Резервчилерди согуш мезгилинде дагы, тынчтык мезгилинде дагы Өзбекстан Республикасына каршы аскердик кол салууда жана мамлекет коопсуздугуна коркунуч туулганда, табигый апаттар жана Өзгөчө кырдаалдар акыбеттерине сокку берүүдө Өзбекстан Республикасы Президентинин Указы негизинде, бирикмелер жана бөлүктөр курамында күжүрмөн максаттар боюнча пайдалануу мүмкүн. Мындай абалдарда Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөр катарында аскердик кызматты өтөгөн резервчилерге мамлекет тарабынан маалым даражадагы жеңилдиктер берилет.

«Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» мыйзамдын 12—17-статьяларында жарандарды аскердик кызматка даярдоо тууралуу токтолуп өтүлгөн. Ушуну менен бирге чакырылуучулардын аскердик кызматка даярдоо иштеринде, Өзбекстан Республикасынын Коргоо министрлиги жана башка тутамдаш министрликтер дагы уюмдардын аста-секин алып баруулары керектүү болгон иштерин көрсөтүп өтөт. Мыйзамдын 13-статьясында ушул предмет милдеттүү экендигин дагы бул орто билим берүүчү мекемеси, академиялык лицей жана кесипөнөр коллеждеринде билим алып жаткан окуучуларга кайсы баскычтарда өтүлүшү, ошондой эле, бул предметтин мамлекет коопсуздугу, калктын тынч жашоосун камсыздоо максатында өздөштүрүүсү начар болгон окуучулар үчүн жергиликтүү акимчилик тарабынан коргоо-спорт-дене тарбия лагерлерин уюштуруу белгиленген.

Бүгүн бардык жагынан өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялап өстүрүү мамлекет саясатында патриоттук сезимде чоң мааниге ээ. Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү катарында мөөнөттүү кызматты өтөп аскердик бөлүк командиринин тиешелүү рекомендациясына ээ болгон жогорку билим мекемелерине окууга кирүүдө 50 % пайыздуу жеңилдикке ээ болот.

Мамлекетибиз президенти Ш.М. Мирзиёвтин 2017-жыл 4-апрелдеги Өзбекстан Республикасы Президентинин 2012-жыл 31-майындагы Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү катарындагы мөөнөттүү аскердик кызматты өтөп, болгон жарандарга берилип жаткан мындай жеңилдиктердин тизимин ыңгайлаштырууга кошумча шарт-чаралар жөнүндөгү токтомуна өзгөртүүлөр киритүү жөнүндөгү токтому дал ушул багыттагы аракеттеринин практикадагы көрүнүшү болот.

Мөөнөттүү кызматты өтөп кайткан жарандарга берилип жаткан мындай жеңилдиктер жаштарыбыздын арасында аскердик кызматтын кадырын дагы да көтөрүүдө, аскердик кызмат убагында мыкты билим жана даярдыкты ээлөөдө алар үчүн өз алдынча сыйлоочу ыңгай болоору шексиз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# *I БӨЛҮК.* АСКЕРДИК КЫЗМАТТЫН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

Бул бөлүмдө Өзбекстан Республикасынын «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» жана «Коргоо жөнүндөгү» Мыйзамдары, Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Өзбекстан Республикасы жарандарынын мобилизациялык чакыруу резервинде кызматын уюштуруу жөнүндөгү» токтому жана Өзбекстан Республикасы жарандарынын аскердик эсеби тууралуу Жобосу, аскердик кызматтан баш тарткан, болуп өткөн аскердик кылмыш үчүн, кызмат убагында тартип бузууга жол коюлганда дисциплинардык жана кылмыш жоопкерчилиги тууралуу жана Өзбекстан Республикасынын коргоо доктринасынын негизги эрежелери, тарбиялык иштер, Куралдуу Күчтөр курулушу, аскердик тартиптин негиздери жана аскердик баалуулуктар эрежелери, аскердик саламдашуу, жоокердин сапталыштан алдынкы жана саптагы милдеттери тууралуу маалымат берилген.

## *I БӨЛҮМ.* ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОРГОО ЖАНА АСКЕРДИК КЫЗМАТ ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДАРДЫН НЕГИЗДЕРИ

### *1.1. Өзбекстан Республикасынын Конституциясы Мекенди коргоо жөнүндө*

Өзбекстан Республикасынын Конституциясында коргоо, коопсуздук жана аскердик кызматка байланыштуу негиздери бир нече статьяларда жана XXVI бөлүмдө анык көрсөтүлгөн.

*1-статья.* Өзбекстан — Суверен демократиялык Республика. Мамлекеттин «Өзбекстан Республикасы» жана «Өзбекстан» деген аттары бир маанини билдирет.

*3-статья.* Өзбекстан Республикасы өзүнүн улуттук-мамлекеттик жана административдик-территориялык түзүлүшү, мамлекет акимчилигин жана башкаруу органдарынын системасын белгилейт, ички жана тышкы саясатын ишке ашырат.

Өзбекстандын мамлекеттик чек арасы жана аянты кол тийгис жана бөлүнбөйт.

*125-статья.* Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрү Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик Суверенитетин жана территориялдык бүтүндүгүн, калктын тынч жашоосун жана коопсуздугун коргоо үчүн түзүлөт.

Куралдуу Күчтөрдүн түзүлүшү жана аларды уюштуруу Мыйзам менен белгиленет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*126-статья.* Өзбекстан Республикасы өз коопсуздугун камсыздоо үчүн жетерлүү даражада Куралдуу Күчтөргө ээ.

*17-статья.* Өзбекстан Республикасы эл аралык мамилелердин толук укуктуу субъекти. Анын тышкы саясаты мамлекеттердин суверен теңдиги, күч иштетпөө же күч менен коркунуч салбоо, чек араларга эч кимдин тийгистиги, чыр-чатакты тынч жол менен чечүү, башка мамлекеттердин ички иштерине аралашпастык эрежелерин жана эл аралык укуктун жалпы билүү башка эрежелерине жана нормаларына негизделет. Республика мамлекеттин, элдин жогорку пайдалары,аман-эсендигин жана коопсуздугун камсыздоо максатында биригүү, достук жана башка мамлекеттер ара системаларга кирүү жана алардан ажыралып чыгуу мүмкүн.

*52-статья.* Өзбекстан Республикасын коргоо — Өзбекстан Республикасынын ар бир жаранынын бурчу. Жарандар Мыйзамда белгиленген тартипте аскердик же мобилизациялык кызматын өтөөгө мажбур.

*93-статья.* 18. Өзбекстан Республикасына кол салынганда же диверсиядан өз ара коргоо тарабынан түзүлгөн келишим милдеттерини аткаруу зарылдыгы туулганда согуш абалы жарыяланат жана кабыл кылынган токтом үч күн ичинде Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси палатасы тастыгына киргизет.

19. Өзгөчө кырдаалдар (реал сырткы кооп, жалпы тартипсиздиктер, чоң кырсыктар, табигый кырсык, эпидемиялар) болгон учурда жарандардын коопсуздугун камсыздоону көздөп, Өзбекстан Республикасынын бардык жерлеринде же анын айрым жайларында кырдалдуу абал жарыяланат жана кабыл кылынган токтомду үч күн ичинде Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин палатасы тастыгына киргизет. Кырдалдуу абалды жарыялоо шарттары жана тартиби Мыйзам менен белгиленет.

20. Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Жогорку Башкы Командачысы эсептелет, Куралдуу Күчтөрдүн Жогорку командирлерди дайындайт жана милдетинен бошотот, жогорку аскердик наамдар берет.

## *1.2. Өзбекстан Республикасынын «Коргоо жөнүндөгү» Мыйзамы, Коргоо түшүнүгү*

Өзбекстан Республикасы Суверенитетин, анын территориялык бүтүндүгүн, чек арага эч кимдин тийгистигин сактоо Куралдуу Күчтөрдүн негизги тапшырмасы болуп, эгемендүүлүктүн алгачкы күндөрүндө бул эң кызуу убак маселелеринен болгондуктан Олий Мажлис тарабынан кабыл алынган. «Коргоо жөнүндөгү» Мыйзам биринчи Президентибиз И. Каримов тарабынан 1992-жылы 3-июлда кол коюлду жана региондогу өзгөрүүлөр, тышкы жана ички саясатты эсепке алган жагдайда ушул Мыйзамга өзгөртүрүүлөр жана кошумчалар киргизилип, анын жаңы редакциясы тастыкталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Коргоо жөнүндөгү» Мыйзамдын негизги тапшырмалары коргоону уюштурууну жана Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн башкаруунун укуктук негиздерин белгилейт, мамлекет коргоосун камсыздоодо мамлекет органдарынын укуктарын (полномочие), ошондой эле, жарандардын өзүн өзү башкаруу органдары, ишканалар, мекемелер, уюмдар жана жарандар каттоосун аныктап берет.

Коргоо дегенде Өзбекстан Республикасынын Суверенитети, территориялык бүтүндүгүн, калктын тынч жашоосун жана коопсуздугун коргоону камсыздоонун саясий, экономикалык, аскердик, социалдык-укуктук, информация, уюштуруу жана башка чаралар топтому түшүнүлөт.

Коргоо чөйрөсүндөгү мамлекет саясатынын негизги принциптери төмөнкүлөрдөн турат: башка мамлекетке каршы аскердик күч иштетпөө, чабуулдун алдын алуу жана аны жок кылуу, ошондой эле, Өзбекстан Республикасы тиешелүү келишимдер менен байланыштагы мамлекеттерге жардам көрсөтүү абалы мындан алып ташталат; эл аралык укук нормаларына ылайык түрдө коллективдик коопсуздук тизиминде катышуу; аскердик-саясий блокторго кошулбастык; аскердик курулушунун заманбап согуштар жана Куралдуу Күчтөрдүн, экономиканын, калктын, региондогу чабуулду жок кылууга дайым даяр туруу; ядролук жана башка түрдөгү жалпы кыргын куралдарын иштеп чыгарууну, кайра иштөөнү, алууну, сактоону, таркатууну жана жайлаштырууну макулдабайт; коргоонун жетерлүү даражада болуусун; аскердик кызмат сыймыктуу экендигин камсыздайт.

Коргоону уюштуруу төмөнкүлөрдү өз ичине алат: чабуулдун алдын алуу жана кайтарууга, Өзбекстан Республикасына кол салуулардан уюшкан абалда куралдуу коргонууга каратылган зарыл шарттар жаратуу; коргоо тараптан бирден-бир мамлекет саясатын ишке ашыруу, мамлекет аскердик түзүлүшүн заманбап талаптарга ылайык өнүктүрүү; коргоо тапшырмаларын чечүү үчүн бардык күчтөр жана ыкмаларынын ылайыкташтырылып барылуусун жана жолдоштукта аракет кылууну камсыздоо; аскердик-саясий кырдаал, улуттук коопсуздукка болгон анык жана потенциал коркунучтар мониторинг жүргүзүү; Өзбекстан Республикасын согушка жана куралдуу окуяларга тартылуунун алдын алуу тарабынан саясий, экономикалык, аскердик, социалдык-укуктук, информация, уюштуруу жана башка чаралар көрүү; Куралдуу Күчтөрдүн курулушу, даярдуулугу, дайым даяр жагдайда сактап туруусу, алардын саны, түзүлүшү жана курамын ыңгайлаштыруу Куралдуу Күчтөрдүн тиешелүү аракет түрү заманбап курал-жарактар, аскердик техника, аскердик-техникалык жана буюм мүлктөр, азык-түлүк, башка материалдык-техникалык ыкмалар, энергетика жана башка ресурстар менен камсыздоо, алардын запастарын пайда кылуу; Куралдуу Күчтөрдү колдонууну пландаштыруу; коргоо тапшырмаларын чечүү үчүн тышкы саясий багыттагы чараларды



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрүү; элди жана аянтты коргоого даярдоо; Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик чек арасын күзөтүүнү жана коргоону камсыздоо; элди, экономикалык жана жашоо үчүн зарыл болгон объекттерди жалпы кыргын куралдарынан коргонуу чараларын өткөрүү; Куралдуу Күчтөрдүн, мамлекет экономикасынын, мамлекет органдары, жарандарынын өзүн-өзү башкаруу органдары, ишканалар, мекемелер жана уюмдардын, ошондой эле калктын мобилизациялык даярдыгын; мамлекет жана мобилизациялык запастары үчүн материалдык байлыктар запастарын пайда кылуу; коргоонун илимий, илимий-техникалык, агартуу, аскердик өнөржай, экономикалык, информация жана мыйзамчылык базасыны өнүктүрүү; элди саясий-ахлактуу жана аскердик-патриотизм рухунда тарбиялоо жана Куралдуу Күчтөр жеке курамын мамлекетти коргоого ахлакий-руханий жактан даярдоо; мамлекет коргоосун уюштурууга тиешелүү башка чаралар.

*Согуш абалы* Өзбекстан Республикасына кол салынганда же диверсиядан өз ара коргоонуу тарабынан түзүлгөн келишим милдеттерини аткаруу зарылдыгы туулганда мыйзамда белгиленген тартипте жарыяланат. Өзбекстан Республикасы аянтына кошуундар кокустан кол салганда же бастырып киргенде аскердик округдар кошуундарынын командачылыгы жана жергиликтүү мамлекет акимчилик органдары согуш абалы жарыя кылынышын күтпөй кол салууну же баскынды жок кылуу бардык чараларыны көрүү шарт.

*Согуш мезгили* согуш абалы жарыя кылынган убакыттан же аскердик аракеттер амалда башталып кеткен кезден башталат аны менен бирге аскердик аракеттер токтотулгандыгы жарыя кылынган убакыттан баштап, бирок, мындай аракеттер амалда токтотулганынан кийин аяктайт. Согуш мезгили шартында Куралдуу Күчтөр Жогорку Баш Команданы тарабынан Куралдуу Күчтөргө жана мамлекеттин экономикасына жетекчиликти ишке ашыра турган укуктук орган түзүлүшү мүмкүн.

Согуш абалы жарыяланышы же Өзгөчө кырдаал орнотулушу менен жалпы же толук эмес мобилизация жарыяланышы мүмкүн. Мобилизациялык чараларына даярдык көрүү жана аларды өткөрүү тартиби мыйзам документтери менен белгиленет.

Территориялык коргоо Өзбекстан Республикасынын Мамлекет чек арасын сактоо жана коргоо, элди, объекттер жана коммуникацияларды жоо чабуулунан, диверсия жана террорчулук аракеттеринен коргоо максатында, ошондой эле кырдалдуу абал режимин сактап туруу үчүн уюштурулат жана ишке ашырылат. Территориялык коргоону камсыздоого катыштыруу күчтөрүнүн тапшырмалары, шериктештиктеги аракеттеринин уюштурулушу жана тартип мыйзам документтери менен белгиленет.

Куралдуу кагышуулар — чектелген тегеректеги аскердик чыр-чатактар (аракеттер жана куралдуу кагышуулар) эсептелет, мында согуш абалы жарыя кылынбайт. Куралдуу кагышуулар келип чыккан жана Өз-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бекстан Республикасы бул окуяларга тартылган тагдырда Куралдуу Күчтөр токтоосуз аларды жөнгө салуу чараларын көрөт.

Өзбекстан Республикасынын территориялык бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүн коргоо — Өзбекстан Республикасы жарандарынын Конституциялык бурчу саналат. Өзбекстан Республикасынын жарандары мыйзамда белгиленген тартипте аскердик же мобилизациялык кызматын өтөөгө, ошондой эле, өз мүлкүндөгү имараттар, транспорт жана байланыш ыкмалары дагы башка мал-мүлктөрүн согуш мезгилинде коргоо керектиги үчүн мыйзамда белгиленген тартипте берүүгө милдеттүү, кылынган каражаттардын ордун Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте кейинчерээк капталат. Жарандар мамлекет коргоо жөндөмдүүлүгүн бекемдөөгө көмөктөшүүчү жамаат бирикмелерин түзүү укугуна ээ.

Өзбекстан Республикасы эл аралык укуктун жеке тартипте жана коллектив көрүнүшүндө сактануудан ишке ашыруу укугун бекемдөөчү жалпы таанылган нормалары жана принциптерине негизделип, аскердик курулуш, тынчтык жана коопсуздукту сактап туруу майданында башка мамлекеттер менен шериктештиктеги ишке ашырат.

## *II БӨЛҮМ.* АСКЕРДИК КЫЗМАТТЫН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

### *2.1. Өзбекстан Республикасынын «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» Мыйзамы. Жалпы аскердик милдет түшүнүгү жана анын мааниси. Аскердик кызматтын түрлөрү*

Мамлекетте алып барылып жаткан реформаларды өнүктүрүү Республика Куралдуу Күчтөрүндө дагы барктуу өзгөрүүлөр кылууга себеп болду. Мисалы, 2002-жыл 12-декабрда кабыл алынган жаңы редакциядагы «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» Мыйзамды көрүү мүмкүн. Анын негизинде, Мыйзам жарандардын Өзбекстан Республикасын коргоого милдеттүү аскердик даярдыктан турат аны менен бирге Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү катарын толтурууну жана алардын резервин даярдоону камсыздоо максатында таратылат.

Жалпы аскердик милдет жарандарды аскердик кызматка даярдоону, аскердик кызматка чакырууну (кирүүнү), чакыруу же контракт боюнча аскердик кызмат өтөөнү, резервдеги кызматты, мобилизациялык кызматты, аскердик тизмеден өтүү эрежелерин сактоону, өзгөчө кырдаалдарда же Өзбекстан Республикасына каршы чабуул болгон учурда, элди коргоо чараларын курчап алат.

«Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» Мыйзамга ылайык, Өзбекстан Республикасынын төмөнкү жарандары, айрыкча:

- Аскердик кызматка чакырыла турган жана район (шаар) чакыруу участкаларында каттоодон өткөн кишилер — *чакырылуучулар*;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

• Чыныгы аскердик кызматтагы кишилер — *аскердик кызматчылар*;

• Куралдуу Күчтөрдүн резервиндеги же запастагы кишилер — *аскердик кызматка милдеттүү*;

• Ар түрдүү себептерге көрө, аскердик тизмеге алынбаган же аскердик тизмеден чыгарылган, ошондой эле, отставкадагы (кызматтан такыр бошонгон)кишилер — *аскердик кызматка милдеттүү болбогон кишилер*, деп аталат.

Жалпы аскердик милдет Өзбекстан Республикасы территориясында туруктуу же убактылуу жашап турган чет эл жарандары жана жарандыгы болбогон кишилер аскердик кызматка чакырылбайт. Аскердик кызматка биринчи жолу чакырылган же ыктыяры менен (контракт боюнча) кирген жарандар Өзбекстан Республикасынын элине жана Президентине берилгендик туурасында аскердик ант кабыл кылат.

Мурда аскердик ант кабыл кылбаган аскердик кызматка мажбур жыйындарга катыштыруу же мобилизация боюнча чакырылганында, аскердик ант кабыл кылат. Аскердик кызмат Өзбекстан Республикасынын жарандарынын Куралдуу Күчтөр катарында жалпы аскердик милдетин аткаруу жөнүндөгү мамлекет кызматынын өз алдынча түрү. «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» Мыйзамдын негизинде, аскердик кызматынын төмөнкү түрлөрү белгиленген:

— Мөөнөттүү аскердик кызмат;

— Мобилизация чакыруу резервинде аскердик кызмат;

— Контракт боюнча аскердик кызмат;

— Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү катарында аскердик кызматты өтөгөн резервчилер кызматы.

Тынчтык мезгилинде жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар курамы кызмат катарында мөөнөттүү аскердик кызматка, ошондой эле, мобилизациялык чакыруу резервинде кызматка он сегиз жаштан жыйырма жети жашка чейинки болгон, саламаттыгына көрө, Куралдуу Күчтөр катарында аскердик кызматты өтөөгө жарамдуу эркек жарандар чакырылат. Мөөнөтүү аскердик кызматта чакырылуу жашындагы жарандардын жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар курамы кызмат катарында, ошондой эле, мурда аскердик кызматты өтөбөгөн офицерлердин мыйзам документтеринде белгиленген мөөнөт аралыгында Куралдуу Күчтөр катарындагы милдеттүү кызматы.

Мөөнөттүү аскердик кызмат мөөнөттөрү календарь эсебинде:

• мөөнөттүү аскердик кызматты жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар курамы кызмат катарында өтөп жаткан аскердик кызматчылар үчүн — *он эки ай* (жогорку билимдүү кишилер үчүн — *тогуз ай*);

• офицерлер кызмат орундарында, мөөнөттүү аскердик кызматты, өтөп жаткан офицерлер курамы үчүн — тогуз ай кылып белгиленген.

Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси тарабынан 2002-жыл 12-декабрда жаңы кабыл алынган «Жалпы аскердик милдет жана аскердик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кызмат жөнүндөгү» мыйзамга негизинен жарандардын мөөнөттүү аскердик кызматка аны менен бирге мобилизациялык чакыруу резервинде кызматка чакырылуу Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомуна негизделип, жылына эки жолу: апрель-май жана октябрь-ноябрь айларында өткөрүп келинген. Өзбекстан Республикасынын Президентинин 2008-жыл 20-ноябрдагы «Жарандардын Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө Мөөнөттүү аскердик кызматты өтөө шарттарын өнүктүрүү чаралары жөнүндөгү» Указына көрө, Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн кошумча өнүктүрүү максатында жылына бир жолу — февраль-март айларында чакырылуу белгиленет.

### *2.2. Аскердик кызматка чакыруу мөөнөтүн кечиктирүү. Аскердик кызматка чакыруудан бошотуу. Жарандарды чакыруу участкаларында каттоо. Жарандардын аскердик тизмеден өтүү боюнча милдеттери*

Өзбекстан Республикасынын Президентинин токтому чакыруу башталышына жок дегенде бир ай калганда, массалык информация ыкмаларында жарыяланат. Президентин токтому жарыялангандан кийин чакырылуучулар, убактынча тизмеде турган чакырылуучулар чакыруу кагазда көрсөтүлгөн мөөнөттө чакыруу пунктунда болуу шарт. Мөөнөттүү аскердик кызматты же мобилизациялык чакыруу резервинде кызматын өтөбөгөн жана аскердик тизмеде турбаган чакырылуу жашындагы жарандар, ошондой эле, туруктуу турак жайынан убактылуу башка жайга жөнөп кеткен жана ошол жерде аскердик тизмеде турбаган чакырылуучулар коргоо иштери органдарына катышуусу шарт.

Он сегиз жашка толгон жана жашы он сегизден ашкан чакырылуучулардын аскердик тизмеден туруу жайын өзгөртүрүүгө Өзбекстан Республикасынын Президентинин кезектеги чакыруу жөнүндөгү токтому жарыяланганга чейин жол коюлат.

Өзбекстан Республикасынын Президентинин токтому жарыя кылынгандан кийин чакырылуучулар аскердик тизмеде туруу жайын гана төмөнкү абалдарда өзгөртүрүүсү мүмкүн:

— башка ишке өткөзүлө турган болсо;

— жаңы турак жайга көчүп өткөн болсо;

— билим мекемесине окууга кирген жана билим алууну улантуу үчүн кетип жаткан болсо.

Ушул көрсөтүлгөн негиздеринин бар болгону коргоо иштери органына тартууланган документтерде тастыкталуусу керек.

Жарандар коргоо иштери органдары тарабынан белгиленген мөөнөткө чакыруу участкаларына келбегенде, төмөндөгүлөр үзүрлүү себеп эсептелет:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

• жарандын чакыруу участкасына келүүгө мүмкүндүк бербеген оорусу;

• жакын тууганын (атасы, апасы, ага-иниси, эже-карындашы, аялы, баласы) казаа болгону же катуу оорусу;

• жаранга байланыштуу болбогон жагдайда анын чакыруу участкасына келүүгө мүмкүндүк бербеген табигый кырсык же башка абалдар. Келбегендик себептерине тиешелүү болгон документтер менен тастыкталуусу керек.

Тынчтык мезгилинде төмөндөгү жарандар мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылбайт:

1) чакырылуучунун ата-энеси эмгекке жараксыз болуп, аларды багуу шарт болгон эмгекке жарактуу жашка жеткен башка уулу болбосо;

2) чакырылуучунун эмгекке жарактуу жалгыз апасы же атасы болуп, алардын карамагында он алты жашка чыкпаган эки жана андан көп баласы болгон жагдайда эмгекке жарактуу жашка жетпеген башка уулу болбосо;

3) чакыруу күнүндө чакырылуучунун бир тууган ага-инилеринен бири мөөнөттүү аскердик кызматты өтөп жаткан болсо;

4) чакырылуучунун апасыз тарбияланып жаткан жашы жетпеген бир баласы болсо;

5) чакырылуучунун биринчи же экинчи группа майып аялы жана жашы жетпеген эки жана андан көп баласы болсо;

6) иши тарабынан сүрүштүрүү же баштапкы тергөө алып барылып жаткан же кылмыш иши сотто көрүлүп жаткан кишилер.

Чакырылуучунун ата-энеси каза болгону, алар узак мөөнөт ооруганы тууралуу же башка үзүрлүү себептерге көрө, кеминде беш жылдан бери өз карамагында сакталган кишилер анын ата-энесине тең.

Жалпы билим берүүчү мектептеринде, академиялык лицей жана кесип-өнөр колледжеринде, ошондой эле, жогорку билим мекемелеринде күндүзгү окууда билим алып жаткан студенттер окууну улантуу үчүн алардын чакырылуу мөөнөтү окууну бүтүргөнгө чейин кечиктирилет. Таалим мекемелеринен окуудан чыгарылган кишилер чакырылуу мөөнөтүн кечиктирүү укугунан айрылат.

Чакырылуу мөөнөтүн кечиктирүү негиздерин жоготкон чакырылуучулар, ошондой эле, «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» Мыйзамга ылайык, чакырылуу мөөнөтүн кечиктирүү укугун чакырылуудан бошотуу үчүн негиздерге ээ болбогон жана ар түрдүү себептерге көрө, мөөнөттүү аскердик кызматка же мобилизациялык чакыруу резервинде кызматка чакырылбаган кишилер чакырылуу күнү жыйырма жети жашка чыкканга чейин, Куралдуу Күчтөрдүн катарына кезектеги чакыруу мезгилинде чакырылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тынчтык мезгилинде мөөнөттүү аскердик кызматка аны менен бирге мобилизациялык чакыруу резервинде кызматка чакырылуудан төмөнкүлөр бошотулат:

1) саламаттыгына көрө, аскердик кызматка жараксыз деп табылган чакырылуучулар;

2) жакын тууганларынан бири (ага-иниси, эже-карындашы) аскердик кызматты өтөө убагында курман болгон же каза болгон чакырылуучулар;

3) тизмеден өткөн диний уюмдардын биринде мансап (рутба) ээси болгон чакырылуучулар.

Жогоруда көрсөтүлгөн кишилер өз ыраазылыктары менен аскердик кызматка чакырылуулары мүмкүн. Кылмыш жоопкерчилигине тартылган ошондой эле, соттолгондук абалы түгөтүлбөгөн же соттолгондугун алып ташталбаган жарандар аскердик кызматка чакырылбайт.

Өзбекстан Республикасында аскердик кызмат талаптарына жооп берүүчү төмөнкү жарандар өз ыктыяры менен (контракт боюнча):

• оттуз жашка чейинки болгон, аскердик эсептеги адистик боюнча тиешелүү болгон кесиптик даярдык көрбөгөн аскердик кызматка мажбур аялдар — жөнөкөй жоокерлер курамы мансабына аскердик кызматка;

• мурда контракт боюнча аскердик кызматты өтөгөн жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар курамы кырк жашка чейинки болгон аскердик кызматка мажбур, ошондой эле, мөөнөттүү аскердик кызматты же мобилизациялык чакыруу резервинде кызматын өтөгөн жана аскердик эсептеги адистик боюнча тиешелүү болгон кесиптик даярдыкка ээ оттуз жашка чейинки болгон аскердик кызматка мажбур — жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар курамы мансабына аскердик кызматка;

• жашка чейинки болгон аскердик кызматка мажбур аялдар — жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар курамы мансабына аскердик кызматка;

• он жетти жаштан жыйырма бир жашка чейинки болгон жарандар, ошондой эле, окууга кабыл алынган жылы он жетти жашка чыга турган жарандар, ошондой эле, аскердик билим мекемелеринде окууну каалаган, офицерлер курамы аскердик наамдарына ээ болбогон, он сегиз жаштан жыйырма беш жашка чейинки болгон аскердик кызматчылар жана аскердик кызматка мажбур — аскердик билим мекемелеринин курсанттары катарында аскердик кызматка;

• кырк жашка чейинки болгон резервдеги жана запастагы офицерлер, офицерлер курамы мансабына аскердик кызматка кирет.

Жарандар аскердик кызмат көздө тутулган министрлик, мамлекет комитети жана мекемеси менен аскердик кызматты өтөө жөнүндө контракт түзүшөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *III бөлүм.* «АСКЕРДИК КЫЗМАТТЫ ӨТӨӨ. РЕЗЕРВДЕГИ КЫЗМАТ

### *3.1. Аскердик кызматты өтөө. Резервдеги кызмат*

Өзбекстан Республикасынын жарандарынын аскердик кызматты өтөө тартиби «жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү» Мыйзам менен, аскердик кызматты өтөө тартиби жөнүндөгү Жобо менен белгиленет.

Аскердик кызматта болуу жашынын чек арасы:

- контракт боюнча аскердик кызматты өтөп жаткан жөнөкөй жоокерлер (матростор), сержанттар (старшиналар) үчүн — кырк беш жаш;
- кенже офицерлер үчүн — кырк үч жаш;
- ага офицерлер үчүн — кырк беш жаш, полковниктер (биринчи даражадагы капитандар) үчүн — элүү жаш;
- генерал-майор, генерал-лейтенант аскердик наамдарындагы офицерлер үчүн — элүү беш жаш; генерал-полковник аскердик наамдарындагы офицерлер үчүн — алтымыш жаш деп белгиленет;
- илимий даражасы жана илимий наамдарына, ошондой эле, жогорку кесиптик даярдыгы, ээлеп турган мансабында чоң практикалык жумуш тажрыйбасы болгон, саламаттыгына көрө, аскердик кызматты өтөөгө жарактуу аскердик кызматчыларыдын кызмат мөөнөтү аскердик кызмат көздө тутулган министрлик, мамлекет комитеттери жана мекемелер башчы тарабынан аскердик кызматта болуу жашынын чек арасынан беш жылга чейин болгон мөөнөткө узарттыруу мүмкүн.

Аскердик кызматтын башталышы деп:

- аскердик кызматка чакырылган чакырылуучулар аны менен бирге запастагы офицерлер үчүн — аскердик бөлүккө жөнөө максатында коргоо иштери органында болгон күн;
- контракт боюнча аскердик кызматка киргендер үчүн аскердик кызматты өтөө жөнүндөгү контракт күчкө кирген күн;
- аскердик билим мекемелерине, ошондой эле, министрлик, мамлекет комитеттери жана мекемелерине окуу аскердик кызматка тендештирилген билим мекемелерине окууга кирген чакырылуучулар, аскердик кызматка мажбур болгондор үчүн — тиешелүү болгон билим мекемесине окууга кабыл алынган күн эсептелет.

Аскердик кызматтан резервке бошотулуу же отставкага чыгарылышы менен аскердик бөлүк курамы тизмесинен чыгарылган күн аскердик кызматчы үчүн аскердик кызмат түгөнгөн эсептелет.

Төмөнкү абалдар мындан тышкары, эгер аскердик кызматчы:

- стационар дарылanууда болсо;
- боюнда болсо жана декреттик отпуск (аскердик кызматчы аялдар) же баланы багуу отпускасында болсо;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

• туткунда болсо, башы барымтага кармалган болсо;

• белгисиз жоголгон болсо, мыйзамда белгиленген тартипте дарексиз жоголгон деп табылганга чейин же каза болгон, деп жарыя кылынганына чейин, ошондой эле, Өзбекстан Республикасынын жарандарынын аскердик кызматты өтөө тартиби жөнүндөгү Жободо белгиленген башка абалдарда.

Аскердик кызматчыны чыныгы аскердик кызматтан бошотуу төмөнкү негиздерге көрө ишке ашырылат:

1) Аскердик кызматчылардын аскердик кызматта болуусу белгиленген жашка жеткенде;

2) Мөөнөттүү аскердик кызмат мөөнөтү түгөнгөндө;

3) Контракт мөөнөтү түгөнгөндө;

4) Штаттар кыскарганда же башка уюштуруу-штат чаралар мамилелери менен аскердик кызматчынын кызматта пайдалануу мүмкүнчүлүгү болбой калганда;

5) Саламаттыгына көрө, аны аскердик-медициналык комиссия аскердик кызматка жараксыз, деп тапкандыгы менен;

6) Мыйзам документтерине ылайык, тараптардын биринин демилгесине көрө, контракт мөөнөтүнөн алдын кылынган мамилеси менен;

7) Аскердик билим мекемесинен окуудан чыгарылгандыгы менен;

8) Мансабына ылайыксыз болуп калганда;

9) Өзбекстан Республикасынын жарандыгынан ажыраганда;

10) Аскердик кызматчы аскердик наамдарынан ажыраганда;

11) Сот өкүмү мыйзамдык күчкө киргенде.

Аскердик кызматчылар аскердик кызматтан резервке бошотулат, аскердик кызматтан бошотулуу кезинде резервде болуу жашынын чек арасына жеткен же аскердик кызматка жараксыз, деп табылган аскердик кызматчылар, отставкага чыгарылып, аскердик тизмеден чыгарылат.

### Резервдеги кызмат

2003-жылдын апрелинде кабыл алынган Өзбекстан Республикасынын «Куралдуу Күчтөрү резервинде кызмат жөнүндөгү» Мыйзамын 3-статьясында резервдеги кызмат жөнүндө төмөнкүдөй берилет: «Чыныгы аскердик кызматты, ошондой эле, мобилизациялык чакыруу резервинде кызматын өтөгөн жөнөкөй жоокерлер, сержанттар жана офицерлер аскердик кызматка милдеттүүлөр үчүн Куралдуу Күчтөрдүн негиздерине, бөлүктөрү жана бөлүнмөлөрү катарын согуш мезгилинде, талап кылуу штаттар даражасына чейин толтуруу, ошондой эле, согуш мезгилинде талап кылуу түзүлмөлөрүн күчөтүү максатында жалпы аскердик милдеттин негизинде сиңдирүү жарандардын аскердик кызматы».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Резервдеги аскердик кызматка милдеттүүлөр жашына карап, эки даражага бөлүнөт:

| Аскердик кызматчылар | 1-даража | 2-даража |
|---|---|---|
| Жөнөкөй жоокерлер жана сержанттар | 35 жашка чейинки | 45 жашка чейинки |
| Кенже офицерлер | 35 жашка чейинки | 45 жашка чейинки |
| Ага офицерлер | 45 жашка чейинки | 55 жашка чейинки |
| Генералдар | 50 жашка чейинки | 60 жашка чейинки |

Экинчи даража резервинде болуу жашынын чек арасы резервдеги аскердик кызматта болуу жашынын чек арасы эсептелет. Резервте болуу жашынын чек арасына жеткенде же ден соолугуна байланыштуу, белгиленген тартипте согуш доорундагы аскердик кызматка жараксыз деп табылган аскердик кызматка милдеттүүлөр коргоо иштери органдары тарабынан отставкага чыгарылып, аскердик тизмеден өчүрүлөт.

Куралдуу Күчтөр резервинде аскердик кызматка мажбур биринчи жана экинчи категорияга бөлүнөт. Биринчи категориялуу резерв Куралдуу Күчтөрдүн күжүрмөн кошулма жана бөлүктөрү, күжүрмөн камсыздоо бөлүнмөлөрү катарын согуш мезгилинде талап кылуу штаттар даражасына чейин толтуруу үчүн максатталган.

Биринчи категориялуу резерв кызматынын өзү дагы биринчи жана экинчи кезекке бөлүнөт. Биринчи кезектеги резерв сабы Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнө тиешелүү болгон бөлүктөрү, кошулма жана бөлүнмөлөрүнө бириктирилип коюла турган, эң жакшы даярдык көргөн резервчилер арасынан «Куралдуу Күчтөр катарын согуш мезгилинде талап кылуу штаттар даражасына чейин толтуруу үчүн максатталган болуп, күжүрмөн максаттарда колдонуусун пландаштырылат. Экинчи кезектеги резерв сабы Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрү курамындагы бөлүктөр, кошуундар жана башкалардын күжүрмөн камсыздоо бөлүнмөлөрүнө бириктирилип коюлбаган резервчилер арасынан толтурат, зарыл болгондо, биринчи кезектеги резервчилер арасынан толтурат, зарыл болгондо биринчи кезектеги резервчилер катарын толтуруп туруу үчүн пландаштырылган болот. Демек керек болгондо бул экинчи кезектеги резерв сабынан биринчи кезектеги резерв кызматы катарына өткөрүлөт.

Экинчи категория резерв Куралдуу Күчтөрдүн бөлүктөрү аны менен бирге ички жана техникалык камсыздоо бөлүнмөлөрүнүн согуш мезгилинде талап кылуу штатар даражасына чейин толтуруу үчүн, Өзгөчө кырдаалдар болгондо же Өзбекстан Республикасына каршы аскердик чабуул болгондо, согуш мезгили талап кылган түзүлмөлөрдү күчөтүү үчүн максатталган.

Аскердик кызматты өтөгөн жана резервде турган аскердик кызматка милдеттүү — резервчилер, деп аталат. Резервчилер коргоо иштери органдары тарабынан аскердик тизмеге алынат. Ошону менен бирге, резерв-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чилер жана алардын категорияга таандыгы коргоо иштери органдары тарабынан тандалат. Резервчилерди тандоодо жана эсепке алууда алардын адистиги, үй-бүлөлүк абалы, аскердик даярдык даражасы, интеллектуал ою аны менен бирге дене тарбиялык көрсөткүчү ишеничке алынган жагдайда территориялык принцип негизинде ишке ашырылат.

Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрү катарын согуш мезгилинде талап кылуу даражада толтуруу жана күчөтүү үчүн зарыл болгон резервдеги офицерлер жетпей калса, алар жогорку билим мекемелеринин аскердик кафедралары жана факультеттерин бүтүргөн, офицерлер даярдоо программасын толук өтөгөн, запастагы офицерлер арасынан тандап алынат.

Резерв кызматына тандап алынган резервчилерди даярдоо жараянында Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Бириккен штабы жалпы жетекчилик кылат. Резервчилерди даярдоо төмөнкү абалдарда ишке ашырылат:

— Резервчилерди мобилизациялык мезгилинде белгилеп коюлган штат мансабына даярдоо;

— Мобилизациялык планга көрө зарыл адистиктер боюнча кайра даярдоо;

— Согуш мезгилинде штаттар даражасын күжүрмөн тартипке салуу;

— Белгиленген айрым чараларды аткарууну сөзсүз текшерүү үчүн;

— Курал-жарактарды үйрөнүү, андан пайдалана алуу, сактоо, куралжарактардын жаңы түрлөрүн өздөштүрүү.

Резервчилерди аскердик жыйындарга катыштыруу маалында, Өзбекстан Республикасынын аракеттеги Мыйзамдарына ылайык, Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген ченемде акча жана башка түрдөгү камсыздоону алат, аскердик жыйын мезгилинде алардын жумуш орду, мансабы, орточо иш акы сакталат;

— жумуш берүүчү аскердик жыйынга чакырылган резервчинин жыйын мезгилинде бошотулуусу, эмгек келишимин бекер кылуу мүмкүн эмес. Ишкана же мекеменин таратылуу абалдары буга кирбейт.

— аскердик жыйын мезгилинде резервчи ооруп калса жана оору жыйын түгөнгөндөн кийин дагы уланса, жумуш орду сакталып калат, жыйын түгөнгөн күндөн баштап убактынча эмгекке жараксыздык пенсиясы төлөнөт.

Резервчилер жыйын жайына автомобиль (таксиден тышкары), темир жол транспорттору аркылуу төлөөсүз жүрүүлөрү;

— каттарды акысыз жиберүүлөрү;

— аскердик медицина мекемелеринде акысыз дарылануу мүмкүн.

Алардын жашоолору аскердик жыйындар мезгилинде мамлекет тарабынан милдеттүү камсыздандырылат. Аскердик жыйындарга катнашуу мезгилинде резервчилер мөөнөттүү аскердик кызматтагы аскердик кызматчылар үчүн белгиленген башка укук жана жеңилдиктерден дагы пайдаланат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аскердик кызматка милдеттүү резервде болуу убагында мобилизациялык чаралар боюнча аскердик жыйындарга катышат. Резервдеги аскердик кызматка милдеттүүлөргө максатталган аскердик жыйындардын мөөнөтү ар жылы биринчи категориялуу резервдегилер үчүн оттуз күнгө чейин, экинчи категориялуу резервдегилер үчүн он беш күнгө чейин болуу мүмкүн.

Резервдеги жана запастагы аскердик кызматка мажбурлар Өзбекстан Республикасынын нормал жашоосуна коркунуч салып жаткан өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу же алардын акыбеттерине сокку берүү үчүн Министрлер Кабинетинин токтому негизинде эки айга чейинки мөөнөткө аскердик жыйындарга тартуу мүмкүн.

### *3.2. Мөөнөттүү аскердик кызматчыларга бериле турган жеңилдиктер*

Аскердик кызматчынын укуктары жана алардан пайдалануу тартиби Өзбекстан Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет. Кээ бир киши аскердик кызматчынын Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен кепил болгон укуктарынан чектөө укугуна ээ эмес. Аскердик кызматчылардын өз укуктарынан пайдалануу коомун, мамлекеттин укуктарына жана мыйзамдык пайдаларына, аскердик кызматка, башка аскердик кызматчылар жана ар түрдүү жарандардын укуктарына залал жетпестиги керек.

Мамлекет аскердик кызматчылардын социалдык жана укуктук коргоосун кепилдейт, аларга жетерлүү жана ылайык турмуш даражасын жаратуу, кызмат жана турмуш шарттарын мыктылоо боюнча чараларды ишке ашырат. Аскердик кызматчылардын укуктарын камсыздоо жана коргоо мамлекет акимчилиги жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, сотторунун, укугун коргоо органдарынын аскердик башкаруу органдары жана командирлерге жүктөлөт.

Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүндө мөөнөттүү аскердик кызматты өтөп жаткандар, Өзбекстан Республикасынын Конституциясында жана башка мыйзамдар, аскердик Жоболордо көрсөтүлгөн жеңилдиктерден толук пайдаланышат. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүндө аскердик кызматты өтөп жаткан жоокер-матростор, сержант-старшиналар, офицерлер өткөзүлө турган Олий Мажлиске, жергиликтүү шайлоолор, референдумдарда катышуу жана башка укуктарынан пайдаланышат.

Мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылган аскердик кызматчылар кошуундарга жөнөтүү жана запаска бошотулганда, туруктуу жашоо даректерине жол каражаттары, күндүк азык-түлүк менен мамлекет тарабынан камсызданат. Аскердик кызматты өтөп жаткан мөөнөттө аскердик кызматчылар Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген нормадагы азык-түлүктөр менен бирге айлык кызмат акы алуу жеңилдигинен пайдаланышат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аскердик кызматчы, кызматка чакырылганга чейин кээ бир уюмда иштеп жаткан болсо, ошол жумуш орду сакталып, кызмат кылган мөөнөттөрү жалпы жумуш стажы үзүлбөй эсебине өтөт. Мөөнөттүү аскердик кызматка чейин жашоо жайындагы ээлеген үйү, квартирасы сакталып турулат. Чакырылганга чейин окуу мекемелеринде билим алып жаткан аскердик кызматчылар, запаска бошотулганда ошол окуу мекемелеринде курсу боюнча окуусуна кайтуу жеңилдигине ээ болот.

Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин 1994-жыл 3-октябрдагы токтому менен мөөнөттүү аскердик кызматчылардын бир айлык аскердик кызматтары эки айлык эмгек стажына тендештирилет. Бул — мөөнөттүү аскердик кызматтагы жоокер жана сержантын бир жарым жылдык аскердик кызматы үч жылдык эмгек стажына теңдештирилет дегени болот. Ушул буйрук боюнча мөөнөттүү аскердик кызматчынын кызмат мөөнөтү түгөгөндө, жогорку жана орто билим берүү мекемелеринде аскердик бөлүктөн мүнөздөмө берилгенде, кирүү сыноолорунда топтолгон жалпы тест баллдарына 10 % кошуп берилиши көздө тутулду.

2012-жыл 31-майда Өзбекстан Республикасы Президентинин «Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрү катарында мөөнөттүү аскердик кызматты өтөп болгон жарандарга жеңилдиктер тизимин өнүктүрүү жөнүндө кошумча чаралар жөнүндөгү» токтому менен бул жеңилдик 27 % ке көтөрүлдү. Аскердик бөлүк командачылыгы тарабынан бериле турган жогорку окуу мекемесине жолдонмолор үч жыл убагында өз күчүнө ээ болот. Бул, өз ордунда, аскердик кызматты өтөп жаткан жигиттерге жогорку окуу мекемелерине окууга кирүүдөгү мүмкүнчүлүктөрүн андан ары ашырат.

Ушул токтом негизинде, мөөнөттүү аскердик кызматчылардын айлык кызмат акы эки эсе, аскердик кызматтан бошотулганда бериле турган акча саны — эң кем айлык жумуш акысынын сегиз барабарына же жыйырма барабарына ашырылат. Мамлекетибиз мөөнөттүү аскердик кызматчылардын үй-бүлө мүчөлөрүнө дагы жеңилдиктер берди. Перзенттеринин мөөнөттүү аскердик кызматтары мезгилинде үй-бүлө мүчөлөрү жер салыгынан бошотулат. Калктын 60 % тен көбүрөөгү айыл жайларында жашай турган, дыйканчылыкка негизделген жана жеке тамарка кожолугуна ээ болгон мамлекетибиз шартында бул аскердик кызматчылар үй-бүлөлөрү үчүн сезилерлүү жеңилдик жаратылуусу табигый экенин баса белгилөө керек.

Бардык түрдөгү аскердик кызматчылар кызматтары убагында Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин 1994-жыл 26-январдагы 498-сандуу токтому негизинде, мамлекет тарабынан камсыздандырылат. Токтомго ылайык, аскердик кызматчыга кызмат менен байланыштуу жагдайда денесинен жаракат, 1-группа майыбы болуп калган тагдырда, республикабызда орнотулган эң кем айлык жумуш акынын 7 жылдык эсеби 75 %, 2-группа майыбы болуп калган тагдырда 50 %, 3-группа майыбы болуп кал-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ган тагдырда 30 %, оор түрдөгү жаракат алганда 20 %, жеңил жаарат алганда 10 % өлчөмүндө ордун толтуруу үчүн акча төлөнөт. Кызмат тапшырмасын аткарууда курман болгон аскердик кызматчылардын үй-бүлө мүчөлөрүнө 7 жылдык эсебинде ордун толтуруу үчүн акча төлөнөт.

Жергиликтүү акимчилик органдары, мекеме, уюм жана окуу мекемелери жетекчилери запаска бошотулганда, аскердик кызматчылар ишке чыгуусун билдирип, кайрылгандарында бир айлык мөөнөттөн кечикпестен жумуш орундары менен камсыздандырылышы керек. Мөөнөттүү аскердик кызматты өтөп жаткан жоокерлер, матростор, сержанттар, старшиналарга аскердик бөлүктөрдөн, ошондой эле, алар аскердик кызматты өтөп жаткан даректерге кат акысыз жөнөтүлөт. Мындан тышкары, аскердик кызматты өтөө мезгилинде алар медициналык мекемелери кызматынан, дары-дармектерден акчасыз пайдалануу жеңилдигине ээ болушат.

## *IV бөлүм.* ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮ — МАМЛЕКЕТТИН АСКЕРДИК УЮМУ, ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫН КОРГОО НЕГИЗИ

### *4.1. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн түзүлүшү. Куралдуу Күчтөргө жетекчилик. Аскердик округдар*

1995-жыл 30-августта Өзбекстан Республикасы Олий Мажлис жактан кабыл алынган аскердик доктрина документинде мекенибиздин аскердик саясаты негизинде аскердик кызмат аны менен бирге курулушунун багытын жана факторлорун белгилейт. Ал мамлекет уюмдары аскердик кадрлар үчүн милдеттүү эсептелген аскердик теория жана практиканын негизги, расмий кабыл кылынган эрежелерин көрсөттү, азыркы стратегиялык тапшырмаларды, аскердик курулуш жайлашуулларын жана Куралдуу Күчтөрүн колдоо шарттары, Куралдуу Күчтөр, эл аны менен бирге мамлекетти Коргоого даярдоо маселелерин илимий тараптан далилдеп берди.

Өзбекстан Республикасынын регионундагы аскердик-саясий кырдаалдан, Куралдуу Күчтөрдө ишке ашып жаткан реформадан аны менен бирге мамлекетибиз ички жана тышкы саясатынан келип чыккан жагдайда 2000-жылда мамлекетибизде коргоо доктринасы иштеп чыгарылды. Коргоо доктринасы улуттук коопсуздук жалпы мамлекет концепциясынын курамы бөлүгү болуп, тышкы саясат, мамлекеттер ара мамилелер маселелерине, согуш жана тынчтык проблемаларына таптакыр жаңыча көз караштарга негизделет.

Эл аралык мамилелердеги курамы өзгөрүүлөр, кескиндик, кагышуулардын жаңы очокторун пайда болуусу, экстремизм жана террорчулуктун ар түрдүү көрүнүштөрү активдешүү менен коргоо шыгы жана коопсуздукту бекемдөө маселелери өз алдынча мааниге ээ. Ушул маамиле



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

менен коргоо доктринасында суверен мамлекет жана эл аралык мамилелеринин субъекти катары өзүнүн тышкы жана коргоо саясатын бардык мамлекеттердин тынч-ынтымак жашоосун, башка мамлекеттердин ички иштерине аралашпастык, алардын Суверенитети жана эгемендүүлүгүн коргоо, жалпы тынчтыкка, социалдык-саясий туруктуулук жана куралсызданууга жетишуу максаттарына каратылганын  тастыктап өтөт.

Куралдуу Күчтөр согуштар жана куралдуу кагышууларын кайтаруу аны менен бирге алдын алуу, Өзбекстан Республикасынын улуттук кызыкчылыгын, суверенитети, территориялык бүтүндүгүн о.э. калктын тынч жашоосун коргоо үчүн мамлекет тарабынан уюштурулат жана сактап турулган аскердик биригүүлөр, бирикмелер жана бөлүктөрүн, ошондой эле, башка аскердик түзүлмөлөрүн өз ичине алат. Куралдуу Күчтөр өз аракетин мыйзам үстөмдүгү, борборлошкон жетекчилик жана жеке башчылык, кужүрмөн жана мобилизация боюнча туруктуу дайындык о.э. бирге аскердик тартипти сактоо негизинде курат жана ишке ашырат. Аскердик объекттер, имараттар, курал-жарак, аскердик техниканын бардык түрлөрү, башка аскердик мүлктөр мамлекет мүлкү эсептелет жана Куралдуу Күчтөр ээлигинде болот.

Коргоого жана Куралдуу Күчтөргө жетекчиликти Өзбекстан Республикасы Президенти — Куралдуу Күчтөрдүн Жогорку Башкы Командачысы ишке ашырат.

Согуш мезгилинде Өзбекстан Республикасынын Коргоо Министри бир убакыттын өзүндө Куралдуу Күчтөрдүн Жогорку Башкы Командачысынын орун басары эсептелет.

Куралдуу Күчтөр алдына коюлган тапшырмаларды аткаруу тарабынан аларга оперативдүү жетекчиликти  Куралдуу Күчтөр Бириккен штабынын башчысы ишке ашырат.

Аскердик кооп, азыркы заман согушу жана регионубуздагы географиялык кырдаалдардан келип чыккан түрдө Куралдуу Күчтөрдүн уюштурулуу түзүлүшү жана стратегиялык колдонуу иштеп чыгарылды. Куралдуу Күчтөр стратегиялык тараптан колдоо алардын оперативдигин ашыруу максатында Республика територриясында аскердик округдар уюштурууну белгилеп берди. Мамлекетибизде төрт аскердик округ уюштурулган. Булар: Ташкент аскердик округу, Чыгыш аскердик округу, Түндүк-батыш аскердик округу жана Түштүк-батыш атайын аскердик округу.

Аскердик округ операциялык багыттарда Өзбекстан Республикасынын коопсуздугу жана территориялык бүтүндүгүн камсыздоочу негизги аскердик-административдик, бирдик аны менен бирге жалпы кошуун оперативдүү-стратегиялык территориялык биригүүсү. Аскердик округдар өздөрүнө жүктөлгөн тапшырмаларды аткарышат аны менен бирге мыйзам документтерине ылайык toktom кабыл алат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### *4.2. Куралдуу Күчтөрүнүн аскердик-стратегиялык тапшырмалары, курамы жана курулуш принциптери. Аскердик башкаруунун негизги органдары*

Куралдуу Күчтөр азыркы учурда жарандардын жашоосун жана тынчтыгын коргоо тапшырмасын өзүнө алат. Бириккен Улуттар Уюмунун жобосуна ылайык, өзүн-өзү коргоодон тургөн ажыралгыс укугун ишке ашырат, мамлекеттин зарыл даражада аскердик кудуретке жана коргоо шыгына ээ болуусун камсыздайт.

Азыркы заман согуштарына таандык характер жана акыбеттерин назарга алып, доктринада башкы аскердик стратегиялык тапшырма согуш жана аскердик чабуулду жоюу деп белгиленет жана:

• тынчтык мезгилинде — мамлекеттин коргоо жөндөмдүүлүгүн республиканын кол тийгистигин камсыздоонун кепилдигине жетишерлик даражада сактап туруудан, анын суверенитети жана территориялык бүтүндүгүнө каршы кылынышы мүмкүн болгон азгыруучулук жана диверсиялардын алдын алуудан, Куралдуу Күчтөрдүн кол салуулардын дагы өз алдынча көрүнүшүндө, дагы жалпы коопсуздук жөнүндөгү Келишим катышуучусу болгон мамлекеттердин Куралдуу Күчтөрү менен өз ара биргелешип сокку берүү үчүн ар тараптан туруктуу коргонууда турууну камсыздоо;

• согуш мезгилинде — чабуулдун кепилдүү көрүнүшүндө кайтарылуусу, өз күчтөрү менен бир катарда, Өзбекстан Республикасы менен шайкеш, келишимге негизделип, башка мамлекеттердин аскердик күч-кудурети биримдигинде баскынчыга кыйратуучу сокку берүү, деп көрсөтүлөт.

Куралдуу Күчтөрдүн курамына кургактыктагы кошуундар, аба чабуулунан коргоо кошуундары жана аскердик аба күчтөрү, инженердик-куруучулук кошуундары, чек ара кошуундары, Улуттук коопсуздук кызматынын аскердик кошуундары, ички иштер министрлигинин ички кошуундары кирет.

**Кургактыктагы кошуундар**

*Кургактыктагы кошуундар* — Куралдуу Күчтөрдүн эң көп сандуу түрлөрүнөн бири болуп, башка кошуун түрлөрү менен өз ара аракетте Өзбекстанга карата жасалган, каерден болуусуна карабастан, чабуулду кайтаруу тууралуу тапшырмаларды аткарууга арналган.

Кургактыктагы кошуундар курамына мото окчу, танк жана артиллерия бөлүктөрү, аба чабуулунан коргоо бөлүнмөлөрү, тез аракет кылуучу (десант )күчтөр бөлүктөрү, камсыздоо бөлүк жана бөлүнмөлөрү кирет.

*Мото окчу бөлүктөр* — кургактыктагы кошуундарынын негизи, күжүрмөн курамынын негизи эсептелет. Алар жердеги жана абадагы буталарды (мишень) жок кылуу үчүн кудуреттүү курал-жабдыктар, танктар,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

замбиректтер жана минамёттор, танкка каршы башкаруучу ракеталар, зенит-комплекстери жана курулмалары, разведка жана башкаруунун ийгиликтүү ыкмалары менен камсыздалган.

*Танк бөлүктөрү* — кургактыктагы кошуударынын заманбап согуш алып баруу шарттары барктуу тапшырмаларды аткарууга каратылган сокку берүүчү күчү жана куралдуу согушунун кудретүү ыкмасы. Өзбекстандык жоокерлер башкарып жаткан заманбап танктар жогорку кужүрмөндүк касиеттерге, ишеничтүү броня коргонууга ээ болуп, тоо-адырлык, тегиз эмес, жолсуз аянтты, алыс аралыкты басып өтө алат. Алар кур дегенде, ядро куралы колдонулган шарттарда дагы  согуш алып барууга  ылайыкташтырылган.

*Артиллерия бөлүктөрү* — кужүрмөн тапшырмаларды аткаруу башкы (жалындуу) күч аны менен бирге барктуу оперативдүү-тактикалык ыкма. Алар арсеналында болгон заманбап замбиректер, реактивдик курулмалар, гаубицалар, минамёттор, артиллерия бөлүктөрүнүн от ачуу мүмкүнчүлүктөрү, кужүрмөн аракеттер ийгиликтерин андан ары ашырат.

*Тез аракет кылуучу (десант) күчтөр бөлүктөрдүн ролу* — Азыркы күндө сезимдүү даражада арткан. Десантчылар кужүрмөн машиналары, өзү жүрө турган артиллерия курулмалары, танктар, бронетранспортёрлор (БТР), көтөрүңкү ийгиликтүү танкка каршы жана зениттик куралдары, стволдуу жана реактивдик артиллерия, күчтүү автоматик куралдар, байланыш жана башкаруунун заманбап жабдуулары менен камсыздалган. Мамлекетибиз десантчылары армиянын жогору даражада даярданган жана оперативдүү (мобил) бөлүгү. Заманбап аскердик транспорт авиациясынын жардамында алар жоо чебинин жакын жана өтө ички чектерине өз алдынча, ошондой эле, башка бөлүк жана бөлүнмөлөр менен өз ара аракеттер аркылуу алдына коюлган тапшырмаларды ийгиликтүү аткарат.

## Аба чабуулунан коргоо кошуундары жана аскердик аба күчтөр

*Аба чабуулудан коргоо кошуундары* — Республиканын администиративдик-саясий, өнөр жай экономикалык борборлору жана аянттарын, кошуундар топтору, аскердик жана башка барктуу объекттерди жоонун аба чабуулунан коргоонуга арналган.

Аба чабуулунан коргоо кошуундары аларга жүктөлгөн бардык тапшырмалар жыйындысын чечүүгө кудурети болгон жогорку тажрыйбалуу жеке курамына, жогорку натыйжалуулугу менен тура турган жакын, орто, алыс узактыктарга арналган заманбап зениттик ракеталуу комплекстерге жана көздөн жашына турган же чуу көтөрүүлөргө сокку бере турган тосколдор колдонгон жагдайда дагы абадагы буталарды, автоматтык башкаруу жана буталарды жокко чыгаруу ыкмаларын бардык бийик диапозондорунда аныктоого даяр болгон радиолакацион станцияларына ээ.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Аскердик аба күчтөрү* — Абадан туруп жоонун авиация, кургактыктагы кошуундары топторуна, мамлекет жана аскердик башкаруу тизими объекттерине фронт арты жана аскердик-экономикалык, транспорт комуникацияларына зыян келтирүү, аба разведкасын ишке ашыруу, ошондой эле, куруктук кошуундарынын авиация жардамында колдоп-кубатоо, аба десантчыларын парашюттан ыргытып таштоо, кошуун жана материалдык ыкмаларын аба аркылуу ташуу жана башка тапшырмаларды аткарууга арналган.

Аскердик аба күчтөрү ийгиликтүү курал-жабдыктар, навигация ыкмалары, радиоэлектрон курулмалары менен камсыздалган заманбап самолёттор, вертолёттор, учкучсуз башкарыла турган учуу аппаратына ээ болуп, алар аба-ырайынын ар кандай шарттарында, күндүзү же түндө болсун, ар кандай бийиктиктерде күжүрмөн тапшырмаларды аткарууга даяр.

## Инженердик-куруучулук кошуундары

*Инженердик-куруучулук кошуундары* — тынчтык мезгилинде Куралдуу Күчтөр инфратизмеси күчөтүүнү камсыздоо жана мамлекеттин стратегиялык экономикалык программасын аткарууга, согуш кезинде коргоо имараттарын, коммуникация курулуштарын жана куткаруу-авария иштерин аткарууга арналган.

Аскердик шаарчалар жана жоокер казармалары, офицерлер курамы мөөнөтүнөн тышкары келишим негизиндеги аскердик кызматчылар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн турак-жайлар, аскердик клубтары, ашкана жана чайканалар, аскердик кызматчылардын балдары үчүн мектеп, бакча имараттары, госпиталь жана медпункттар, күжүрмөн техника жана курал-жарактар үчүн парк, склад жана гараждар куруу — булардын бардыгы курулуш бөлүктөрүнүн жана бөлүнмөлөрүнүн тапшырмалары.

## Чек ара кошуундары

*Улуттук коопсуздук кызматынын чек ара кошуундары* — чек арага тиешелүү саясатын ишке ашырат, Мамлекет чек араларын коргоо жана күзөтүүнү уюштурат.

Улуттук коопсуздук кызматы:

- чек ара кошуундары аракетин башкарууну ишке ашырат;
- жайлардагы мамлекет башкаруу органдары, жергиликтүү мамлекет акимчилик органдары, мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмдардын мамлекет чек арасын коргоо чөйрөсүндөгү аракетин ылайыкташтырып турат;
- чек ара кошуундары бүгүнкү күндө кошуундун өз алдынча түрү болуп, мамлекет чек аралары коргонуунун биринчи эшалонун түзөт.

Мамлекет чек арасы сызыгынын жайларында мыйзамга каршы көрүнүшүндө өзгөртүрүлүшүнө жол койбостук, мамлекет чек арасында ас-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кердик жана башка козголондун алдын алуу, мамлекет чек арасынын мыйзамга сыйбаган түстө кесип өтүлүшүнө жол бербестик, мамлекет чек арасын бузуучуларды аныктоо жана кармоо, мамлекет чек арасы режимине чек ара алды режимине жана мамлекет чек арасы аркылуу өткөрүү пункттарындагы режимдерди сактоо үстүнөн байкоону ишке ашыруу, кишилер, транспорт ыкмалары, товарлар, башка мал-мүлк жана айбандардын мамлекет чек арасы аркылуу белгиленген тартипте өткөзүүнү ишке ашыруу, мамлекет чек арасы аркылуу алып өтүлүп жаткан товарлар, башка мал-мүлк жана айбандарды, ошондой эле, транспорт ыкмаларын аныктоо жана белгиленген тартипте кармап калуу. Мамлекет чек арасы режимин бузуу менен байланыштуу укук бузгучтардын алдын алуу, чек ара алды кыдырууларды жана операцияларды өткөрүү чек ара кошуундарынын милдеттерине кирет.

### Ички иштер министрлигинин ички кошуундары

*Ички кошуундар* — Ички иштер министрлиги курамында уюштурулат, анын негизги тапшырмалары милиция органдары менен биримдикте, эл жашай турган жайларда түрдүү айыл чарба ишканалары жана башка коомдук жайларда коомдук тартипти сактоо, жарандардын укуктук жана мыйзамдык пайдаларын коргоо, уюмдар, мекемелер, мекемелерди кылмышкерлик жана башка коомго каршы аракеттерден коргоодон турат.

Улуттук коопсуздук кызматы, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана башка министрлик, уюмдар аны менен бирге аскердик түзүлмөлөрүнүн негизги тапшырмасы улуттук коопсуздукту камсыздоонун өзүнө таандык тапшырмаларды аткаруу, табигый жана техноген түстөгү Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, алардын акыбеттерин жоюп жиберүү жана инсан жашоосун камсыздоочу эл чарба ишкана жана мекемелерин коргоо эсептелет.

### Аскердик башкаруунун негизги органдары

Мамлекет коргоосун саясий, экономикалык, социалдык-укуктук чаралар топтомдорунан турушун назарга алган жагдайда коргоо маселесинде Өзбекстан Республикасынын Олий Кенгаши, Республика Президентинин, Министрлер Кабинети, Коргоо Министрлиги, министрлик, мамлекеттик акимчилик, ишканалар, мекемелер жана уюмдардын бийлигин белгилеп берди.

«Коргоо жөнүндөгү» Мыйзамга ылайык, Президент республика коргоо жөндөмдүүлүгүн камсыздоо, мамлекет пайдаларына куралдуу диверсия болгон абалдарын суверенитети, территориялык бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүн коргоо тарабынан зарыл чаралар кабыл кылат; Куралдуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күчтөрдүн түзүлүшү, алардын стратегиялык планын тастыктайт; Куралдуу Күчтөргө күжүрмөн аракеттерин алып баруу туурасында өзгөчө абалдардан пайдалануу жөнүндө буйрук берет.

Президент бийлигине жалпы же толук эмес мобилизацияны, республикага куралдуу кол салынган тагдырда согуш абалын жарыялоо, согуш мезгилинде норма акттарды орнотуу жана алар аракетин токтотуу; коргоо чөйрөсүндөгү мамлекет органдары аракетин өз ара ылайыкташтыруу; аскердик маселелер боюнча сүйлөшүүлөр алып баруу жана эл аралык протоколдорго кол коюу; аскердик мансаптарга жогорку наамдагы офицерлер курамынан кишилерди дайындоо; аларга аскердик жана атайын наамдар берүү кирет.

Мыйзамда Олий Мажлис аскердик кызмат укуктары айланасына коргоо концепсиясын, аскердик антты, Президент кеңеши менен, Коргоо министрин тастыктоо, аскердик курулуш, аскердик кызматчылар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн социалдык-укуктук тараптан коргоо маселелерине тиешелүү мыйзамдардын аткарылуусу үстүнөн текшерүүнү ишке ашыруу, Өзбекстан Республикасы Президентинин жарандарды аскердик кызматка мобилизациялоо жана аскердик кызматтан бошотуу, аскердик абалды орнотуу, куралдуу кол салынган учурда согуш абалын жарыялоо, аскердик аракеттер токтотулганда тынчтык келишимин түзүү, тынчтык, коопсуздукту сактоо менен байланыштуу болгон эл аралык протоколдорго тиешелүү милдеттерди аткаруу, зарыл болуп калганда, Куралдуу Күчтөрүн колдоо жөнүндөгү Указды тастыктоо, аскердик маселелер боюнча республика эл аралык протоколдорун ратификациялоо же алар өз күчүн жоготкон, деп жарыялоо, Куралдуу Күчтөрдүн Жогорку Башкы Командачысы жогорку аскердик наамдарын берүү кирет. Министрлер Кабинети бийликтерине коргоону камсыздоо боюнча өзүнө баш ийген бардык түзүлмөлөр кызматтарга жетекчилик кылуу, Куралдуу Күчтөрдү куралдар, аскердик техника жана башка материалдык ыкмалар менен камсыздоо; Коргоо жана Куралдуу Күчтөр керектүү материалдык-техника ресурстары, азык-түлүк, кийим-кечек жана башка буюмдар, аскердик жана мобилизациялык кызматка чакырылуу керек болгондо республика жарандарынын саны аны менен бирге аскердик жана мобилизациялык кызматка чакырылуучулардын аскердик эсебин алып баруу; аскердик кызматка чакыруу жана чыныгы мөөнөттүү кызматтагы аскердик кызматчыларды запаска чыгаруу, мобилизациялык жана аскердик кызматтан бошотуу жөнүндө токтом кабыл кылуу сыяктуулар кирет.

Министрлер Кабинети бийлиги мамлекет жана мобилизациялык запастарын материалдык байлыктарын топтоо пландарын тастыктайт; эл чарбасын мобилизацияга даярдоо, мобилизацияны күчөтүү жана аны согуш абалы шартындагы кызмат тартибине өткөрүүгө жетекчилик кылат; аскердик кызматчылар, отставкадагы аскердик кызматчылар жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алардын үй-бүлөлөрүн, ошондой эле кызмат милдетин өтөп жатканда курман болгон, каза болгон, дарексиз жоголгон же туткунга түшүп калган аскердик кызматчылар үй-бүлөлөрүн социалдык-укуктук кепилдери, материалдык, турмуш жана пенсия менен камсыздоо маселелерин чечүү; аскердик-өнөр билимине жөндөмдүүлүгү жогорку жана орто аскердик окуу мекемелерин түзөт жана аларды таратып жиберет.

Өзбекстан Республикасынын «Коргоо жөнүндөгү» мыйзамы министрлик, мамлекет акимчилиги жана жергиликтүү башкаруу мекеме өкүлдүктөрү айланасына аскердик буюртмаларды министрлик жана мекемелер башкаруу тапшырылган тармактарды коргоо керектигине максатталган зарылдыгын жеткизип берүү үчүн, тармактын мобилизациялык даярдуулугу үчүн жоопкер болот, тармак аскердик мезгилде мобилизациялык даярдык планына ылайык, туруктуулугун камсыздоого тиешелүү чараларын ишке ашырат.

Акимчилик жана жергиликтүү башкаруу мекемелери эл чарбасын мобилизациялык даярдыгын камсыздоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылуусу үчүн жоопкер болушат; аскердик бөлүктөргө жана мекемелерге зарыл жергиликтүү продуктулар жеткирип берилет аны менен бирге суу, ысыктык жана электр энергиясы менен камсыздоону ишке ашырат, байланыш ыкмаларын берет, коммуналдык-турмуштук жана башка кызматтар көрсөтөт; коргоо пайдаларын көздөп мыйзамдарга ылайык, жер ажыратып беришет жана алардан пайдаланууну көзөмөлдөп барышат; мыйзамдарда белгиленген тартипте аскердик бөлүктөргө, Куралдуу Күчтөрдүн мекемелерине, аскердик окуу мекемелери, ишкана жана уюмдарга кызмат имараттары жана турак жай ажыратып беришет, аскердик объекттерге, аскердик кызматчыларга, алар үй-бүлөлөрүнө салыштырмалуу мыйзамга терс аракеттер кылынууга жол койбостук тарабынан чаралар көрүшөт

## *V бөлүм.* АСКЕРДИК КЫЗМАТЧЫЛАР ЖАНА АЛАРДЫН ӨЗ АРА МАМИЛЕСИ. АСКЕРДИК ТАРТИП

Тарыхтан маалым, улуу кол башчылар өз кошуундарын башкарууда дайым мыйзам-эрежелердин орнотулуусун камсыздаган. Буга негиз кылып, Амир Темурдун түзүктөрүн келтиришибиз мүмкүн. Ал өз түзүктөрүнүн экинчи бөлүмүндө аскерлерди (жөө жүрүүчүлөр) кармап туруу, аларды башкаруу маселелерине өз алдынча көңүл бурган. Амир Темурдун мамлекет жана армияны башкаруудагы тажрыйбалары дүйнө мамлекеттеринде кең көлөмдө пайдаланылган. Түзүктөр 1628-жылда Индияда, 1783-жыл Англияда, 1868-жылы Иранда, 1894-жылы Орусияда басмадан чыгарылышы анын жаркын далили. Ошондой эле көптөгөн мамлекеттердин армиялары Жоболоруна аз болсода, негиз салган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Куралдуу Күчтөрүбүздө аскердик кызматчылардын жашоосун, күндөлүк турмуш аракетин, жеке шарттарын уюштуруу, ахлак нормалары жана аскердик тартипти бекемдөө аны менен бирге аскердик кызматты уюштуруу жана өтөө жол-жоруктарын изге салуучу, ошондой эле, бөлүк жана бөлүнмөлөр күжүрмөн аракеттери негизин белгилеп берүүчү расмий нормалык-укуктук документ — бул жалпы аскердик Жоболор.

Аскердик Жоболор күжүрмөн Куралдуу Күчтөр бөлүк жана бөлүнмөлөрү түрлөрүнүн күжүрмөн даярдык негиздери аны менен бирге күжүрмөн аракеттерин алып барууну белгилеп берет. Жалпы аскердик Жоболор аскердик кызматчылардын өз ара мамилелери, алардын жалпы, мансаптары тууралуу милдеттери жана укуктары, ички гарнизон жана күзөт кызматтарын өтөө тартиптери жана башкаларды белгилөөчү Куралдуу Күчтөрдүн бардык түрлөрү үчүн жалпы эрежелери.

Өзбекстан Республикасынын Президенти — Куралдуу Күчтөрүбүз Жогорку Башкы Командачысы Указына көрө, 1996-жыл 9-октябрда төмөнкү негизги жалпы аскердик Жоболор тастыкталды: Өзбекстан Республикасын Куралдуу Күчтөрүнүн Ички кызмат Жобосу, Өзбекстан Республикасын Куралдуу Күчтөрүнүн Тартип Жобосу, Өзбекстан Республикасын Куралдуу Күчтөрүнүн Гарнизон жана күзөт кызматы Жобосу, 1996-жыл 14-октябрда болсо, Коргоо Министринин буйругу менен Өзбекстан Республикасын Куралдуу Күчтөрүнүн Сап Жобосу ишке киргизилди.

Ар бир жобо аскердик жашоонун бир багытын тартипке салып турат. Мисалы, ички кызмат аскердик кызматчылардын жалпы милдеттери жана алар арасындагы мамилелер, ички тартип эрежелери, мансаптуу кишилердин милдеттери, күндөлүк жашоо жана турмуш шарттары, аскердик кызматчыларды жайлаштыруу, алар тарабынан ички кызматты алып баруу маселелери көрсөтүлгөн.

Куралдуу Күчтөрдүн Тартип Жобосу аскердик Тартиптин маанисин, аскердик кызматчылардын аны сактоо боюнча милдеттерин, сыйлык берип кызыктыруу жана тартип таасирлерин көрүнүштөрүн, командирлер (башчылар)дын аларды колдоо боюнча укуктарын, ошондой эле, сунуш, арыз жана даттанууларды берүү, аларды көрүп чыгуу тартиптерин аныктап берет.

Жалпы аскердик Жоболор ичинде Гарнизон жана күзөт кызматы Жобосу өз алдыча орун тутат. Ал күзөт кызматын күжүрмөн тапшырма өтөө деп белгилеп, кызматтын уюштуруу жана өтөө, мансаптуу кишилер аны менен бирге аскердик кызматчылардын милдеттерин, кошуун катышуу чараларын өткөрүү сыяктуу маселелерин өз ичине алат.

Сап Жобосу сапта туруу жана жүрүү усулдары, курал менен аны менен бирге куралсыз аракет кылуу, кенже бөлүнмө жана аскердик бөлүктөрдүн жөө жана машиналарда сап тартуу, аскердик саламдашуу, сапты текшерип көрүү тартиби, аскердик кызматчылардын сапка туруу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алдыдагы, сапка туруудагы милдеттери, аларды сапта туруу жана жүрүүгө үйрөтүү талаптары, ошондой эле, аскердик кызматчылардын согуш майданында аракеттенүү усулдары жана жоо кокустан кол салган убагындагы кылган кыймыл-аракеттерин белгилеп берет.

Өзбекстан Республикасынын базар экономикасына негизделген укуктук демократиялык коом куруу жолунан баруууда. Куралдуу Күчтөрдө бардык укуктук жана ахлактык нормалар жалпы аскердик Жоболордо көрсөтүлгөндүгү үчүн ар бир аскердик кызматчы аны жакшы үйрөнүү жана сактоо аны менен бирге жоопкерчилик менен аткаруу керек. Жобо аскердик утуктар кепили эсептелет. Аскерлер арасында сөз бар: «Жобо боюнча кызмат кылсаң, урмат-сыйга жетесиң!»

### *5.1. Аскердик кызматчынын жалпы милдеттери. Аскердик наамдар жана барктоочу белгилер. Башчылар жана баш ийүүчүлөр. Чоңдор жана кенжелер тикелей жана түздөн-түз башчылардын укуктары жана милдеттери*

*Аскердик кызматчы* — чыныгы аскердик кызматты аткаруучу киши эсептелет. Ал Мекендин, эгемендүү Өзбекстан Республикасынын коргоочусу. Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө аскердик кызматчылар жоокер жана матростор, сержанттар жана офицерлер (кенже, чоң, жогорку) курамына бөлүнөт.

Аскердик кызматчы өз Мекенин коргоо убагында жеке жоопкерчиликке ээ. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн аскердик кызматчылары кызмат иштеринде мыйзамдар, аскердик Жоболордун талаптарына амал кылат жана саясий максаттарын көздөөчү башка коом уюмдары жана бирикмелеринин жумушу менен байланыштар болбостугу керек.

Аскердик кызматчы төмөнкүлөргө:

Өзбекстан Республикасынын «Коргоочусу» жогорку наамдарын сыймык менен актоого, Куралдуу Күчтөрдүн, өз аскердик бөлүгүнүн арнамысын жана күжүрмөн даңкын, өз аскердик наамдарын ардактоого, аскердик антка берилгендиги, эли үчүн аябай кызмат кылууга Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүн жана территориялык бүтүндүгүн кажыбастык, чебердик менен, соңку тамчы каны калганга чейин, жашоосуну да аябастан коргоого, аскердик милдетин аткарууга; мамлекет Конституциясына, аскердик Жоболор талаптарын аткарууга; Өзбекстан Республикасын коргоо тапшырмаларын аткаруу менен байланыштуу аскердик кызмат кыйынчылыктарына туруктуулук менен; аскердик кесип билимдерин ар дайым ээлөөгө, өз окуу жоокердик чебердигин өнүктүрүүгө; өзүнө ишенип тапшырылган курал-жабдык жана аскердик техниканы билүү, иштетүүдө туруктуу дайындыкта сактоого, аскердик мүлктү сактоого; адал, тартиптүү,баатыр болууга, аскердик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

милдеттин аткаруу убагында акыл менен чыгармачылык көрсөтүүгө; командирлерге (башчыларга) сөзсүз баш ийүү жана аларды согушта коргоо, аскердик бөлүк кужурмөн желекти коргоого; жоокердик жүрүү-туруу адеби мыйзамдарын сактоого жана аскердик салам берүүнү аткарууга, ар дайым салт боюнча, таза жана тыкан кийинүүгө, патриоттук сезимди көрсөтүүгө, элдердин эл аралык достугун кадырлоого, улуттар жана элеттер ортосунда достукту бекемдөөгө мүмкүнчүлүк жаратууга мажбур.

Аскердик кызматчы Мекенге кызмат кылуу жараянында оңой жолдорун издебестигин, өз абийирин, башчылар жана жолдоштору ортосунда Өзбекстан Республикасынын жараныга терс болгон алдоочулук, жалганчы жолдорду колдоо нагыз каталарды алып келиши мүмкүн. Элибиздин «Жашоодо эң негизгиси — Мекенге адал кызмат кылуу», «Мекенге кызмат кылуу — ыйык милдет» сыяктуу акылман сөздөрүнө амал кылуу керек.

Жоокерлердин өз командирлерин урматоосу аскердик жолдоштуктун эң жогорку касиети эсептелет. Ар кандай кырсык күтүлүүсү мүмкүн болгон кырдаалдарда командир өмүрүн сактоо жана кырсыктан куткарууга дайым даяр туруу керек. Согуш майданында командирин коргоо Куралдуу Күчтөрдөгү жоокерлердин таң каларлуу салттарынан бири. «Өзүңдү дебей командириңди куткар», «Командириңди согушта корго, өзүңдү жашоодо сактагандай» деген сөздөр жоокерлер арасында жөн эле айтылбайт.

Аскердик кызматчы жолдоштукту ардактоого, өз өмүрүн аябастан жолдошторун кооп-кырсыктан куткарууга, ар биринин ар-наамысы жана кадыр-баркын урмат кылууга, өзүнө жана башка аскердик кызматчыларга салыштырмалуу кополдук жана ызалыкка жол бербестикке, аларды кылмыштардан тыюуга милдеттүү. Эл тарабынан төмөнкү сөздөр бекерге айтылбаган: «Дос тапсаң — жеңишке жетесиң», «Согушта досуңду колдосоң — өзүңдөн кырсыкты кууган болосуң», «Жолдошторуңа жардамың — взвод кадырын ашырасың». Аскердик кызматчы аскердик кызмат коопсуздугу талаптарына, ооруп калуу, жараат артырыш жана күйүүдөн эскертүү чараларын сактоо, ар күнү денесини чыныктыруу, машыкта көргөндөрүн өнүктүрүү, зыяндуу адаттардан (чегүү жана ичкиликтен) тыйылыш керек.

Аскердик кызматчы кужурмөн аракеттер кезинде, кур дегенде өз аскердик бөлүгүнөн (бөлүнбөстөн) узак жана курчоодо калган болсо дагы, туткунга түшүүдөн кутулуу үчүн жоого катуу каршылык көрсөтүүгө, ал согушта жоокерлик милдетин акырына чейин аткарууга мажбур.

## Аскердик наамдар жана барктуу белгилер

Аскердик наамдар, Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү кошуун түрлөрүнө тийиштүү аскердик атайын даярдыктан өткөн киши-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лерге, кызмат ордун ашырууну эсепке алып, кызмат Жоболору негизинде берилет. Аскердик наамдар жоокерлерге, матросторго, сержанттарга, старшиналарга, Өзбекстан Республикасынын Коргоо министрлиги тарабынан иштеп чыгарылган көрсөтмөлөр негизинде ишке ашырылат. Кенже жана чоң офицерлер курамына аскердик наамдарын Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети тарабынан чыгарылган тартип негизинде берилет.

**Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүдөгү аскердик кызматчылардын аскердик наамдары**

| Кошуунга тиешелүү | Кемеге тиешелүү |
|---|---|
| **Жоокерлер курамы** (1-сүрөт) | |
| Жөнөкөй жоокер (курсант) | Матрос (курсант) |
| **Сержанттар курамы** (1-сүрөт) | |
| Кичүү сержант<br>Сержант<br>Ага сержант | 2-даражалуу старшина<br>1-даражалуу старшина<br>Баш старшина |
| **Кичүү офицерлер курамы** (2-сүрөт) | |
| Лейтенант<br>Ага лейтенант<br>Капитан | Лейтенант<br>Ага лейтенант<br>Капитан-лейтенант |
| **Ага офицерлер курамы** (3-сүрөт) | |
| Майор<br>Подполковник<br>Полковник | 3-даражалуу капитан<br>2-даражалуу капитан<br>1-даражалуу капитан |
| Генералдар курамы | |
| Генерал-майор<br>Генерал-лейтенант<br>Генерал-полковник<br>Армия генералы | |

Куралдуу Күчтөрдөгү Улуу Аскердик наам — Армия генералы болуп, бул наам согуш мезгилинде Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Жогорку Башкы Камандачысына, ошондой эле Өзбекстан Республикасынын Коргоо министрине берилет.

Юридик, медициналык же ветеринария аскердик-эсеп адисттик болгон аскердик кызматчылардын аскердик наамдарына ылайык түстө «Адилет», «Медициналык кызмат» же «Ветеринария кызматы» сөздөрү кошулат. Мисалы, медициналык кызмат лейтенанты, ветеринария кызматы капитаны, медициналык кызмат генерал-майору, адилет генерал-полковнигине.

Резервдеги, запастагы же отставкадагы жарандардын аскердик наамдарына тиешелүү болгон «резервдеги», «запастагы» же «отставкадагы» сөздөрү кошулат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕРДИК КЫЗМАТЧЫЛАР ПОГОНУ БОЮНЧА АСКЕРДИК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫН ПОГОНДОРУ

### ЖӨНӨКӨЙ ЖООКЕР ЖАНА СЕРЖАНТТАР ПОГОНУ

Салтанаттуу (майрам) кийимине «Жөнөкөй жоокер»




Күндөлүк жана талаа кийимдерине «Жөнөкөй жоокер»



Салтанаттуу (майрам) жана күндөлүк аскердик кийимдерге



Кичүү сержант | Сержант | Ага сержант | Кичүү сержант | Сержант | Ага сержант

*1-сүрөт*

### КИЧҮҮ ОФИЦЕРЛЕР ПОГОНУ

Салтанаттуу (майрам) кийимине | Күндөлүк кийимине | Талаа кийимине



1 2 3 4 5 6 7 8 9

1. Лейтенант (Салтанаттуу (майрам) көйнөгүнө)
2. Ага лейтенант (Көк түстүү сызык)
3. Капитан
4. Лейтенант (Салтанаттуу (майрам) көйнөгүнө)
5. Ага лейтенант (Көк түстүү сызык)
6. Капитан
7. Лейтенант
8. Ага лейтенант
9. Капитан

*2-сүрөт*

---

* Аскердик кийим погондорунун түсү аскердик тапшырманы аткарып жаткан убакытка карап өзгөртүрүлүшү мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**АГА ОФИЦЕРЛЕР ПОГОНУ**

Салтанаттуу (майрам) кийимине | Күндөлүк кийимине | Талаа кийимине



1 2 3 4 5 6 7 8 9

1. Майор.
2. Подполковник.
3. Полковник.

4. Майор
5. Подполковник.
6. Полковник.

7. Майор
8. Подполковник.
9. Полковник.

*3-сүрөт*

**ГЕНЕРАЛДАРДЫН ПОГОНДОРУ**

**Салтанаттуу (майрам) кийимине** | **Күндөлүк кийимине**



Генерал-майор салтанаттуу (майрам) көйнөгүнө | Генерал-лейтенант | Генерал-полковник | Армия генералы | Генерал-майор салтанаттуу (майрам) көйнөгүнө | Генерал-лейтенант | Генерал-полковник | Армия генералы

Талаа кийимине



Генерал-майор | Генерал-лейтенант | Генерал-полковник | Армия генералы

*4-сүрөт.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ КОРГОО МИНИСТРЛИГИ КОШУУН ЖАНА КЫЗМАТ ТҮРЛӨРҮ ЭМБЛЕМАЛАРЫ




1. Мотоокчу кошуундары. 2. Аскердик аба күчтөрү. 3. Аба чабуулунан коргоо кошуундары. 4. Аба десант кошуундары. 5. Артиллерия. 6. Танк кошуундары. 7. Байланыш кошуундары. 8. Инженердик кошуундары адистери. 9. Аскердик арекеттер кызматы. 10. Химиялык кошундары адистери. 11. Автоунаа кошуундары. 12. Медициналык жана ветеринария кызматы. 13. Адилет (Юстиция). 14. Аскердик дирижёр жана адистер

## АСКЕРДИК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫН ПОГОНДОРУНДАГЫ ЖЫЛДЫЗДАР

Офицерлер жылдыздары


Кичүү офицерлер жылдыздары — Ага офицерлер жылдыздары — Генералдардын жылдыздары




15. Салтанаттуу (майрам) жана күндөлүк кийимине. 16. Талаа кийимине. 17. Салтанаттуу (майрам) кийимине. 18. Талаа кийимине. 19, 20. Салтанаттуу (майрам) жана күндөлүк кийимине. 21, 22. Талаа кийимине.

## Кийим-кечек түрлөрү

Офицерлер, келишим боюнча аскердик кызматчылар жана жогорку аскердик мекемелери курсанттары үчүн чоң түймө — Офицерлер, келишим боюнча аскердик кызматчылар жана жогорку аскердик мекемелери курсанттары үчүн чоң түймө — Генералдар кийим-кечектери үчүн чоң түймө — Генералдар кийим-кечектери үчүн кичүү түймө




23. Салтанаттуу (майрам) жана күндөлүк кийимине. 24. Кышкы-жазгы-күзгү палтього. 25. Пагон фуражкага. 26. Салтанаттуу (майрам) жана күндөлүк кийимине. 27. Кышкы-жазгы-күзгү пальтого. 28. Пагон фуражкага.

*5-сүрөт*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сержант (старшина)лар аскердик наамына кошуун же кызмат түрлөрүнүн аталышы кошулбайт.

Аскердик билим берүү мекемелеринде билим алып жаткан аскердик кызматчылар, офицерлер аскердик наамга ээ болбогондор — курсанттар, аскердик наамга ээ болгондор болсо тындоочулар, деп аталат.

Аскердик билим берүү мекемелерине кирүүгө чейин, аскердик наамдарына ээ болбогон же жоокер, матрос аскердик наамдарына ээ болгон жарандарга окууга кабыл кылуу убактында «Курсант» аскердик наамдарына берилет. Аскердик билим жайларына кирүүгө чейин берилген аскердик наамдары сакталып калат.

Аскердик кызматчылардын аскердик кийим-кечек жана барктоочу белгилер Өзбекстан Республикасынын Президенти тарабынан тастыкталат. Аскердик кызматчылар, ошондой эле, аскердик жыйындарга чакырылган аскердик кызматка милдеттүү аскердик наамдарын жана кошуун түрүн барктоочу белгилери (5-сүрөт) болгон аскердик кийим-кечекте жүрүшөт. Аскердик кийим-кечекте жүрүү эрежелери Өзбекстан Республикасынын Коргоо министрлиги тарабынан белгиленет. Аскердик кийимде жүрүү укугуна ээ болбогон жарандар аскердик кызматчылардын кийим-кечектерин кийип жана барктоочу белгилерди тагып жүрүүсүнө тыюу салынат.

Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү аскердик кызматчылары кийим формалары болуп, ушул формаларында жеке аскердик наамдарын барктай ала турган белгилериден турат. Бул белгилер пагондор, петлицалар, төш белгилер, кол жеңи белгилер, баш кийимдеги белгилери, шым кийиминдеги белгилерден турат.

## Башчылар жана баш ийүүчүлөр. Чоңдор жана кенжелер тикелей жана түздөн-түз башчылардын укуктары жана милдеттери

Өз кызматы статусу жана аскердик наамдарына карата, айрым аскердик кызматчылар башкаларга салыштырмалуу башчы же баш ийүүчү болуу мүмкүн. Башчы кырдаалдарын ар жактан баалаштан келип чыккан жагдайда жалгыз өзү токтом кабыл кылуу, мыйзам жана аскердик Жоболордун талаптарына катуу ылайык түстө буйрук бериши жана алардын аткарылышын талап кылуу укугуна ээ. Буйруктарды талкуулоого жол коюлбайт, баш ийбестик же буйругун аткарбастык аскердик кылмыш эсептелет. Баш ийүүчү башчынын буйруктарын сөзсүз аткарууга милдеттүү. Эгер ал өзүнө салыштырмалуу туура эмес мамиледе болгон деп эсептесе, буйрукту аткарып, кийин арыз кылуу мүмкүн.

Аскердик кызматчылар кызмат тарабынан, кур дегенде убактынча болсо дагы баш ийдирилген башчылар түздөн-түз башчылар эсептелет. Баш ийүүчүгө жакынкы болгон тикелей башчы түздөн-түз башчы,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

деп аталат. Мисалы, жоокер үчүн түздөн-түз башчы секция (расчет, танк) командири болот. Кызмат тартибине негизделип, тикелей түздөн-түз башчылар, жоокер жана матростор үчүн, чыныгы аскердик кызматта болгон Өзбекстан Республикасынын генералдары, чоң жана кенже курамдагы офицерлер, ошондой эле, сержанттар жана старшиналар болсо, алар бир бөлүктөгүлөр эсептелет. Бир-бирине баш ийүүчү болбогон аскердик кызматчылар милдеттерини биргеликте аткарган абалдарда, алардын өз ара кызмат мамилелери башчы тарабынан белгилеп коюлбаган болсо, алардын мансабына көрө чоңу, тең мансапта болсо, аскердик наамдары боюнча чоң башчы саналат.

Өз кызмат статусу жана аскердик наамдарына көрө, башка аскердик кызматчыларга салыштырмалуу алардын башчысы же баш ийүүчүсү саналбаган аскердик кызматчылар чоң же кенже болуу мүмкүн. Чоңдук аскердик кызматчылардын аскердик наамдарына карап белгиленет. Аскердик наамдары боюнча чоңдор, кенже аскердик тартиптин, коом тартиби, ахлак, аскердик кийим-кечек кийиш жана аскердик саламдашууну аткаруу эрежелерин бузган абалдарда, алардан бул бузулууларды иретке салууну талап кылуу; наамдары боюнча кенжелер чоңдордун мындай талаптарын сөзсүз аткарууга милдеттүү.

### *5.2. Аскердик баалуулуктар эрежеси жана аскердик кызматчылардын сылыктыгы. Буйрук берүү жана аны аткаруу тартиби. Командирлер жана башка тикелей башчыларга кайрылуу эрежелери. Аскердик саламдашуу*

Аскердик кызматчылар бир-бирине кайрылгандарында дайым оор жана сылык болууга милдеттүү. Кызмат маселелери тарабынан бир-бирине «Сиз», деп кайрылуу керек. Өз ара мамиледе аскердик наамдарына кошуп же кызмат түрүн көрсөтпөстөн айтышат.

Башчы же чоңдордун берген суроолоруна тастык жообу болсо, аскердик кызматчы «Худди шундай», эгер тастыксыз болсо «Йўқ эди» сөздөрүн айтат. Саптан тышкары мезгилдерде бир-бирине кайрылгандарында, аскердик кызматчы «Ростлан» абалына өтөт, баш кийимине колун коёт.

Коомдук жайларда, ошондой эле, трамвайда, троллейбуста, автобуста, метро жана шаарлар ара поездердин вагондорунда бош турган орундар болбогон мезгилде аскердик кызматчы башчыга (чоңго) өз ордун сунуш кылат. Башчыга (чоңго) бетме-бет келгенде, акырын өтүп кетүү мүмкүн болбосо, анда баш ийүүчү(кенже) чоңго жол бериши жана салам берип өткөрүп жибериши, башчы (чоң) жанынан өтүп кетүү зарыл болуп калганда баш ийүүчү (кенже) андан уруксат суроо керек.

Аскердик кызматчылар аскердик эмес айрым салыштырмалуу адеп мыйзамдарын сактап, жаш чоң кишилер, аялдар жана балдарга өз алдынча



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көңүл буруу, жарандар ар-намыс жана кадыр-баркын коргоого жардам берүү, ошондой эле, кырсыктар, өрттөр жана табийгый апаттар убагында аларга жардам көрсөтүү керек. Аскердик кызматчы колун кийим-кечек чөнтөктөрүнө салып жүрүү, башчы (чоң) катышуунда анын уруксатысыз отуруусу же тамеки чегүүсү, ошондой эле, көчөдө жүрүп келе жатканда жана бул максат үчүн ажыратылбаган жайларда чегүүгө тыюу салынат.

## Буйрук берүү жана аны аткаруу тартиби

*Буйрук* — башчынын баш ийүүчүлөргө каратылган жазма жана оозеки көрсөтмөсү. Командир (башчы) буйругу баш ийүүчүлөр үчүн мыйзам. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Тартип Жобосунда көрсөтүлгөндөй, буйрук сөзсүз, анык мөөнөттө аткарылуусу керек. Буйрук берилген болсо, ал каяшасыз анык, өз мөөнөтүндө, кандай кырдаал болуудан сөзсүз, аткарылышы шарт. Согуш мезгилинде башчы тарабынан берилген буйрукту сөзсүз, анык жана өз мөөнөтүндө аткаруу жоо үстүнөн жеңишке жана ийгиликтерге жетишүү кепили.

Кошуундун жана бөлүктөр командирлеринин өз күндөлүк жумуштарын жүргүзүүдөгү өз алдынча маселелер боюнча тапшырмалары буйрук түрүндө баш ийүүчүгө жеткирилет. Кошуундун жана бөлүк командирлеринин буйрук жана көрсөтмөлөрү оозеки көрүнүшүндө, тартип-эрежелер негизинен, баш ийүүчүлөргө берилет. Кээ бир убакыттарда чоң башчы, баш ийүүчүнүн түздөн-түз башчысын четтеп өткөн абалда буйрук жана көрсөтмөлөр бериши дагы мүмкүн. Качандыр, башчы оозеки буйрук же көрсөтмө берсе, баш ийүүчү «Ростлан» абалын колдоп, буйрук же көрсөтмөнү алып болуп, «Хўп бўлади», деп жооп берет жана ошондон кийин аны аткарат. Башчы өзү берген буйрукту туура түшүнгөнүнө ишенич пайда кылуусу зарылдыгы болсо, аны кыскача кайтаруусуну талап кылуу мүмкүн.

Аскердик кызматчы берилген буйруктун аткарылуусу туурасында буйрукту берген башчыга жана өзүнүн түздөн-түз башчысына билдирүү берүүгө мажбур. Эгер буйрукту аткарып жаткан аскердик кызматчы кызмат статусуна көрө, башка чоң башчыдан биринчисин аткарууга тоскоолдук бере турган жаңы буйрук алса, бул тууралуу экинчи буйрукту берген башчыга билдирүү берет. Жана тастыкталган тагдырда акыркысын аткарат. Жаңы буйрукту берүүчү бул тууралуу биринчи буйрукту берген башчыга кабар кылат.

## Командирлер жана башка тикелей башчыларга кайрылуу эрежелери

Баш ийүүчү жана кенжелер башчы «Ўртоқ» сөзүн кошуп айтышат. Мисалы, «Ўртоқ майор, мурожаат этишга рухсат беринг». Башчы (чоң)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алдыда турган аскердик кызматчыга кайрылуу үчүн башчыдан (чоң) уруксат суралат. Мисалы, «Ўртоқ катта сержант, оддий аскар Норматовга мурожаат қилишга рухсат беринг».

Башчылар жана чондор кызмат талабы боюнча баш ийүүчүлөр (кенжелер)ге кайрылуусунда, алардын наамдарына жана фамилиясын же наамдарынын алдына «Ўртоқ» сөзүн кошуп айтат. Мисалы, «Оддий аскар Тўйчиев», «Ўртоқ оддий аскар».

### Аскердик саламдашуу

Аскердик саламдашуу аскердик кызматчылардын достордой биригүүсүнүн көрүнүшү, өз ара урмат жана маданиятын көрсөтүү белгиси саналат. Бардык аскердик кызматчылар бир-бирине бетме-бет келгенде (кууп өтүүдө) Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Сап Жобосу менен белгиленген мыйзамдарын бекем сактоо жагдайында бир-бирине салам берүүгө милдеттүү.

Аскердик наамдарына көрө, баш ийүүчүлөр жана кенжелер биринчи болуп салам беришет. Статустары тең болгон кезде болсо, ким өзүнү көбүрөөк сылык, тарбия көргөн, деп эсептесе, ошол биринчи болуп салам берет. Аскердик кызматчылар мындан тышкары, белгисиз жоокер бейитине; мекен азаттыгы жана эгемендүүлүгү үчүн согуштарда курман болгон жоокерлердин бир туугандык бейитине; аскердик бөлүктүн Күжүрмөн Желегине, ошондой эле, аскердик кемеге келгенде жана андан жөнөп кеткенде аскердик Деңиз Желегине; аскердик бөлүнмөлөр күзөтүп бара жаткан көмүү процессиясына салам берүүгө милдеттүү.

Өзбекстан Республикасы Мамлекеттик Гимни аткарылуусунда, сапта турган жоокерлер буйрук берилбестен «Ростлан» абалына өтүшөт. Взвод командири жана андан жогорку болгондор мындан тышкары, колдорун баш кийимдерине коюшат. Саптан тышкары болгон аскердик кызматчы мамлекет Гимни аткарылган кезде «Ростлан» абалына кирет, Эгер баш кийим болсо, колун кадайт.

### *5.3. Аскердик тартиптин мааниси. Аскердик кызматчылардын тартипти сактоо боюнча милдеттери. Убакытты бөлүштүрүү жана күндөлүк тартип*

*Аскердик тартип* — Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн күжүрмөн даярдык жана күжүрмөндүк шыгынын негиздеринен бири болуп эсептелет. Анын баяндары Өзбекстан Республикасынын Конституциясында, «Жалпы аскердик милдет жана аскердик кызмат жөнүндөгү», «Коргоо жөнүндөгү» мыйзамдарда жыйналган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аскердик тартип — бул бардык кызматчылардын мыйзам, аскердик Жоболор тарабынан, командирлер (башчылар) буйруктары менен белгиленген тартип мыйзамдарын бекем жана анык колдонуу. Аскердик тартип ар бир кызматчынын Өзбекстан Республикасын коргоого болгон аскердик милдет жана жеке жоопкерчилиги, өз элине теңсиз берилгендигин сезүүсү негизделет.

Аскердик тартип ар бир аскердик кызматчыдан:

— аскердик антка бектик, Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдарына баш ийисүү;

— өз аскердик милдетин чебердик жана баатырдык менен аткаруусу, аскердик ишти чын жүрөктөн үйрөнүүнү, аскердик жана мамлекет мүлкүн сактоону;

— аскердик кызмат кыйынчылыктарын эрдик менен жеңишти, аскердик милдетин аткаруу үчүн өз жанын да аябастыкты;

— сергек болууну, аскердик жана мамлекет сырларын бекем сактоону;

— аскердик кызматчылар ортосундагы аскердик Жоболордо көрсөтүп берилген өз ара мамилелерди колдоп-кубаттоону, күжүрмөн бир туугандыкты бекемдөөнү;

— командир (башчы)лерге жана бир-бирине урмат көрсөтүү, аскердик саламдашуу жана сылыктык мыйзамдарын сактоону;

— коомдук жайларда өзүн ылайык тутууну, ылайыксыз аракеттерден өзүнү жана башкаларды тыйып калууну жана жарандардын ар-намысын коргоо талап этет. Аскердик тартипти пайда кылуу, аны жогорку даражада көрсөтүү ар бир аскердик кызматчынын, биринчиден, өзүндө адамгерчиликтүүлүк, туура сөздүүлүк, адалдык, жеке жоопкерчилик, аскердик антка бектик, аскердик милдетке сыймык, деп караш сыяктуу сезимдерди пайда болушун талап кылат. Жогоруда санап өтүлгөн касиеттерин түзүүдө, биринчиден, ар бир аскердик кызматчы ушул касиеттерин өзүндө адатка алып умтулуу керек.

Армияда бекем тартип болбосо, анын төмөндөөгө учурашы аргасыз. Тартип жеңиштин негизи саналат. Улуу кол башчы бабаларыбыз — Томарис, Спитамен, Жалалиддин Мангуберди, Амир Темур, Захириддин Мухаммад Бабур өз кошуундарындагы жогорку тартиптүүлүктөн дайым жеңишке жетишкен.

Жогорку аскердик тартипке ушул касиеттер аркылуу жетишилет:

— аскердик кызматчыларда жогорку ахлакый-рухта жана күжүрмөн касиеттер менен тарбиялоо, командир (башчы) сөзсүз баш ийүү;

— ар бир аскердик кызматчынын өз милдеттери жана аскердик Жоболор талаптарын аткарууга жеке жоопкерчиликтүү;

— аскердик бөлүк (бөлүнмө)тө ички тартипке баш ийүү, бардык аскердик кызматчылар тарабынан күн тартибин бекем сактоого;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— күжүрмөн даярдыкты кунт коюп уюштуруу жана ал бардык жеке курамын тартууну;

— командир (башчы) өз кол астындагыларга талап кылуучу жана алардын аткарылуусун байкоо, аскердик кызматчылардын ар-намысын урмат кылуу жана бул жөнүндө туруктуу кайгыруу, ишендирүү, коомдук таасири сыяктуу факторлорду туура үйрөнүү жана ордуна колдоо;

— аскердик бөлүк (бөлүнмө)дө зарыл материалдык-турмуш шарттарын жаратуу;

— аскердик тартибин бекемдөөдө, кызматка жоопкерчилигин ашыруу, тарбия сапатын жогорку даражага көрсөтүүгө аскердик кызматчыларды сыйлыктоо өз алдынча мазмунга ээ. Ар бир инсандын өзү кылган эмгегинин ийгиликтерин көрүү, аны алдыңкы катарга жетектейт. Ушуларды ишенүүгө алган жагдайда тартип аскердик кызматчыларды сыйлыктоо маселесине өз алдынча көңүл бурулган.

## Убакытты бөлүштүрүү жана күндөлүк тартип

Аскердик бөлүктө убакытты бөлүштүрүү аны туруктуу күжүрмөн даярдыгын камсыздоого жана жеке курамды күжүрмөн окууну уюшкан жагдайда өткөрүү шарттары жаратылган, тартип, аскердик кызматчылардын аскердик тартиби жана тарбиясы сактала турган, алардын маданият даражасы ашырыла турган, ар тараптан турмуш кызмат көрсөтүлгөн, өз убактында дем алуу жана тамак бериле турган даражада ишке ашырылат.

Аскердик бөлүк же бирикме командири күн тартибин Куралдуу Күчтөр түрү жана кошуундар түрү, аскердик бөлүк алдында турган тапшырмалар, жыл мезгили, жергиликтүү жана аба-ырайы шарттарын эсепке алган жагдайда белгилейт.

Күн тартибинде таңкы дене тарбия көнүгүүсү, эрте менен жана кечки жуунуу, эрте мененки көрүк, окуу сабактары жана аларга даярдануу, атайын (ишчи) кийимин алмаштыруу, тамактануудан алдын бут кийим тазалоо жана кол жууш, тамактануу, курал-жабдык жана аскердик техникага кароо жана кызмат көрсөтүү, тарбиялык жана жалпы спорт сабактары, жеке курамга информация берүү, радио тыңшоо жана телекөрсөтүү көрүү, оорулууларды медицина пунктуна кабыл кылуу, аскердик кызматчылардын жеке керектүүлүк (кемиде 1 саат), кечки сейил, текшерүү жана 8 сааттык уйку үчүн убакыт көздө тутулган болуу керек.

Тамактануу ортосундагы аралык 7 сааттан ашырып жибербестик керек. Түшкү тамактан кийин жарым саат (30 минут) аралыкта сабактар же иштер өткөрбөстүк керек.

Ар жума курал-жабдык, аскердик техника жана башка материалдык ыкмаларга кызмат көрсөтүү, парктар жана окуу-материалдык имараттарын жабдуулаш жана жакшылануу, аскердик шаарчаны тартипке келтирүү жана башка иштерин аткаруу максатында кожолук күнү өткөрүлөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дал ошол күнү, кадимкидей, бардык бөлмөлөрүн жалпы жыйыштыруу, ошондой эле, жеке курамын мончодо жуунуу өткөрүлөт.

### *5.4. Жоокер жана матросторго колдонула турган сыйлыктар. Аскердик кызматчыларга колдонула турган тартип жазалар*

Сыйлык берүү аскердик кызматчыларды тарбиялоонун жана аскердик тартибин бекемдөөнүн барктуу ыкмасы. Ар бир командир (башчы) Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Тартип Жобосунда берилген укуктар тегерегинде өз колу астындагы аскердик кызматчыларынын көрсөткөн баатырдыгы, пайдалуу чыгармачылыгы, тырышчаактыгы жана үлгүлүү кызматы үчүн сыйлык бериши керек.

Жоокерлер, матростор, сержанттар жана старшиналарга колдонула турган сыйлык берүү көрүнүштөрү төмөнкүлөр: алдындан берилген тартиптүү таасир чараларын бекер кылуу; ыраазычылык жарыялоо; аскердик кызматчынын журтуна же кызматка чейин болгон окуу жайы (жумуш жайы)на ал аскердик милдетин үлгүлүү аткарып жаткандыгы жана сыйлык алгандыгы туурасында кабар берүү; ардак грамота; кымбат баалуу белек же акча менен сыйлоо; аскердик кызматчыны аскердик бөлүк Күжүрмөн желеги астында сүрөткө алуу менен сыйлоо; сержанттар (старшиналар)га алар штат боюнча ээлеп турган мансабында аскердик наамдарынан бир баскыч жогорку аскердик наамдарын берүү, эң мыкты деген төш белгиси менен сыйлоо; жоокер, матрос, сержант, старшиналарга жолго кеткен убакыттан тышкары 10 суткага чейин эс алуу.

Эң мыкты деген төш белгиси менен жоокерлер гана, матростор, сержанттар жана старшиналар аны менен бирге окуу жылы убагындагы эң жакшы көрсөткүчтөргө жетишкендер сыйланат. Аскердик бөлүк (кеме)түн урмат китебине жазуу, жоокерлер, матростор, ошондой эле, сержанттар жана старшиналар акыркы кызмат мезгилинде эң жакшы көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн запаска бошотуу алдынан колдонулат.

Кыска мөөнөттүү эс алуу сыйлык берүү тартибине негизделип, мөөнөттүү кызмат убагында жоокерлер, матростор, ошондой эле, сержанттар жана старшиналарга бир жылда бир жолу, матрос жана старшиналарга бир жарым жылдык мөөнөттүү кызматтары убагында эки жолу берилет. Сыйлыктар Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөр саптарында келишим негизинде кызмат өтөп жаткан жоокерлер, матростор, сержант жана старшиналарга дагы колдонулат.

#### **Аскердик кызматчыларга колдонула турган тартип жазалар**

Жоокерлер жана матросторго колдонула турган тартип жазалар дагы, ошондой эле, сыйлык берүү сыяктуу аскердик кызматчыларды тарбиялоо, аскердик тартипти бекемдөө дагы негизги түрлөрдөн сыйлык берүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

менен бирге тартип жазалар колдонулат. Тартип жазаны колдоодон негизги максат башка аскердик кызматчылар тарабынан мындай кемчилдик-жетишпестиктерге жол бербестик.

Аскердик тартипти бузгандыгы жана администиративдик мыйзам бузгандыгы үчүн аскердик кызматчы өзү жоопкер.

Жоокер, матрос, сержант жана старшиналарга бериле турган тартип жазалар: сөгүү; катуу сөгүү; жоокер жана матросту кезектеги жооп берүүдөн же кемеден жээкке чыгаруу укугун жок кылуу; мөөнөттүү кызматтагы жоокер жана матросторду беш нарядка чейин кезектен тышкары нарядка дайындоо; 10 суткага чейин абакта (гаупвахта) кармап, аскердик кызматты өтөп жаткан сержант жана старшиналарга алардан тышкары мансабыдан төмөндөтүү; аскердик наамдарынан бир баскыч төмөндөтүү; аскердик наамдарынан бир баскыч төмөндөтүп, төмөн мансапка өткөрүү; сержант (старшина) наамдарын алып коюу чарасы колдонулат. Аскердик кызматты келишим негизинде өтөп жаткан жоокер, матрос, сержант жана старшиналарга, алардан тышкары, запаска мөөнөтүнөн алдын бошотуу, мөөнөтүнөн алдын запаска бошотуп, сержант (старшина) наамдарын алып коюу чарасы белгиленген.

Тартип сөгүш чарасы жана айыбы аныкталганда, төмөнкүлөр эсепке алынат: кыймыл-аракеттеринин эчтекесин калтырбай, болуп өткөн окуя, анын айыптуулары, айыптуунун алдынкы мүнөзү, ошондой эле, тартип билүү даражасы. Тартип жазаасынын катуулугу, эгер окуя күжүрмөн кезекчиликте (күжүрмөн кызмат) жана башка кызмат тапшырмаларды аткарууда, мас абалда же тартипти оор бузууга алып келсе, күчөйтүрүлөт.

Тартип жазалар эрежелерге көрө, тездик менен аткарылат жана кырдалдуу абалдарда бир ай ичинде аткарылат. Бир айлык мөөнөт бүткөндө, жаза аткарылбайт, бирок ал жөнүндөгү каттоо кызмат барагында сакталат. Сыйлык берүү жана тартип жаза чаралары тикелей башчылар, айрым абалдарда гарнизон башчылары, деңиз чондору жана гарнизон аскердик коменданттары тарабынан белгилениши мүмкүн.

## *VI бөлүм.* ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН ИЧКИ КЫЗМАТ ЖОБОСУ

### *6.1. Күндөлүк наряд, взвод боюнча пасбандын тапшырмалары. Взвод боюнча пасбандын милдеттери*

Күндөлүк наряд аскердик бөлүктүн ички тартибин сактоо, жеке курам курал-жабдыгы, аскердик техникасы, ок-дарылары имараттар жана мүлкүн коргоо бөлүнмөлөрүндө иштердин абалын текшерүү аны менен бирге укук бузулуулардын алдын алуу боюнча чараларын өз убактында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кабыл кылуу, ошондой эле, ички кызмат боюнча башка милдеттерини аткаруу үчүн белгиленет. Взводдун күндөлүк нарядына кезекчи жана пасбандар дайындалат. Пасбандарды алмаштыруу жана алардын саны бригада командири тарабынан көрүп чыгылат.

Күндөлүк наряддын жеке курамы күн тартибинде көрсөтүлгөн саатта кызмат ордун ээлей турган, 3 саат мурда күзөтчү ордун ээлегенде болсо, 4 сааттан кем эмес алдын кызматын өтөөгө даярдык көрүү, ошондой эле практикалык сабактар өткөрүү 1 сааттан кем эмес дем алуу (уйку) үчүн берилет. Кезекчи жана пасбан найза-бычак менен куралданат. Кезекчи сержанттардан, чыгаруу түрүндө баарынан көрө жакшы даярданган жоокерлер арасынан дайындалат. Ал взводдо күн тартибинин анык аткарылуусу жана ички тартипти сактоо, куралдар, ок-дары салынган кутулар, взвод мүлкү, жоокер жана сержанттардын жеке буюмдарын сактоо жана кезекчилер кызматын туура өтөө үчүн жооп берет.

Пасбан бригада боюнча кезекчи, анын жардамчысына, взводдогу ички кызмат боюнча болсо, взвод командирине, взвод старшинасына баш иет. Кезекчиде металлдан даярдалган төш белгиси же сол колунда катуу кездемеден тигилген жеңинде таңгыч болуп, анда «Взвод бўйича навбатчи» жазуусу болуу керек.

**Взвод боюнча пасбан милдеттери**

Взвод боюнча пасбан жоокерлерден дайындалат. Анын коргоосунда болгон куралдар, топтолгон жавандар (кутулар), ок-дары кутулары, взвод мүлкү, жоокер жана сержанттардын жеке заттарын сактоо үчүн жооп берет. Взвод боюнча кезекчиге баш иет.



*6-сүрөт.* Взвод боюнча пасбан.

Кезекчиликтеги взвод пасбаны төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү: взвод боюнча кезекчинин уруксатысыз взвод бөлмөсүнөн эч жакка жылбоого, курал сактоо бөлмөсүн туруктуу байкап турууга, чоочун кишилерди бөлмөгө өткөзбөстүккө, ошондой эле, казармадан взвод боюнча кезекчинин уруксатысыз курал-жаракты алып чыгып кетилишине жол бербестикке, взводдогу бардык бактысыз окуялар, взвод жоокерлери же сержанттары ортосундагы өз ара мамилелеринин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жоболордо белгиленген эрежелери бузулуштары туурасында взвод боюнча кезекчиге тездик менен билдирүү; аларды иретке салуу үчүн чаралар көрүү; жеке курамды жалпы уйкудан ойготуу кезинде, ошондой эле тревога кезинде же өрт чыкканда ойготууга; күн тартибине ылайык, буйруктарды өз убактында берүүгө; бөлмөлөрдө тазалык жана тартипти текшерип туруу, кызматчылардан аларды сактоону талап кылуу, аскердик кызматчыларга гана ажыратылган бөлмөлөрүндө же жайларында чегүүгө, бут кийим жана кийимдерин тазалоодо көзөмөлдөп турууга, взвод командири жана андан жогорку, тикелей башчылар жана бригада боюнча кезекчи келгенде, «Ростлан» командасын берүү; взводдун башка офицерлери, ошондой эле, взвод старшинасы жана өз взводунан болбогон аскердик кызматчылар взводго келиши менен кезекчини чакырууга милдеттүү.

Мисалы, кезектеги пасбанга отуруу, курал-жабдыктарын чечүү аны менен бирге кийиминин түймөсүн чечүүгө тыюу салынат. Бош турган кезектеги пасбан взвод бөлмөлөрүндө тазалык жана тартипти сактоого аны менен бирге взвод боюнча кезекчинин уруксатыз эч жакка жылбастыкка, взвод жоокерлери же сержанттары ортосундагы өз ара мамилесинин аскердик Жоболордо белгиленген эрежелери бузулган абалдарда баш пасбан тартип орнотууга жардам берүү; взвод боюнча кезекчи ордунда калганда, анын милдеттерин аткарууга мажбур (6-сүрөт).

### *6.2. Кезектеги пасбан өз тапшырмаларын аткаруу жайы жана анын жабдуулары. Тревога жарыяланганда, өрт убагында, тикелей башчылар, башка взводдогу аскердик кызматчылар келгенде, взвод командирин чакырууда пасбандын кыймыл-аракеттери*

Взвод боюнча кезектеги пасбан казарма бөлмөсүнүн ичине кирүү эшиги алдыда, курал сактоо үчүн бөлмө жанында кызматын өтөйт. Кызмат милдетин өтөө үчүн өз алдынча жай жабдууланат. Жабдууланышка төмөнкүлөр кирет:

- взвод боюнча кезекчинин документтер стенди;
- жыгачтан жасалган тумбочка, телефон;
- Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Жоболору жана өрт өчүрүү заттары.

Кезекчинин документтеринде төмөнкүлөр болуу керек:

- взвод боюнча кезекчи жана пасбандын колдонмолору (инструкция);
- тревога болгондо же жыйын жарыя кылынганда же өрт чыкканда көрүлө турган чаралар колдонмосу, күн тартиби;
- взвод аскердик кызматчылардын, казармадан тышкарыда жашоочулар тизмеси, үй дареги, телефондо чакыруу түрлөрү;
- взводго бириктирилген аянт айланысын тазалоо схемасы;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

• эртең мененки дене тарбиялык көнүгүүлөрдү өткөрүүдө жоокерлер кийими үлгүлөрү;

• кезекчиликти каттоо китеби, курал-жарак, ок-дары берүүнү тизмеге алуу китеби;

• взвод боюнча оорулууларды жазуу дептери;

• аскердик бөлүк боюнча кезекчи жана өрт өчүрүү командасынын телефон номерлери болуу шарт.

### Тревога жарыялaнганда, өрт чыккан мезгилинде, тикелей башчылар, башка взводдогу аскердик кызматчылар келгенде, взвод командирин чакырууда пасбандын кыймыл-аракеттери

Бул окуучулар менен практикалык аткарылат. Взводдо тревога жарыя кылынганда, кезекчи үлгүлүү команда боюнча «Взвод, тревога», деп аскердик кызматчыларды чакырылат.

Эгер өрт чыккан болсо, «Взвод, ёнғин» командасын берүү менен эскертилет. Взводдогу жеке курам уйкуга кетүүдөн алдын болсо «Взвод, уйқуга» командасын, таңкы уйкудан ойготуу үчүн болсо, «Взвод, уйғон» командалары берилет. Взводго тикелей башчылар келсе, «Ростлан. Взвод навбатчиси эшикка» командалары берилет. Бул командалар взвод командири келгенде дагы ошондой команда берилет. Взвод жеке курамы уйкуга кеткен убакытта, тикелей башчылар келип калганда «Ростлан» командасы берилбестен, взвод боюнча кезекчи чакырылат. Взвод командири кээ бир аскердик кызматчыны жоктогондо, пасбан чакыруу командасын берет. Мисалы, «Оддий аскар Солиев, взвод командирининг олдига».

Взводго үчкө чейин пасбандар дайындалып, дем алуудагы пасбан болсо, казарма бөлмөлөрүн таза, жыйнак абалга келтирип барат. Взводдогу кезекчи күндүзү эс алуу убактында, анын милдетин убактылуу взвод пасбандардан бири аткарып турат.

## *VII бөлүм.* ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН ГОРНИЗОН ЖАНА КҮЗӨТ КЫЗМАТТАРЫ ЖОБОСУ

### *7.1. Күзөт кызматы жана аны уюштуруу. Күзөт жана анын курамы*

Күзөт кызматын өтөө күжүрмөн тапшырманы аткаруу эсептелип, жеке курамдан Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Гарнизон жана күзөт кызматы бардык мыйзамдарын толук сактоо, жогорку сергектик, чыдамдуулук жана демилгелүүлүк талап этилет. Күзөт кызматы талаптарын бузган айыптуулар ахлак түзөтүү же кылмыш жоопкерчиликке тартылуусу Жободо көрсөтүлгөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аскердик бөлүктөрдө күзөт кызматын ишке ашыруу үчүн күзөтчүлөр (кароолдор) дайындалат. Бөлүк Куҗүрмөн желегин, аскердик жана мамлекет объекттерин күзөтүү аларды коргоо менен бирге куҗүрмөн тапшырманы аткарып жаткан, ошондой эле гаупвахта жана ахлак түзөтүү батальондорунда сакталып жаткан кишилерди күзөтүүдөгү куралданган бөлүнмө күзөт деп аталат. Күзөтчүлөр эки түргө: гарнизон күзөтчүсү жана ички күзөтчүгө бөлүнөт.

*Гарнизон күзөтчүсү* милдетине корпус жана борбордук объекттерди күзөтүү, аларды коргоо, өзүнүн коргоо бөлүнмөсүгө ээ болбогон жалпы гарнизон баркына тең болгон объекттерди аны менен бирге бир-бирине жакын жайларда аскердик бөлүктөр жана бөлүнмөлөр объекттерин, ошондой эле гарнизон гаупвахтасында сакталып жаткан кишилерди коргоо кызматтары кирет.

*Ички күзөтчүлөр* милдетине болсо, ар бир аскердик бөлүк объекттердин күзөтүү жана коргоо тапшырылат. Аскердик бөлүктөрдөгү самолеттор, вертолёттор, аэродромдогу авиация бөлүгүнүн башка объекттерин күзөтүү жана аларды коргоо аскердик бөлүк тарабынан уюштурулат ички күзөтчү ишке ашырат.

Туруктуу күзөтчүлөр күзөт жадыбалында болуп, убактылуу күзөтчүлөр болсо жадыбалыга жазылбайт, алар артылып жаткан жана түшүрүлүп жаткан же убактылуу складда турган аскердик мүлктөрдү күзөтүү жана коргоо, ар түрдүү транспорт ыкмаларында ташууда аскердик мүлктөрдү байкоо, ошондой эле туткун жана камалган кишилерди күзөтүү үчүн гарнизон башчысы же аскердик бөлүк башчысынын буйругу менен дайындалат.

Гарнизон күзөтчүсү гарнизон башчысына, гарнизон аскердик комендатурага, гарнизон боюнча кезекчи жана анын жардамчысына, гаупвахта башчысына баш иет. Ички күзөтчү болсо аскердик бөлүк командирине, аскердик бөлүк боюнча кезекчиге жана аскердик бөлүк боюнча кезекчи жардамчыга, эгерде офицер болсо, баш иет. Аскердик бөлүк бөлүнмөлөрүндө өзүнчө жайгашкан батальон (дивизион) объекттерин корголуп жаткан ички күзөтчү жогоркудагылардан тышкары ошол батальон (дивизион) командирине жана аскердик наамдары тең же чоң болсо, ошол батальон (дивизион) боюнча кезекчиге баш иет.

Сержанттардан аскердик бөлүк боюнча кезекчи жардамчысына башчылары офицер болбогон күзөтчүлөр баш ийишет. Таратуу кезинде гарнизон (аскердик бөлүк) боюнча кезекчини күтүп алуу үчүн, «Қаддингни ростла» командасы берилгенден баштап, күзөтчү жогоркудагы кишилер карамагына өтөт. Алмашуудан кийин өз аскердик бөлүгүнө (бөлүнмөсүнө) жолго чыгуу үчүн күзөт башчысынын «Қадам бос» командасы берилгенден баштап алардын карамагынан чыгат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Күзөт жана анын курамы

Күжүрмөн тапшырманы өтөп жаткан күзөт курамы төмөнкүлөрдөн турат: күзөт башчысы, пост жана алмашуу саны боюнча күзөтчүлөр, таратуучу, зарылдык туулса, күзөт башчысынын жардамчысы, күзөт башчысынын техникалык ыкмалар менен коргоо боюнча жардамчысы (оператор) же операторлор сменасы (үч, төрт киши, алардан бирөөсүн күзөт башчысынын техникалык ыкмалар менен коргоо боюнча жардамчысы кылып дайындаш мүмкүн, күзөт башчысынын корукчу иттер кызматы боюнча жардамчысы жана транспорт ыкмалары айдоочулары).

Бирикмелер, андан жогорку штаб жана башкарма пункттарын, ошондой эле мекемелерди коргоо боюнча күзөтчүлөр катарында жогоруда саналган кишилерден тышкары, текшерип өткөрүү пост күзөтчүлөрү, гаупвахтадагы күзөт катарында болсо тышкарыга чыгаруучу болот.

Объекттерди күзөтүү жана коргоо үчүн күзөтчүлөр катарынан сакчылар чыгарылат. Өзүнө тапшырылган постту күзөтүү жана коргоо боюнча күжүрмөн тапшырманы аткаруучу куралданган күзөт *сакчы* деп аталат. Күзөтүү жана коргоо үчүн сакчыга тапшырылган бардык нерсе, ошондой эле, ал өз тапшырмасын аткарып жаткан жай же жер участкасы *пост* деп аталат, техникалык коргоо ыкмалары жардамында күзөт корукталып жаткан объекттер жана бул коргоо ыкмалары орнотулган жер участкасы дагы постко карайт.

Сакчы объекттер коргоосун объект айланысында ички жана тышкы дубал ортосунда, эгер объект бир дубал менен оролгон болсо, дубалдын ички жагы узунунан патрулдоо жолу менен ишке ашырат. Ошондой эле, сакчылыкты мунарадан туруп ишке ашырууга да болот. Айрым постторду сакчылар жайында туруп коргоого мүмкүн. Барктуу мазмунга ээ мамлекет жана аскердик объекттер корукталып жатканда сакчылар өз тапшырмасын байкоо мунарасынан туруп ишке ашырат. Мындай абалдарда алар алыстыгы 500 метрге чейин болгон объекттерди күзөтүү жана коргоо мүмкүн.

Объекттерди патрулдоо жолу менен коргоону уюштурууда, аларды тосмосу жана жердин шартарына карап күзөтүү жана коргоо үчүн сакчыга төмөнкү кошумча участкалар берилет: күндүзү — 1000 метрге чейин, кечээси — 500 метрге чейин, техникалык коргоо ыкмалары менен жабдууланган объекттерде болсо күндүзү — 2 километрге чейин, түнкүсүн — 1 километрге чейин. Жагдайсыз аба-ырайы (калың туман, жамгыр, кар жааганда) объекттерди коргоону байкоо үчүн, кошумча күзөт же транспорт ыкмасыда патруль дайындашы мүмкүн.

Объекти бекем күзөтүүнү камсыздоо үчүн аракет багыт боюнча тездик менен жүрүп кетип жаткан сакчы айлананы жана дубалдарды байкоо үчүн, ошондой эле кызматтын барышы жөнүндө байланыш ыкмасы аркылуу күзөт башчысына кабар берүү үчүн токтоп алат. Айлана жакшы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрүнүштө болуп, жай ыңгайлуу болсо, сакчы кызматын байкоо мунарасы аркылуу ишке ашырат.

Сакчыга жардам берүү зарылдыгы туулганда, ар бир күзөтканада сергектерден жана эс алууда жаткандардан запас тобу түзүлөт. Алар күзөтчүнүн «Куроллан» деген чакыруусун угушу менен күзөт башчысы, анын жардамчысы же таратуучу жетекчилигинде тартип бузулган жайга жетип барат аны менен бирге кырдаалга карап иш көрөт. Мындай топторду тартип бузулган жайга тездик менен жеткирүү зарыл болгон мезгилдерде алар транспорт ыкмасы менен, айрым абалдарда болсо бронетранспортёр (кужүрмөн машина)лор менен камсыздандырылат.

Күзөт жеке курамы күзөтчүнүн кийиминде (1-кошумча) болуу керек. Алар атууга жарактуу найза-бычактуу автомат же найзалуу карабин менен, күзөт башчысы жана анын жардамчылары штаттар боюнча куралданат. Күзөт кызматын өтөп жаткандар кужүрмөн патрондор менен камсыздалат: ар бир пистолет жана автоматка — экиден толтурулган магазин; ар бир карабинге — оттуз патрон салынган бир обойма. Гарнизон башчылары же аскердик бөлүк командирлеринин буйругу менен күзөтчүлөрдүн ар бири пулемёт, үчтөн толтурулган магазин менен жана ар бир күзөтчүгө экиден граната берилиши мүмкүн.

Күзөт жеке курамына ок-дарылар, пистолет менен куралдангандан тышкары, күзөт окуу майданындагы практикалык сабактардан кийин берилет.

*1-тиркеме*

**КҮЗӨТЧҮНҮН КИЙИМ-КЕЧЕГИ**

1. Күзөтчүнүн кийим-кечеги (пачо постун, ысык талаа кемзал) таза жана жарактуу күндөлүк талаа кийим-кечек жыйнагы,бут кийим, баш кийим, бел кемери жана магазин(ок жайлашка рамка) калтасынан турат.

Кужүрмөн желекте постто турган аскердик бөлүк күзөтчүлөрү майрам кийим-кечекте болуу мүмкүн.

Пост кийим-кечеги сапатында: кыш убакыты үчүн постун жана кийиз өтүк, жаз убакыты үчүн калпактуу плащь же плащь-чатыр жана суу өтпөй турган бут кийим колдонуу мүмкүн.

Пост кийим-кечеги, постундан тышкары, ар бир постко эки жыйнактан турат, алардан бири күзөтканада, башкасы постто турат. Мындан тышкары, күзөтканада плащь же плащь-чатыр жана күзөт башчысы, анын жардамчысы, таратуучулары жана тышкарыга алып чыгуучулар үчүн атайын суу өтпөй турган өтүк болуу керек.

Өз алдынча абалдарда гарнизон башчысынын буйругу менен сакчылар ок өткөзбөй турган броне кийим жана темир калпак (каска) кийүүсү мүмкүн.

2. Күзөтчүлөр постторго дайындоо жайына шинелде (пачо постун, ысык талаа кемзалда) келиши керек, аба ысык мезгилдерде гарнизон аскердик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*1-тиркеменин уландысы*

комендантынын (аскердик бөлүк штаб башчысынын) буйругу менен күзөт постторго дайындалуу жайына шинелсиз (пачо постунсуз, ысык талаа кемзалсыз) келиши мүмкүн.

Шинельди (пачо постунду, ысык талаа кемзалын) кийип жүрүү тартиби: постторго дайындоо мезгили күзөтчүлөр боюнча (аскердик бөлүк боюнча) кезекчи үчүн, дайындалуудан кийин күзөт башчысы үчүн өзгөртүрүлүшү мүмкүн.

3. Жаз күндөрү суук шамал жана жамгыр мезгили смена, постторго шинелдерде (ысык талаа кемзалында) жөнөө мүмкүн. Аба даражасы көлкөдө 15°С дан жогору болгондо сменаларга шинелдерди (ысык талаа кемзалын) күзөтканада илгичте калдырууга уруксат берилет.

4. Жамгырлуу абада смена постторго күзөт плащь (плащь-чатыр) жана суу өтпөй турган бут кийимде жөнөйт. Плащтарды (плащь-чатырды) сакчылар зарылдык туулганда чечишет (кийишет).

5. Пост постунун постто смена алмаша турган убакытта кийилет. Кийиз өтүк күзөтканада кийилет. Постун жана кийиз өтүктү даражасы −5°С дан жана ызгырындуу суук шамалда кийишке уруксат берилет.

Постун шинелдин (ысык талаа кемзалы) үстүнөн кийилет. Чечилген постун жана плащь (плащь-чатыр) пост жашырын жайына же байкоо мунарасына илип коюлат. Плащь (плащь-чатыр) жана кийиз өтүк посттон келгенде чечилет жана курутулат.

6. Ичи ысытыла турган имараттардагы сакчылар даражасы 18°С дан төмөн болбогон даражада дайым шинелсиз (пачо постунсуз, ысык талаа кемзалсыз) болушу керек.

## *7.2. Күзөтчүлөрдү даярдоо. Сакчы жана анын милдеттери*

Күзөтчүлөр дайындалган аскердик бөлүк командирлери күзөт жеке курамынын дайындалуусуна жана аны кызматка даярдоого, куралдар жана ок-дарылардын иштетүүгө жарактуу абалына жана күзөтчүлөрдүн өз убактында таратуу чараларына жетип келишине жооп берет.


Аскердик ант кабыл кылбаган, жаңы кызматка келген, бирок дагы маалым даярдыкка ээ болбогон, кылмыш кылган, кылмыш кылууда күмөндүү саналган үстүнөн тергөө иштери алып барылып жаткан, өзүнүн ахлактуурухий көз карашы ошол кезде күзөт кызматын өтөөгө даяр болбогон, оору жана башка аскердик кызматчыларды, ошондой эле ахлак түзөтүү жазалоо мөөнөтүн өтөп жаткандарды күзөтчүлүккө коюга тыюу салынат.

Нарядка кире турган түнү күзөтчү дайындалган аскердик кызматчылар эч кандай кызматка, сабакка же ишке катыштыруу мүмкүн эмес. Нарядка кире турган күн күзөт жеке курамына күн тартибинде белгиленген сааттарда кызматын өтөөгө даярдык көрүү үчүн 3 сааттан кем эмес убакыт берилиши керек. Күзөткө тургандан соң бир күн өткөндөн кийин 4 сааттан көп эмес, андан тышкары 1 сааттан кем эмес уктоого убакыт берилет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*7-сүрөт.* Жеке курам кызматын өтөөгө даярдоо үчүн күзөт шаарчасын жабдуулаш:

*Окуу-сабак жайлары:*

*А*—күзөтчүнү теориялык окутуу классы; *Б*—куралды октоо жана оксуздандыруу боюнча сабак өтүү жайы; *В*—постту кабыл кылуу жана тапшыруу; *Г*—өрт чыкканда сакчы аракети; *Д*—ар түрдүү шарт кезинде сакчынын посттогу аракети; *Е*—кол күрөш усулдары көнүгүүсү; *Ж*—Күжүрмөн Желек постундагы сакчынын аракети; *З*—сакчынын аскердик жүк (аскердик бөлүк, ушундай ишке бөлүнгөн күзөтчү үчүн) артылган транспорту коргоого даярдоо.

*Жабдыктар:*

*1*—жарытуу плафону; *2*—плакаттар (өздөштүрүлө турган окуу-сабак жайлары) үчүн сүрөт; *3*—өрт өчүргүчтөр; *4*—байланыш ыкмалары; 5—тыюу салынган чек ара (чоочун кишилерге жакын келиши тыюу салынган аралык); *6*—коргоонун техникалык ыкмалары, текшерүү-өтүү жолу жана сакчынын аны менен бирге транспорт ыкмаларынын жүрүү үчүн сокмок (жол) менен жабдууланган посттор периметри белгилери; *7*—пост баш маанек (грибок); *8*—башкаруу пульту; *9*—кол күрөш усулдарын машыгуу жайы; *10*—күзөт саптала турган майдан; *11*—плакат (постогу сакчынын колундагы курал абалы); *12*—сакчы үчүн оролгон тоскоол; *13*—плакат (күзөтчүлөрдүн милдеттери жана аскердик жүк артылган транспортту коргоо убагындагы коопсуздук талаптары); *14*—күзөт жеке курамы менен сабак өткөрүү планы; 15-акча салына турган куту; *16*—ок кутуга (магазин) (ок жайлоо рамкаларга) ок салына турган жай; *17*—бут кийим тазалоочу жай.

Взводдон (батереядан) дайындалган күзөт жеке курамын даярдоо үчүн взвод (батарея) командири өзү тарабынан ишке ашырылат.

Күзөт кызматын өтөөгө даярдык үч баскычта алып барылат:

• биринчи, нарядка кирүүдөн эки-үч күн алдын посттор номерлери боюнча күзөт жеке курамы дайындалат жана бөлүнөт;

• экинчи, нарядка кирүүдөн бир күн алдын күн тартибинде көрсөтүлгөн сааттарда күзөт жеке курамы менен аскердик жобо эрежелерин, коруктала турган объекттер макетине пост номерин койгон жаг-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дайда посттогу сакчынын негизги милдеттери жана аракет түрлөрүн үйрөнүү, коопсуздук талаптарын аткаруу боюнча сабактар өткөрүлөт;

• үчүнчү, күзөткө кире турган күн посттогу сакчынын тапшырмасы жөнүндө практикалык сабактар өткөрүлөт.

Жобо эрежелери жана сакчынын негизги тапшырмаларды үйрөнүү сабактары күзөтчүлөр даярдоо бөлмөсүндө, гарнизон күзөтчүлөрү менен практикалык сабак — аскердик комендатура күзөт шаарчасында, ички күзөтчүлөр менен сабак болсо — аскердик бөлүк күзөт шаарчасында өткөрүлөт (7-сүрөт).

## Сакчы жана анын милдеттери

Сакчы эч ким тийбес киши. Анын эч кимдин тийбестиги төмөнкүлөрдөн турат:

• анын укуктары жана инсандык кадыр-кымбаты мыйзам коргоосунда;

• анын чечимдүү маалым кишилерге — күзөт башчысына, анын жардамчысына жана өзүнүн таратуучусуна баш ийет;

• милдети боюнча бардык кишилер анын талаптарын сөзсүз аткарышы;

• жободо көрсөтүлгөн абалдарда курал иштетүү укугу берилет.

Жалаң гана күзөт башчысы, күзөт башчысынын жардамчысы жана сакчы баш ийген таратуучу сакчынын посттон алмаштыруу жана алуу укугуна ээ. Күзөт башчысы, анын жардамчысы жана таратуучу курман болсо же ден соолугу тараптан өз тапшырмасын аткара албай калса, күзөтчүлөрдү посттон алуу жана алмаштыруу гарнизон (аскердик бөлүк) боюнча кезекчи өз взводу (батерея) же батальону (дивизиону) командири катышуунда ишке ашырылат.

Күзөт постуну кабыл кылып алуудан мурда таратуучу (күзөт башчысы же анын жардамчысы) жана кезекчи тапшырып жаткан сакчы менен жеке табель номери боюнча коргоого кабыл кылынып жаткан бардык нерсенин бар болгонун текшерүү; туткундарды коруктоо үчүн — постто турган кезде болсо кулпулардын, панжаранын абалын жана камераларда сакталып жаткан туткундардын санын текшерүү керек.

Сакчы төмөнкүлөргө милдеттүү:

• өз постун сергектик менен коргоого жана тик турган абалда коргоого;


• сергектик менен коргоого, эч нерсеге алаксыбастыкка, куралын колдон бербестикке жана эч кимге, кур дегенде өзү баш ийген кишилерге дагы бербестикке;

• көрсөтүлгөн багыт боюнча аракет кылып же байкоо мунарасында туруп, постко келе турган жолдорду, тоскоолдорду назар менен күзөтүүгө жана пост номеринде көрсөтүлгөн убакыттарда кызматтардын жүрүшү жөнүндө байланыш ыкмалары аркылуу кабар кылып турууга;




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Тышкары постордо: күндүзү — «камарга» абалында же куралды тик туруп ок үзүүгө даярдоо абалында; түнкүсүн — куралды тик туруп ок үзүүгө даярдоо абалында.



Ички посттор жана Кужурмөн желек жанындагы постто. Өрт өчүрүү абалында. Плашь-чатыр кийген абалда.

*8-сүрөт.* Посттогу сакчы колундагы курал абалы.

• кезек алыштырылбаса же аны посттон алынбаса, жашоосуна кооп туулган кезде дагы посту таштап кетпестикке (посту уруксатысыз таштап кетүү аскердик кылмыш эсептелет);

• постто дайыма октолгон курал алып турууга жана дайыма бардык нерсеге даяр болуп турууга;

• пост номеринде көрсөтүлгөн жана сырдуу чек ара көрсөткүчтөрү менен ажыратылган жайдан ичкериге, пост кашына күзөт башчысы, анын жардамчысы жана өзүнүн таратуучусу жана алар баштап келген кишилерден башка эч кимди койбостукка;

• күзөт транспорту ыкмалары аракет багытын жана таанышуу, ошондой эле өзүн таанытуу белги жана сигналдарын билүүгө;

• постто өрт өчүрүү ыкмасын иштете алууга;

• объект (пост) тоскоолдорунда бузулган жай, өз постуна жакынкы же кошуна постто тартип бузулганын сезсе, күзөт башчысын чакырууга;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

• корукчу иттин үргөнүн угушу менен, бул жөнүндө күзөтканага кабар берет.

Сакчы постто найза уланган курал менен туруу керек. Бүктөмө кундактуу автомат найзасыз болот (анын бычак найзасы кайыш курдагы кында турат); түндө тик туруп атууга даяр турган абалда; күндүзү — «тасма елкага» же тик туруп атууга турган абалда ички посттордо жана аскердик бөлүк Күжүрмөн желек корукталып жаткан постто жыгач кундактуу автомат «тасма-елкага», бүктөмө кундактуу автомат «кўкракка», карабин «оёққа» абалында кармалышы керек; ок толтурулган магазин (обойма) салынган сумка топчуланбаган болуу керек. Өрттү өчүрүү же табигый апат акыбеттерин жоготуу кезинде сакчыга куралын «қурол орқага» абалында алып жүрүүгө уруксат берилет (8-сүрөт).

Сакчыга төмөнкүлөр тыюу салынат: уктоо, отуруу, бир нерсеге эңкейүү, жазуу, окуу, ырдоо, сүйлөшүү, чечүү, ичүү, чегүү, табигый керектерине баруу, кимдигине карабастан, бирөөгө нерсе берүү жана бирөөдөн нерсе алуу, керексиз кезде патронникке патрон жөнөтүү. Сакчы күзөт башчысынын, анын жардамчысынын, өз таратуучусунун жана текшерүү үчүн келген кишинин гана суроолоруна жооп берүү керек.

### *7.3. Пост жана анын жабдуулары. Сакчынын посттогу аракеттери. Сакчы колундагы курал менен аракеттенүүсү жана куралдан колдонуу усулдары*

Корукталып жаткан объекттер жайлашкан аянт дубал (такта, сым жана у.с.) менен ороп алыныш керек.

Корпуска, борборго баш ийген объекттерде коруктала турган жардыруучу заттар (взрывной вещество), ок-дарылар, жануучу заттары жана башкалар сактала турган складдар жайгашкан аянттардагы дубал бийиктиги 2 метрден кем болбогон, сым тоскоолдор арасы 15 см.ден кем болбогон ички жана тышкы тоскоолдорго ээ болуу шарт. Ички жана тышкы тоскоолдор арасы жергиликтүү жай шартынан келип чыгып аныкталат, балким 10 метр жана андан артык болуу мүмкүн. Тоскоолдор арасында сакчынын жүрүшү үчүн чыйыр жол, эни 5 метр тосуктун тышкы жагына жакын турган байкоо-текшерүү сызыгы келип чыгат.

Корукталып жаткан объект айлананы күзөтүүгө ыңгайлуу болуу үчүн тоскоолдор аралыгында (тышкы тоскоол үстүндө) байланыш ыкмалары, чакыруу ыкмалары, чырактар жана чагылган кайтаруучу курулмалары менен жабдууланган байкоо мунарасын куруу керек (9-сүрөт).

Өтө барктуу объекттерде, мансаптуу кишилер буйругуна көрө, куралдар жана байкоо аспаптары орнотулган инженердик имараттары же ок өтпөй турган тоскоолдуу байкоо мунаралары курулушу мүмкүн. Корукталып жаткан объектке жакын жайга, зарылдык болсо, күндүзү жана




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*9-сүрөт.* Байкоо мунарасы.




Сакчы мунарасы тамынын планы.

түндө жакшы көрүнбөй турган төмөндөгү мазмундагы: «Ўтиш ман этилади (йўл йўқ)» жазылган көрсөткүч орнотулат. Айланып өтүлө турган жол көрсөткүчтөрү менен көрсөтүп коюлат. Бул көрсөткүчтөрдөн маалым бир убактында коюлушу керек.

Аскердик бөлүк территориясындан четте жайлашкан объекттер айланасыдан өтүүгө тыюу салынат жай жана орундар мамлекет акимчилигинин жергиликтүү уюмдары жана башкармалары менен келишилген жагдайда мыйзамга ылайык көрүнүшүндө аныкталат. Өтүүгө тыюу салынган жай (орду) чек арасы өзбек жана орус тилдеринде: «Ўтиш тақиқланган жой», «Ўтиш ман этилади (берк)» деп жазылган жана жакшы көрүнө турган жайда көрсөткүчтөр менен белгиленет. Тыюу салынган жай (орду) чек ара орнотулганы тууралуу гарнизон башчысы (аскердик бөлүк командири, корукталып жаткан объект башчысы) мамлекет акимчилигинин жергиликтүү уюмдары аркылуу өз убактында жакын айланада жашай турган элге кабар кылууга мажбур. Тыюу салынган жай (орду) чек арасы ичине жалпы пайдалануу жолдор, турак жай имараттары, дыйканчылык кылына турган жер майдандары жана башкалар кирбестиги керек.

Пост аймагында жергиликтүү жай шартына ылайык, сакчы кеңирээк күзөтүү жана ок үзүү жайы (50 м кем эмес) менен камсыздалат. Ушул себептен пост айланасы чөптөрдөн тазаланган, дарактар кесип кыскартылган, ылдыйкы бутактары 2,5 метр бийиктикте кыркылган, чөптөр орулган, артыкча нерселер алынган, чоочун кишилерди постко жакындаштырууга тыюу салынган аралыкты тыюу салынган чек ара, сакчыга



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күндүз күнү, түндө жана көрүү кыйын болгон шарттарда дагы көрүнүп тура турган көрсөткүчтөр белгиленет.

Бир нече постторго ээ объекттер территориясында ар бир пост чек арасы жайына такта менен «№ 2 пост чек арасы» деп жазылган көрсөткүч коюлат. Шаарчалардан четтеги барктуу объекттерди жана күзөтканаларды коргоо үчүн постко (күзөтканага) жакын жайларга, ок үзүү үчүн ыңгайлуу болушун камдап, окоптор казып жабдууланат аны менен бирге мүмкүнчүлүгүнө карап кошуна посттор менен байланышты камсыздайт.

Түндө пост жана коруктала турган объект айланасы жарытылышы шарт. Жарытууну ушундай чамалап орнотуу керек, сакчы постто турганда жана пост аянтын айланып жүргөндө, дайым көлөкөдө болуу керек.

Пост байланыш ыкмасы менен жабдууланып, бул ыкмалар сакчыга кеминде эки жайда, объекти патрульдук жолу менен коруктаганда (ар 250 метр жүргөндө) тездик менен күзөт башчысы, анын жардамчысы жана таратуучусуну чакырууну камсыздоо шарт. Ички посттор, айрыкча, аскердик бөлүктүн Кужурмөн желеги алдыдагы пост 70 см. ден 1 метр бийиктиктерде оролот жана жарытылат. Текшерип өткөрүү пункттарында болсо сакчыларга күтүлбөгөндө кол салуу болуудан тосо турган тоскоолдор орнотулат.

Ар бир тышкы (зарыл абалдарда ички) постордо корукталып жаткан склад жана башкаларда түздөн-түз өрт өчүрүү ыкмалары: өрт өчүргүчтөр, кум толтурулган кутулар, суу толтурулган бочкалар, челек жана аспаптар (бел күрөктөр, балталар, ломдор, темир илгектер) менен камсыздалат. Тышкы постордо пост кийимин сактоо үчүн атайын жабдууланган пост баш маанекте туруу, ички постордо — шинель үчүн шкаф же илгич болуу керек. Пост баш маанек корукталып жаткан объект же айлана түсүнө ылайык түскө боёлот.

Күзөт кызматын аткаруу убагында күзөткана: күзөтчүнүн жеке курамы үчүн жалпы бөлмө; күзөт башчысы жана анын жардамчысы үчүн, күзөт жеке курамынын жалпы бөлмөсүнө айнектүү эшик менен бириктирүүчү бөлмө; күзөтчүнүн эс алуу сменасы үчүн, күзөт жеке курамынын жалпы бөлмөсү эшиги менен бириккен бөлмө.

Алардан тышкары, күзөткана ичинде: тамак ысытуу жабдууларына ээ ашкана, жууна турган жай, тамеки чегүү жайы, курал жана бут кийим тазалоочу жай (бөлмө), курутуу бөлмөсү, турмуш кызмат бөлмөсү, даараткана, отун склады болуу керек. Кем сандуу күзөтчүлөр күзөтканасында ашкана болбостугу мүмкүн. Бул жагдайда казан-аяктар, азык-түлүктөрдү сактай турган жана тамак ысытууга жай даярдалат.

Объекттерди коргоонун техникалык ыкмалары менен жабдууланган күзөтчүнүн күзөтканасында күзөт башчысынын (оператордун) коргоо техникалык ыкмалары боюнча жардамчысы үчүн пульт аспаптары бөлмөсү дагы уюштурулат. Ушуну менен бирге, коргоонун техникалык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ыкмалары сигналдарын кабыл кылуу пульт аспаптары күзөт башчысынын бөлмөсүнөн көрүнө турган болуу керек.

Күзөт жеке курамы үчүн жалпы бөлмөдө; аскердик ант текстти жазылган плакат; пост табели; Жоболор; газета жана журналдар; күзөт кызматы эрежелери, күзөт жеке курамынын күзөт кызматын өтөөдө көрсөткөн баатырдыгы сүрөттөлгөн же жазылган плакаттар жана сүрөттөр; күзөттүн сергек сменасынын үчтөн эки бөлүгү радио угууларды тыңшоо үчүн кулакка тагып уга турган телефондор (наушникттер); шахмат-шашкалар; сааттар; таратуучулардын саны боюнча фонарлар; ичкери жана тышкары үчүн термометрлер; медициналык дары-дармек кутусу; күзөтчүнүн бүтүн жеке курамы үчүн жара байлоочу индивидуаль пакет; күзөт курамынын жеке наряд жана жуунуш-тараныш заттарын коюш үчүн жаван; нур добуш сигнал чыгара турган жана бул сигналды күзөт башчысы бөлмөсүнө жеткере турган кылып сигналдаштырылган жабдууланган куралдар үчүн жаван; сергек смена үчүн стол жана стул; күзөттүн бүтүн курамы эсебине үсткү кийимдер үчүн кийим илгич жана пост кийим-башынын экинчи жыйнактары; таштанды кутулар; шкаф жана илгичтер күзөт бөлмөнүн жайлашканына карап башка бөлмөлөргө (коридорго) орнотуугa уруксат берилет.

Күзөтчүнүн эс алуу сменасы бөлмөсүндө бир кезде күзөттүн бир сменасы жана эс алуу укугуна ээ башка кишилердин жатып эс алуулары үчүн баш жагы тышталган (кол сүлгү) жыгач кровать коюлат.

Күзөткана ашканасыда төмөнкүлөр болуу керек: күзөтчүнүн үчтөн эки бөлүгү санына максатталган стол жана стулдар (курсулар); идиш-аяк жана азык-түлүк продуктулары үчүн шкаф; тамак алып келүү жана тамактануу үчүн жеке курамдын бардыгына жетерлүү идиш-аяк жана ашкана заттары; ичүү үчүн чорго коюлган, кулупталган чоң суу салынган идиш же жалпы суу тармагынан уланган чорго; тамак ысытуу үчүн газ же электр плита; кайнаткыч же суу кайната турган чайнек; идиш-аяк жууш үчүн губка болот.

Күзөтканада чегүү, курал жана бут кийим тазалоо бөлмөлөрү (жайлары), курал тазалоо үчүн стол, чүпүрөктөр үчүн темир куту, орундук, суу толтурулган таштандык кутусу,бут кийим тазалоо заттары коюлат. Күзөтканалар саны боюнча жарытуунун электр (запас) булактары менен, өрт өчүрүү ыкмалары: өрт өчүргүчтөр, кум толтурулган кутулар, суу салынган идиш, челек жана аспап-заттар (белкүрөк, балталар, ломдор, темир илгичтер) менен камсызданат.

Күзөткана аскердик шаарчадан четте жайлашканда, терезе ичинен жабыла турган дар парда менен жабдууланат. Күзөтканага кирүү жайы коридорсуз көрүнүштө жабдууланган болуп, корукталып жаткан объекттерди ачуу (жабуу) үчүн келген кишилерди ичкериге киргизүүгө жол коюлбайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күзөтканага тиешелүү болгон жер майданы айланасы 2 метр бийиктикте тосулган болуу менен бирге, күзөтканага кирүү жайында бут кийимди ылайдан тазалоо үчүн ыңгайлуулук (жыгач, темир панжара же темир туткуч) жаратылып, күзөткана жакынына капкагы жабыла турган таштандык кутусу коюлат. Зарыл, жарытуу ыкмалары (шам, чырак, фонарлар) запастары, заттары кутуда сакталат. Күзөткана алдыда күзөттүн сапталышы үчүн жана окту тосо турган, түндө жарый турган куралды октоо майданчалары, алмашып жаткан күзөт жеке курамы жайланышы үчүн курал сактала турган жавандуу жай (бөлмө) жабдууланат. Транспорт ыкмаларына ээ күзөт үчүн коюла турган жай дайындалат.

## Сакчы колундагы курал менен аракеттенүүсү жана куралды колдоо усулдары

Сакчы өзүнө же корукталып жаткан объектке анык кол салуу болгон кезде эскертүүсүз курал иштетүүгө мажбур. Ал күзөт башчысы, күзөт башчысынын жардамчысы, өзүнүн таратуучусу жана алар байкоосунда келген кишилерден башка постко же тыюу салынган чек арага жакындаганда кыйкырып «Тўхта, орқага» же «Тўхта, ўнгдан (чапдан) айланиб ўт» деп токтотууга акылуу.

Эгер постко же тыюу салынган чек арага жакындашып жаткан тартип бузуучулар анын талабын аткарбаса, сакчы аны «Тўхта, отаман» деп эскертет жана тездик менен күзөт башчысын же таратуучусун чакырат. Эгер тартип бузуучу ошондо да пост жана тыюу салынган чек арага жакындашууну улантса, сакчы патроникке патрон жиберет, асманга карап эскертүүчү ок үзөт. Тартип бузуучу ошондо да анын талабын аткарбаса жана постко кирүүгө (тыюу салынган чек араны кесип өтүүгө) аракет кылса же качууга урунса, сакчы ага салыштырмалуу курал иштет.

Көрүнүш жаман болгон пост номеринде көрсөтүлгөн аралыктан постко жана тыюу салынган чек арага жакындашкандар көрүнбөй калганда, сакчы аларды «Тўхта, ким келяпти?» деп кыйкырып токтот. Эгер жооп болбосо, сакчы аны «Тўхта, отаман» деп эскертет жана кармайт. Кармалган тартип бузуучу жөнүндө күзөтканага кабар берет, анын өзүн тутушун күзөтөт, ушуну менен бирге, көңүлүн бөлбөй, өзүнө бириктирилген постту коргоону улантырат.

Сакчы кыйкырганда «Қоровул бошлиғи (қоровул бошлиғининг ёрдамчиси, тарқатувчи) келяпти» деген жооп болсо, сакчы төмөнкү буйрукту берет:

«Қоровул бошлиғи (қоровул бошлиғининг ёрдамчиси, тарқатувчи) менинг олдимга, қолганлар жойида қолсин». Зарылдык болсо, сакчы өзүнө жакындашкан кишиден жүзүн жарытууну талап кылат. Сакчы жакындашып жаткан киши акыйкаттан дагы күзөт башчысы (күзөт баш-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чысынын жардамчысы, таратуучу) экендигине ишенич пайда болгондо, калгандарын да алдына коёт.

Эгер өзүн күзөт башчысы (күзөт башчысы жардамчысы, таратуучу) деп тааныштырган киши башка киши болсо жана аны менен бирге келгендер сакчынын «Қолганлар жойида қолсин» деген талабын аткарбаса, сакчы кыйкырып «Тўхта, отаман» деп эскертет. Тартип бузуучулар сакчынын бул талабын аткарбаса, аларга салыштырмалуу курал иштет. Корукталып жаткан объектти жана өзүн коргоо үчүн кол күрөшүнө киришке туура келсе, сакчы кундак жана найза менен аракет кылышы керек.

Постто өрт чыкканда сакчы бул тууралуу тездик менен күзөтканага кабар берет жана өзү коруктап жаткан объекттерди коргоону улантырган жагдайда өрттү өчүрүү чараларын көрөт. Корукталып жаткан объектинин техникалык территориясында же ички жана тышкы дубалдар менен оролгон объекттерде, ошондой эле пост жакынында өрт болсо, ал бул жөнүндө күзөтканага кабар берет жана посттогу кызматын улантырат.

Сакчы кокустан ооруп калса же ден соолугу начарласа (жарааттанса), сакчы өз кызматын уланттырган жагдайда таратуучу же күзөт башчысын чакырат. Чыдап болбой турган соңку абалдарда же байланыш ыкмалары иштебей калган убакыттарда сакчы асманга ок атуу менен күзөт башчысын чакырышы мүмкүн.

Күжүрмөн аскердик бурчун аткарып жаткан сакчы өзү баш ийе турган башчыларына жана алар менен бирге постко келген башчыларга Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Сап Жобосунда көрсөтүлгөн абалда салам берет. Мындай кезде автомат атууга даяр абалдан «тасма елкага» абалына алынат, карабин болсо «оёққа» алынат.

Күжүрмөн желек алдыда турган сакчы «эркин» турган жагдайда өз тапшырмасын аткарат, аскердик кызматчылар Күжүрмөн желекке салам бергенде сакчы тик каткан абалда турат. Сакчы Күжүрмөн желекти күзөткө кабыл кылып жатканда чехолу (шкаф) жана андагы мөөр бузулбагандыгына көңүл бурушу керек. Күжүрмөн желекти тапшыруу бир гана күзөт башчысы катышуучулары жана анын буйругу менен ишке ашырылат.

Күжүрмөн желек турган постко кооп салынса (өрт чыкса же табигый кырсык болгондо), сакчы Күжүрмөн желекти коопсуз жайга алып чыгат жана күзөт башчысын чакырат.

### *7.4. Сакчыларды алмаштыруу. Күзөткана ички тартиби*

Сакчыларды алмаштыруу ар эки саатта, жуп же так сааттарда ишке ашырылат.

Аба жылуулугу 20°С жана андан дагы төмөн даражада, шамал жана күчсүз суукта ачык абадагы постто андан ары ысытылбай турган имарат-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тарда турган сакчылар ар бир саатта алмашат. Аба жылуулугу 30°С жана андан (көлөкөдө) жогорку болсо да сакчылар бир саатта алмаштырылат. Ушундай шарттарда сакчыларды ар бир саатта алмаштыруу жөнүндө гарнизон боюнча (аскердик бөлүк боюнча) кезекчи буйрук берет.

Эгер сакчыларды алмаштыруу ар бир саатта ишке ашырылган болсо, күзөт башчысы пост информация дептерине сакчылар балан сааттан баштап ар бир саатта, балан сааттан жана балан күзөт кезегинен баштап, эки саатта алмаштырылды, деп жазып коёт.

Алмашынуучулар постто турган сакчыга жакындашып, 10—15 кадам калганда (күзөтчүлөр унаада келгенде куралын октоп жана байкап), жаңы күзөт таратуучусу: «Қоровул, тўхта!» деп буйрук берет, күзөтчүлөрдөн бирине постту жана анын айланасын байкап туруу жөнүндө чамасы ушундай команда берет: «Оддий аскар Эргашев, пост ва унинг тевараги вақтинча назорат учун қабул қилинсин».

Жаңы күзөтчү жакындашканда сакчы ал жакка бетин буруп турат жана өз алдынча түстө автоматты «елкада» (карабинни — оёқда) абалына алат. Жаңы күзөт таратуучусунун чамасы «Оддий аскар Тошев, постга қараб қадам бос», деп берген командасы менен сакчы саптагыдай түз турат, оң жакка бир кадам таштайт, күзөтчү сакчынын жанына келип, анын ордуна, бетин карама-каршы тарапка каратып (карабинди бутуна түшүрүп кармап) турат.

Эски жана жаңы күзөт таратуучулары сакчы жана күзөтчүнүн эки жагында, алардан бир-эки кадам арыда, бетме-бет турушат.

Эски күзөт таратуучусунун «Соқчи, пост топширилсин», деп берген командасы менен сакчы постту оозеки тапшырууну ишке ашырат. Азыркы учурда сакчы жана күзөт баштарын бири-бири тарапка бурушат. Постту оозеки тапшырууда, сакчы пост номерин айтат, кабыл кылып жаткан күзөткө пост табелинде коргоону каттоодон өткөн заттарды санайт, ошондой эле кызмат кезинде пост айланасында эмнелерди көргөнүн, сезгенин уктурат.

Пост оозеки тапшырылгандан соң күзөтчү өзүнүн таратуучусу берген: «Қоровул, пост қабул қилинсин» командасы менен жаңы күзөт таратуучусу менен сакчынын катышуунда, эски күзөт таратуучусу бирге корукталып жаткан жайды айланып чыгууга жана жарытуу тармактары, тоскоолдор, эшиктер (дарбазалар), терезелер бүтүндүгүн, жиптер, мөөрлөр (тамгалар) жана аларга ылайык түшүрүлгөн нускалар (издер, накштар) же корукталып жаткан күжүрмөн машиналардын саны (башка куралдар жана аскердик техника), ошондой эле коргонуунун техникалык ыкмалары саны жана абалы, байланыш, санын текшерүүгө милдеттүү. Мындан тышкары, камакта сакталып жаткандар камералары бар постторду кабыл кылып жаткан күзөтчү ал жердегилердин санын текшерип көрүүгө милдеттүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эгер зарыл болуп калса, постту кабыл кылып алган сакчы таратуучунун жардамында постто кийиле турган кийим-кечектерди кийет (1-тиркеме).

Постту кабыл кылуу жана тапшыруу убагында кандайдыр кемчилдиктер (тоскоолдор же мөөрлөр, тамгалар, кулуптар, жиптер, эшиктер, терезелер бузулган) болсо же мөөрлөргө (тамгаларга) ылайык түшүрүлгөн нускалар (издер, оймолор) аларга ылайык келбесе, ошондой эле корукталып жаткан күжүрмөн машиналар (башка аскердик техника) саны пост табелинде көрсөтүлгөн санга туура келбесе, таратуучу постту тапшырууну токтотот жана күзөт башчысын чакырат; жаңы күзөт тарабынан посттор кабыл кылынып жатканда мындай кырдаал болсо, эски жана жаңы күзөттөр башчысы чакырылат.

Постту тапшыруу жана кабыл кылууну аяктап, сакчы жана постту кабыл кылып алган күзөт таратуучуга бетме-бет туруп, кезеги менен, чамасы ушундай кайрылат: «Ўртоқ сержант, оддий аскар Ахмедов билан фалон рақамли постни топширди», «Ўртоқ катта сержант, оддий аскар Тешаев фалон рақамли постни қабул қилиб олди». Билдирүүдөн жана таратуучудан буйруктар алгандан соң сакчы куралын алып, постто өз милдетин аткарууга киришет. Күзөтчүнүн сакчы (сакчынын күзөт) абалына өтүшү анын постту кабыл кылганы (тапшырганы) тууралуу билдирүүсү менен белгиленет.

Эски күзөт таратуучусунун: «Оддий аскар Аҳроров, постдан қадам бос», деп берген командасы менен алмашкан күзөт жүрүп эски күзөтчүлөр артынан барып турат жана өз алдынча карабинди «елкага» абалына алат, постторду күзөткөн башка күзөтчүлөр дагы ага келип кошулат, сапка тизилет. Ошондон соң жаңы күзөт таратуучусу: «Қоровуллар, орқамдан қадам бос» деп команда берет жана күзөттөрдү кезектеги постко алып барат.

Ичкеридеги посттордо турган сакчыларды алмаштырууда таратуучу күзөтчүлөрдү имарат эшиги алдына алып келип: «Қоровул, тўхта», деп команда берет, күзөтчүлөрдөн бирин жетекчи кылып калтырат жана ушундай команда берет: «Оддий аскар Туропов ва Мўминов, орқамдан қадам бос». Таратуучу күзөтчүлөр менен имаратка кирип сакчыларды алмаштырат.

Посттор күзөткананын ар эки жагында жайлашкан болсо, таратуучу алдын күзөткананын бир жагында жайлашкан постордогу сакчыларды алмаштырат, кийин болсо алмаштырылгандарды күзөтканада калтырып, бул бөлүнмөнүн күзөтчүлөрүн сапка тизип, аларды постко алып барат. Постторго жөнөтүү үчүн экинчи жана андан кийинки жаңы күзөт бөлүнмөлөрүн түзүү жана сакчыларды алмаштыруу, ошондой эле куралды октоо жана оксуздандыруу биринчи алмаштыруу убагындай ишке ашырылат.

Күзөт бөлүнмөсү посттон кайра келгенде жана пистолеттерден тышкары куралдар оксуздандырылгандан соң таратуучу күзөтчүлөргө автоматтарды (карабин) шкафка (пистолеттерди сейфке) коюга ко-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

манда берет жана күзөт башчысына күзөтчүлөр алмаштырылганы жөнүндө билдирүү берет.

## Күзөткана ички тартиби

Күзөт бөлүнмөсү курамындагылар күзөт башчысынын уруксатысыз күзөткананы таштап кетүүгө акы жок. Күзөтканада тынчтык жана тартип сакталуу керек. Музыка аспаптарын чалуу жана ойнотууга тыюу салынат. Радиолорду кулактарына коюп уга турган телефондор (кулакчындар) аркылуу угуу, окуу, жазуу, шахмат-шашка ойноого уруксат берилет. Бир гана атайын белгиленген жайда чегүүгө жана бут кийим тазалоого уруксат берилет.

Кичүү күзөт бөлүнмө штатынан дайындалган, жеке курамы бир-эки кече сакчылыкта тура турган күзөтчүлөрдүн күзөтканасында телевизор орнотууга жана телеберүү күзөт башчысынын көрсөтмөсү менен белгиленген убакытта, күзөт кызматынын аткарылуусуна жана уктап эс алууда жаткан бөлүнмөгө тоскоолдук бербей, тамаша кылууга уруксат берилет.

Автомат жана пулемёттор шкафка ок салгычсыз, куралдардын кулуптары болсо бош коюлган абалда, карабиндер болсо шкафка тепкилери түшүрүлгөн жагдайда коюлат. Күзөтканадагы шкафтар кулуптанбайт. Автоматтардын магазиндери салынган жан калталар (карабиндер үчүн ок жайланган рамкалар) жана найзалуу бычактар белкемерге байланган бы-чактар чечилбейт. Пулемёттордун магазиндери кулупталган атайын кутуларга салынып, шкафта сакталат, ачкычтар күзөт башчысында болот.

Текшерүү посттору күзөтчүлөрүнүн пистолеттери октолгон абалда кын менен кулупталган темир кутуларда (сейфте) сакталат, кутулардын ачкычы күзөт башчысында болот, анын күзөтканада жок убагы жана эс алууда болсо ачкычтар күзөт башчысынын жардамчысына берилет. Күзөтчүлөргө пистолеттер постко туруу алдынан атайын күбөнаама боюнча берилет.

Шкафтан курал күзөт башчысынын гана же анын жардамчысы уруксаты менен берилет. Куралды тазалоо, аны бөлүктөргө ажыратпастан күзөт башчысы же анын жардамчысы жетекчилигинде ишке ашырылат.

Күзөтчүнүн жеке курамына, күзөтканада баш кийимсиз, шинелсиз (ным постунсуз, талаа курткасысыз), бирок, аспап-жабдыкта жүрүүгө уруксат бар. Чечилген шинелдер (ным постундар, талаа курткалары) жана баш кийимдери атайын кийим илгичте болуу керек. Күзөтчүнүн жеке курамына, күзөт башчысы жана анын жардамчысынан тышкары, күзөтканага келген киши менен сүйлөшүүгө тыюу салынат; күзөттү текшерүү үчүн келген кишинин суроолоруна жооп берүүгө уруксат берилет.

Төмөнкүлөргө бут кийимисиз, аспап-буюмдарды чечпей жана чечинбей, бир гана жака түймөсүн чечип дагы бел кемерин бошотуп уктоого уруксат берилет: күзөтчүнүн бир бөлүнмөсү курамына — постко ту-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

руудан алдын, постту башка күзөт бөлүнмөсүнө алмаштырып, күзөтканага кайтканында жана күзөтчүгө аскердик тапшырма берилгенинен соң; бир гана түндө жайларын коруктала турган күзөт бөлүнмөсүнө, күзөтканага кайтып келгенинен, кайра постко жөнөп кетүүгө чейин; текшерүү-коргоо тобу күзөттөрүнө кезек менен, күзөт башчысынын уруксаты менен 4 сааттан.

«Куроллан» деген команда болушу менен күзөтканадагы күзөтчүнүн жеке курамы, дем алып жаткан бөлүнмө баш кийимдерин кийишет, өз куралдарын алат жана өздөрүнүн номерлери тартиби менен күзөткана ичинде сапталат. Шинелдер (ным постундар, талаа курткалары) күзөт башчысынын өз алдынча буйругу менен кийилет. Күзөтчү күзөтканадан чыккан (өрт же табигый кырсыктан башка) ар кандай шартта күзөт башчысынын жардамчысы же таратуучулардын бири ичкериде калат, алар болбогон тагдырда күзөт бөлүнмөлөрүндө болсо күзөтчүлөрдөн бири калат.

Аскердик бөлүк турак жайлар четте болгондо гарнизон күзөтчүлөрүнө азык-түлүк жеткирүү кенже аскердик бөлүнмөлөр тарабынан дайындалган командирлер же аскердик бөлүк кезекчилери тарабынан уюштурулат. Аскердик бөлүк буйругу кээде күзөт жеке курамына азык-түлүк башчысынын буйругу менен күзөттүн сергек бөлүнмөсү күзөтчүлөрү аркылуу жеткерилет.

Күзөткананы жана анын айланасын таза жана жыйнак сактоо, печкаларды кыздыруу күзөт курамына жүктөлөт. Бул милдеттердин аткарылуусу, аспап-түзмөктөр, кийим-кечек жана курал-жабдыктардын бүтүндүгүн камсыздоо күзөт башчысынын жардамчысына, мындай жардамчы дайындалбаган күзөтчүлөрдө болсо күзөт башчысы желкесине жүктөлөт. Күндөлүк жыйнаштыруудан тышкары, гарнизон коменданты (аскердик бөлүк штаб башчысы) тарабынан белгилеп коюлган аптада билгеленген күнүндө гарнизон медицина кызматы башчысынын буйругу менен күзөтканада профилактикалык дезинфекция өткөрүлөт.

Жылдын кыш мезгилинде күзөткана бир күндө 4 жолу желдетилет. Аба жылуу мезгилдерде имараттын бир тарабындагы терезелер ачып коюлат. Кышта күзөткана ичиндеги жылуулук 18°C тан төмөн болбостугу керек. Печкаларды кыздыруу гарнизон башчысы белгиленген убакыттан кечикпей аякталат. Күзөт курамына тамакты ысытуу үчүн плиталарды жана курутуу бөлүгүн печтерди кыздырышты  күзөт башчысы, керектигинен келип чыгып чечет. Кайнак чай дайыма болуу керек.

Кеч түшүшү менен күзөткана, үйлөр жана даараткананалар толук жарытылган, уктап дем алуучулар бөлмөсү бир аз жарытылган болот.

Аскердик шаарчадан тышкары болгон күзөткананын терезелери түндө ичинен жарыктык өткөрбөй турган нерсе менен жабылат. Күзөтка-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

наны коргоо үчүн аскердик шаарчадан четтен жана өз курамында бирөө үч сменалуудан кем болбогон посттору болгон күзөт бөлүнмөсү күзөтканага кирүү жайына күзөтчүлөрдүн сергек бөлүгүнөн сакчы дайындалат.

Өтө чоң маанилүү жайларды корукталып жаткан жана өз курамында бешөө үч сменадан кем посту болгон күзөт бөлүнмөсү күзөтканананы коргоо үчүн кошумча түстө күзөтчү дайындалуусу мүмкүн. Күзөткана ичине сакчы коюлбаган шартта күзөтканага кире турган эшикке байкоо терезеси орнотулат жана эшик дайым ичинен жабылган болуу керек.

## *VIII бөлүм.* ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН САП ЖОБОСУ. ЖЕКЕ ТАРТИПТЕ САП ДАЯРДЫГЫ

### *8.1. Сап Жобосунун негизги эрежелери. Жоокердин саптан алдынкы жана саптагы милдеттери. Сап жана анын элементтери*

Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн Сап Жобосунда сапта туруу, курал жана куралсыз аракет кылуу; кенже бөлүнмө жана аскердик бөлүктөрдүн жөө жана машиналарда сап тартышы, аскердик саламдашууну аткаруу, саптарды кароо тартиби; аскердик бөлүк Күжүрмөн желегинин саптагы абалы, аны алып чыгуу жана алып кетүү тартиби; аскердик кызматчылардын сапка тизилүү алдындагы, сапка туруу милдеттери, аларды сапта турууну жана жүрүүгө үйрөтүү талаптары, ошондой эле аскердик кызматчылардын согуш аянтында аракеттенүү усулдары жана жоо кокустан кол салган убакыттагы аракеттерин белгилеп берет.

Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү бардык аскердик бөлүктөрү, штабтары, башкармалары, мекемелери, ишканалары, уюмдары жана аскердик билим берүү мекемелери Сап Жобосунан колдонмо сапатында пайдалануу милдеттүү. Өзбекстан Республикасынын Коргоо Министринин 1996-жылы 14-октябрдагы 238-буйругуна көрө, күчүнө кирди.

#### Жоокердин саптан алдынкы жана саптагы милдеттери

Ар бир жоокер сапка туруу алдынан өзүнүн милдеттерин окуу тыңдоо менен көңүлдөгүдөй анык аткаруу керек.

Сапка туруудан мурда жоокер: куралы өзүнө бириккен курал-жабдык жана аскердик техника, ок-дары, жеке коргоо ыкмалары, казуу куралы, кийим-кечек жана буюмдарынын шайлыгын текшерүү, кийим, буюмдарын өзүнө ылайыкташтыруусу жана туура тагышы, жолдошуна кемчиликтерин түзөтүүдө жардам берүү, сапта өз ордун билүү, сапка тез барып туруу, аракет убактында тегизделип, алды-артка жана жан тараптардагы аралыкты сактап жүрүшү, коопсуздук талаптарын сактоо, уруксатсыз сап (машина)тан чыкпай, сапта турган убактында сүйлөшпөй жана чекпей,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


командирдин команда жана буйруктарына көңүл буруу менен кулак салуу, аларды башкаларга тоскоолдук кылбай тез аткаруу, буйрук жана командаларды башкаларга өзгөртүрбөй бийик добушта жана анык жеткирүү керек.

### Сап жана анын элементтери

***САП*** — аскердик кызматчылар, кенже бөлүнмөлөр жана бөлүктөрдүн Жобого көрө, жөө жана машиналарда биргеликте аракет кылуу үчүн жайланышы.

***ШЕРЕНГА*** (жанма-жан катар) — аскердик кызматчылардын белгиленген аралыкты сактаган абалда бир сызыкта жанма-жан сап тартуусу. Машиналардын бир сызыкта жанма-жан сап тартуусу.

***КАНАТ*** — саптын оң (сол) чети. Сап бир тараптан экинчи тарапка бурулган убакытта канаттар аталышы өзгөрбөйт.




*10-сүрөт.* Бир катар (шеренгалуу)луу саптануу.

***АЛДЫ*** — саптын аскердик кызматчылар беттелип турган (машиналарынын алды) жагы.

***АРАЛЫК*** — сапта жанма-жан турган аскердик кызматчылар (машиналар), бөлүнмөлөр жана бөлүктөр ортосундагы аралык.

***АРТ*** — алдына карама-каршы жак.

***ДИСТАНЦИЯ*** — сапта алдын-кийин турган аскердик кызматчылар (машиналар), бөлүнмөлөр жана бөлүктөр ортосундагы аралык.

***САПТЫН ЭНИ*** — канаттар ортосундагы аралык.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*11-сүрөт.* Эки шеренгалуу сап.




*12-сүрөт.* Бир (а) жана эки катарлуу (б) саптануу.


***САПТЫН БОЮ*** — биринчи шеренга (алдында турган аскердик кызматчы)дан соңку шеренга (акырында турган аскердик кызматчы) арасындагы, машиналар менен турганда болсо, биринчи сызыкта (алдында) турган машиналар менен соңку (аркада) сызыкта турган машиналар ортосундагы аралык.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### *8.2. Алгачкы аткарылуучу командалар. Сапта турганда саламга жооп берүү. Сапта туруу. Ордунда туруп бурулуу. Сап кадамы менен аракеттенүү*




*13-сүрөт.* «Ростлан» абалы:
*а* — жан жактан көрүнүү;
*б* — алдынан көрүнүү.

«Сафлан» же «Ростлан» командалары берилгенде, келбети туурулап турулат. Мындай команда берилгенде, туура турулат, ордун толтуруу үчүн бир жайга коюлат, буттар учу алдыдагы сызыкта тууруланат, алар менен ордун толтуруу үчүн кеңдиги бирдей болот, тизелер бүгүлбөйт, бирок зоруктулбайт, көкүрөк керилет, келбет бир аз алдынга чыгат, курсак ичине тартылат, желкелер жазылат, колдор түшүрүлөт, анда алакандар денеге каратылып, жан тараптан сандарынын ортосунда тутулат, бармактар жарым бүгүлүп, буттарга тийип турат, баш, ээкти алдынга чыгарбастан, бийик жана туура тутулат, туура алдыга карап турулат, тез аракет кылууга даяр туруу керек (13-сүрөт).

Төмөнкү абалдарда команда берилбеген тагдырда дагы келбетин туурулап турулат: буйрук берилген жана алынган, билдирүү берилген, Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик гимни жаңырганда, аскердик саламдашууда, ошондой эле команда берилген убакытта, «Эркин» командасы берилгенде өзүн эркин коюп, оң же сол тизесин азыраак бүгүп, жайынан кыймылдабастан, эскерип жана сүйлөшпөстөн турулат. «Тўғрилансин» командасы берилгенде, саптагы жайынан жылбастан курал, кийим-кечек жана буюмдар тууралант, зарыл абалдарда саптан чыгат, уруксат үчүн түздөн-түз башчыга кайрылат.

«Тўғрилансин» командасы алдынан «Эркин» командасы берилет.

*Баш кийимин чечүү үчүн* — «Бош кийимлар ечилсин», кийинүү үчүн болсо, «Бош кийимлар кийилсин» командасы берилет. Зарыл абалдарда бир өзү болгон аскердик кызматчы баш кийимин командасыз чечип киет.

#### Сапта турганда саламга жооп берүү

Башчы же наамдары жогорку командирдин «Салом, ўртоқлар» дегенине, бардык аскердик кызматчылар сапта же сапта турбаган кезде «Ассалом», деп жооп саламын беришет. Башчы же наамдары жогорку командир менен коштошуу кезде «Хайр, ўртоқлар» сөзүнө аскердик кызматчылар «Хайр», деп жооп кайтарышат. Жооп акырында «Ўртоқ» жана ас-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кердик наамдарын кошуп айтылат. Мисалы, «Ассалом, ўртоқ майор», «Хайр, ўртоқ генерал-майор».

Башчылар менен саламдашканда аскердик кызматчылар так, катуу добушта саламын айтышат.

## Сапта туруу. Жайында туруп бурулуу

Жайында туруп бурулуулар «Ўнгга», «Чапга», «Ортга» командалары менен аткарылат.

Солго жана артка бурулуулар сол кол тарапка сол бутунун ордун толтуруу үчүн жана оң бутунун учунда, оңго бурулуу болсо, оң кол тарапка оң бутунун ордун толтуруу үчүн жана сол бутунун учунда аткарылат.

Бурулуулар эки баскычта аткарылат:


• биринчи баскыч — келбетти туура туткан жагдайда бурулуу жана тизелерди бүкпөстөн денесинин оорлугун алдында турган бутка өткөрүү;

• экинчи баскыч — эң кыска жол менен экинчи бутту биринчисинин жанына коюу.

## Сап кадамы менен аракеттенүү

Аракет кезинде бурулуу. Аракет кадам таштоо же жүгүрүү менен аткарылат. Кадам таштоо аракети минутасына 110—120 кадам тездигинде болот. Кадамдын узундугу 70—80 см.

Жүгүрүш аракети минутасына 165—180 кадам тездигинде болот. Кадамдын узундугу 85—90 см.




*14-сүрөт. а*—арыш кадам басуу; *б*—арыш кадам басуунун түздөн көрүнүүсү; *в*—жайында кадам басуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эки түр: арыш кадам жана жөнөкөй кадам коюлат.

*Арыш кадам* — бөлүнмөлөр салтанаттуу марш менен аракет кылган убакытта, саламдашканда, аскердик кызматчы башчысынын алдына барууда жана анын алдынан кайтууда, саптан чыгуу жана сапка кайтууда, ошондой эле сапта туруу жана жүрүү сабактары өткөзүлгөндө колдонулат.


Жөнөкөй кадам бардык абалдарда колдонулат.

«Шагдам қадам бос» командасы берилгенде, арыш кадам менен, «қадам бос» командасы берилгенде болсо, жөнөкөй кадам менен аракет кылынат.

Алгачкы команда берилгенде — дене азыраак алдыга чыгарылып, туруктуулукту сактаган абалда турулат, тез аткарыла турган команда берилгенде болсо, аракетти сол буттан толук кадам менен баштоо керек. Арыш кадам менен аракет кылынганда, учу алдыга созулган бутту жерден 15—20 см көтөрүү жана анын астын басуу керек.

*Колдорду желкеден баштап аракеттендирүү* — мында колдор алдыга сыгылганда тирсектен бүгүлүп, алакан кендигинде кайыш боо (ремень) тогосунан бийик көтөрүү жана ошондой аралыкта денеден узак, чыканак болсо колунун андан төмөн бөлүгү бийиктигинде болуу, кол, желкеден мүмкүнчүлүк болушунча артка силкинүү керек. Манжалар жарым бүгүлгөн абалда болуу, башты туура тутуу жана туура алдынга кароо керек.

Жөнөкөй кадам менен жүргөндө, бут учун созбостон эркин көтөрүп басуу керек, колдорду болсо эркин аракеттендирүү керек. Жөнөкөй кадам менен жүргөндө «Ростлан» командасы берилсе, арыш кадамга өтүлөт. Арыш кадам менен жүргөн кезде «Эркин» командасы берилсе,



*а* *б* *в*

*15-сүрөт.* Баш кийим чечилген абалда:
*а*—фуражкада; *б*—береткада; *в*—телпекте.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөнөкөй кадам менен жүрүүгө өтүлөт. «Югур» командасы берилгенде, жүгүрүп аракет кылуу башталат.

Алгачкы команда боюнча жайынан козголгондо, денени алдынга берип, колдорду жарым бүгүп, чыканактар бир аз артка алынат, сол бутту жерге коюу менен тез аткарыла турган команда берилет, команда берилишине, оң бут менен алдынга бир кадам коюлуп, сол бут менен баштап жүгүрүп кетилет. Жүгүрүү убагында колдор эркин жана ага ылайык аракеттендирилет.

Жүрүүдөн жүгүрүүгө өтүү үчүн алгачкы команда боюнча колдор жарым бүгүлөт, чыканактар бир аз артка алынат. Тез аткарыла турган команда сол бут жерге коюлушу менен берилет. Ушул командага көрө, оң бут алдынга коюлуп, сол бутта жүгүрүп аракет кылуу башталат. Жүгүрүүдөн жүрүшкө өтүү үчүн «Қадам бос» командасы берилет. Оң бут жерге коюлушу менен бир убакытта тез аткарыла турган команда берилет. Команда берилишине, жүгүргөндөй дагы эки кадам ташталат жана сол буттан жүрүп, аракет кылуу башталат. Турган жайда жүрүү «Жойингда қадам бос» командасына карап ишке ашырылат.

Ушул команда берилгенде, буттар жерден 15—20 см көтөрүлөт жана ордун толтуруу үчүн учу жерге тегиз кайтып түшүрүлөт, колдор кадамга ылайык аракеттендирилет. Сол бут жерге коюлушу менен «Тўғрига» командасы берилгенде, оң бут менен бир кадам ташталат жана сол бут менен аракет башталат аны менен бирге толук кадам ташталат. Анда алгач үч арыш кадам болот.

Аракетти токтотуу үчүн «Оддий аскар Иброҳимов, тўхта» командасы берилет. Сол же оң бутту жерге коюу менен тез аткарыла турган команда берилгенде, дагы бир кадам ташталат. Андан кийин буттар бир жайга коюлуп, келбетти туурулап турулат. Жеке турган аскердик кызматчылар бир нече кадам нарыга жүрүү үчүн «Оддий аскар Иброҳимов, ўнг (чап)га қадам бос» командасы берилет. Мындай команда берилгенден кийин аскердик кызматчы ар бир кадам таштагандан соң экинчи бутун биринчи буту алдына коюп, эки кадам оң (сол)го жүрөт.

Алдыга же артка бир нече кадам жүрүү үчүн «Олдин (орқа)га икки қадам бос» командасы берилет. Команда берилишине, эки кадам алдыга (артка) басылат жана буттар жупталат. Оңго, солго жана артка кадам басканда, колдор аракетентирилбейт. Аракет убактында бурулуулар «Ўнгга», «Чапга», «Ортга юр», «Ортга қадам бос» командаларына көрө аткарылат.

Командалар берилегенден «Ўнгга», «Чапга», «Ортга қадам бос» командалары көңүл буруучу «Ўнг», «Чап», «Ортга қадам» жана аткаруучу «Га», «Бос» командаларына бөлүнөт. Көңүл буруучу командалар аскердик кызматчыларды кайсы тарапка жүрүүнө көңүлүн бурат. Аткаруучу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

командалар жүрүү аракетин талап кылат. Оңго бурулуу үчүн аткаруу «Га» команда аскердик кызматчы оң бутун жерге коюшу менен бирге берилет, солго бурулуу аткаруучу «Га» командасы сол бутун жерге коюшу менен бир убакытта берилет. Ошондо белгиленген багыт боюнча аракетте кол аракети улантырылат, оңго же солго бурулуулар бут учунда аткарылат.

Артка бурулуу үчүн команда оң бут жерге коюлушу менен бир убакытта берилет. Команда боюнча(бир деп саналганда) сол бут менен дагы бир кадам ташталат, оң бут жарым кадам алдыга чыгарылып, азыраак солго алынат, эки бутунун учунда тездик менен (эки деп саналганда) сол жак бурулуп, жаңы багыт боюнча сол бут менен аракет (үч деп саналганда) уланттырылат. Бурулуулар убактында колдор буттарга ылайык аракеттендирилет. «Қолдирсин» командасы. үч бул команда алдын берилген команданы бекер кылат).

## *Текшерүүчү суроолор*

1. Өзбекстан Республикасынын коргоо жана аскердик кызмат жөнүндөгү мыйзамдарында эмнелер баян кылынган?
2. Жалпы аскердик милдет түшүнүгү жана анын мааниси. Аскердик кызмат түрлөрүн сана.
3. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн курамына кандай кошуундар кирет жана алардын тапшырмалары эмнелерден турат?
4. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүндө кандай жалпы кошуун аскердик Жоболорунан пайдаланылат?
5. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүндө кандай аскердик наамдары белгиленген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# *II бөлүк.* АСКЕРДИК ЖУМУШ НЕГИЗДЕРИ

## *I бөлүм.* ЖАЛПЫ КОШУУН СОГУШУ НЕГИЗДЕРИ

### *1.1. Согуш жөнүндө түшүнүк жана заманбап жалпы кошуун согушун баяны, анын максаты. Жалпы кошуун согушунун негизги түрлөрү*

*Согуш максаты* — жоонун жандуу күчүн жок кылуу же туткунга алуу, анын күжүрмөн техникасын жана курал-жабдыктарын жок кылуу же колго киритүү аны менен бирге жоонун кейинчерээк каршылык кылуу жөндөмдүүлүгүн күчсүздөндүрүү. Ал бардык түрдөгү куралдар сокку кубаты, аскердик бөлүктөр жана бөлүнмөлөр бекем жана активдүү аракетинин коркпостон өткөрүлгөн манёвру менен жетишет.

*Заманбап жалпы кошуун согушу* — Анда катышкан кошуундардын бириккен күчтөрү танктар, пехотанын күжүрмөн машиналары (бронетранспортёрлор), артиллерия, аба чабуулун коргоо ыкмалары, самолёттор, вертолёттор аны менен бирге башка техника жана курал-жабдыктарды колдоо менен алып барылат. Ал катуулук, кескиндик, тез аракеттенүүчү, жогорку манёврдуулук менен, кырдаалдын тез өзгөрүүчөндүгү, ичине кубаттуу жалын таасири аны менен бирге күжүрмөн тапшырманы аткаруунун ар түрдүү усулдарын колдонуу менен баяндалат (16-сүрөт).



*16-сүрөт.* Заманбап согуш аянты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Жалпы кошуун согушунун негизги түрлөрү

Жалпы кошуун согушунун негизги түрлөрү болуп, коргоо жана кол салуу эсептелет. Коргоо — жоо чабуулун кайтаруу, ага зыян жеткирүү жана өз кошуундарыбызды кол салууга өтүү үчүн шарт жаратып берүү максатында атайлап же мажбур ишке ашырылат.

Коргоо алдындан же согуш шартында жоо менен бетме-бет келгенде даярданышы мүмкүн. Коргоо жоо колдонгон бардык куралдар соккусун кайтара ала турган, бекем жана активдүү болуу керек.

*Чабуул* — жоону жок кылуу жана жайдын эң керектүү объекттерин ээлеш максатында өткөрүлөт. Ал жоону бар болгон бардык ыкмалар менен зыян келтирүү, кол салуу, жоонун күжүрмөн тартиби ичине бөлүнмөлөрүнүн күчтүү кирип баруусунда, жандуу күчүн жок кылуу жана туткун алууда, курал-жабдык, техника аны менен бирге белгиленген аянттар (акыркы чек, жайдагы объекттер)ди ээлеп алууда көрсөтүлөт.

Коргоодогу жоого группа (секция)нын кол салуу, ага тикелей жакындашууда же ичкериден аракеттенип келгенде (бирден, жол-катары) ишке ашырылат. Мото окчу группа өз куралын, жай жана андагы инженердик жабдуулардын аны менен бирге тоскоол жана тосуктарды чебер-




*17-сүрөт.* Мото окчу группа коргоодо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дик менен иштетип, кол салууга өткөн жоого чоң зыян жеткерген абалда ээлеп алган позицияларын кармап калуу шыгына ээ. Ал эрежелерге көрө, взвод курамында коргоого киришет, батальон резервинде туруп күжүрмөн коргонууга, күжүрмөн разведка байкоосуна жана от ачуучу буктурмага белгилениши, күчтөрдүн бир бөлүгү же толугу батальон (взвод)дун броня группасынын курамына кирүүсү мүмкүн.

Мото окчу группа фронт боюнча 200 м.гече жана ичене 200 м. ге чейин болгон таяныч пунктун коргойт. Мото окчу группасынын коргоосу өзүнө: группанын күжүрмөн тартибин, группа таяныч пунктун жана от ачуу тизимин алат.

Группанын күжүрмөн курамы коюлган тапшырма жана жай шартына байланыштуу абалда курулат. Мото окчу группанын секциялар позициясы, эрежелерге көрө, бир траншеяда сызыкта болот. Мото окчу группанын таяныч жайы секциялар позициясынан, пехотанын күжүрмөн машиналары жана кол астындагы от ачуу ыкмалары аны менен бирге от ачуу позицияларынан турат.

Группанын коргоодогу от ачуу тизими группа коргоосу алды чек араларында даярдалган жыйылган жалын участкасын; коргоонун алдынкы чек арасы алдында, араларында, канаттарда жана коргоо ичиндеги пехота күжүрмөн машинасынын танкка каршы зонасы жана группанын башка бардык от ачуу ыкмалары көп кабаттуу жалынды; катарлуу багыттарда даярданган пехотанын күжүрмөн машинасы жана башка от ачуу ыкмаларынын даярдалган жалын манёврун өз ичине алат.

### *1.2. Жоокердин согуштагы милдеттери. Жоокердин жеке куралы жана жабдыктары (экипировкасы). Мото окчу секциясынын түзүлүш курамы, чечиле турган күжүрмөн тапшырмалары, анын курал-жарактары жана мүмкүнчүлүктөрү*

Ар бир жоокер:

• группанын, өз секциясы (танка)нын жана өзүнүн күжүрмөн тапшырмаларды билүүгө;

• жоо танктарынын, башка броне машиналар жана танкка каршы ыкмалардын күжүрмөн мүмкүнчүлүктөрүн, алардын күчтүү жана начар жактарын, айрыкча, эң начар жайын билүүгө;

• жашоо имараттарынын жабдуулануу көлөмүн жана жабдуулаш тартибин дайым байкап барууга, жоону өз убактында табууга жана тез бул жөнүндө командирге билдирүү берүүгө;

• кол салууда коркпостон аракеттенүүгө, коргоодо биримдикте жана тырышчаак болууга, жоону бардык усул жана ыкмалар менен жок кылууга, согушта чыдамдуулук, зээндүүлүк көрсөтүүгө, жолдошуна жардам берүүгө;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

• жайдан, индивидуал коргоо ыкмаларынан жана машинанын коргоо касиеттеринен чебердик менен пайдаланууга; окоп жана жашыруун жайларды тез жабдуулашты билүүгө, маскировкалоону ишке ашырууга, тоскоол-тосуктардан жана ууланган жайлардан өтө алууга, танкка каршы миналарды орнотуу жана чыгарууну билүүгө; атайын иштеп даяр кылып берүүнү билүүгө;

• абадагы жоону таанып алууга жана анын самолётторун, вертолётторун жана башка мишендерге ок атуучу куралдардан от ачууну билүүгө, алардын эң начар бөлүктөрүн билүүгө;

• согушта командирди коргоого, эгерде ал жараат алса же курман болсо, коркпостон бөлүнмө командачылыгын өзүнө алууга;

• согушта командирдин уруксатысыз өз жайын таштап кетпестикке, жараат алганда же радиоактивдүү уулуу, бактериялык (биологиялык) ыкмалар аны менен бирге жандыруучу курал менен зыяндалганда, өзүнө жана өз ара жардам чараларын көрүүгө аны менен бирге тапшырманы аткарууну улантууга; эгер медициналык пунктка жөнөтүү буюрулган болсо, өзү менен жеке куралын алууга; медициналык пунктка барууга мүмкүнчүлүк болбогондо, куралы менен жашыруун жайга өрмөлөп барып, санитарларды күтүүгө;

• ок-дарылар, БМП (БТР) жана танк жануучу-майларын эсебин байкап турууга, өз убактында командирге ок-дары жана жанылгы запасы боюнча билдирүү берүүгө;

• БМП (БТР), танк бузулганда, аларды түзөтүү чараларын көрүүгө мажбур.

## Жоокердин жеке куралы жана жабдыктары

Кол салууда, коргоодо, согушута күжүрмөн аракеттерди ийгиликтүү алып барууда аны менен бирге атайын аскердик аракеттерди аткарууда, ар бир жоокер өз жеке куралына ээ болуу керек. Штаттагы мансабына карап, группада ар бир аскердик кызматчы өзүнүн курал түрүнө ээ. Группа командиринин орунбасары сержант, эрежелерге көрө, АК-74 автоматы менен куралданат, группа мергени СВД мергендик мылтыгы менен, группа пулемётчусу РПК-74 пулемёту же РМК менен, автоматчылар АК-74 менен, механик-айдоочу, БМП мээлегич-оператору ПМ пистолети (АКС — бүктөмө металл кундактуу автоматтар менен дагы) куралданышы мүмкүн, айдоочу, БТР мээлегичи АК-74 автоматы менен куралданат.

Штаттагы мансабына карап, группанын жеке курамы ар түрдүү жабдуугa ээ. Эрежелерге көрө, БТР-70, БТР-80 бронетранспортёрлордо аракеттенүүчү группа бирдей буюмга ээ. Алар аскердик кызматчы ийгиликтүү аскердик аракеттер алып баруу үчүн арналган.

Ар бир аскердик кызматчы граната үчүн сумка, магазин үчүн сумка, фляжка суусу менен, сапёр белкүрөгү менен, футляры болгон курал-жаракка ээ.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Буюм калтасыда төмөндөгү аспап-буюмдар болот: жалпы кошуун сактоо жыйындысы, плащь-палатка, казан, кружка, кашык, жеке гигиена заттары, бут кийим тазалоо заттары, фонарь, жазуу дептери, кат үчүн конверттер, кышкы же жазгы кийимдер, курук паёк, медициналык дарылар жыйындысы.

Сержанттар үчүн кошумча жана милдеттүү абалда керектүү жыйындысы: сержант сумкасы, анын курамында компас, офицердик сызгыч, фломастерлер жана калемдер топтому, жазуу дептери (блокнот), өчүргүч, жыйылуучу бычак, циркуль-өлчөгүч, курвиметр болот.

## Мото окчу секциясынын түзүлүү курамы, чечиле турган күжүрмөн тапшырмалары, анын курал-жарагы жана мүмкүнчүлүктөрү

Мото окчу секциясы мото окчу группа курамына кирип, ал секция командири — сержант, гранатамётчу, анын жардамчысы, пулемётчу, окчу, механик-айдоочу, мээлегич-оператордон турат. Бардык жеке курам — жетти киши. Курал-жабдыгы: БМП(БТР)-1, РПГ-7-1, РПК-74 (РК) — 1, калган жеке курам АК-74 автоматы менен куралданган.

Мото окчу секция фронт боюнча 80 метрге чейин болгон позициясын коргоо мүмкүн. Мында ал негизги жана запаста (убактылуу) от ачуу ыкмалары үчүн позицияларга ээ. Бул кошуна секциялар менен биргеликте группанын таяныч пункту канаттары жана фронт алдында жоону от ачып, жок кылуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Секция тоолордо коргонууну алып баруусу мүмкүн. Ал жердеги позиция көчкүлөр мүмкүнчүлүгү болбогон жайларынан эсеп-кысап менен тандалат, жоону көп кабаттуу, канаттан, кесишме жана токтоосуз кесип атуу менен зыян келтирүү, өлүк (атылбай турган) бош мейкиндиктер болбостугун камсыздоо керек.

Секция чөл аянттарында күжүрмөн тапшырмаларды аткарууда, жогору аба жылуулугу шартында иштеп жаткан күжүрмөн жана башка техниканын иштөө режимин сактоо, муздатуучу суюктуктар запасына аны менен бирге жеке курамды ысык урбастык абалдарына жол койбостугуна көңүл бурат.

Кол салууда мото окчу секцияга чабуул объектин жана кейинчерээк кол салуу багыты көрсөтүлөт.

Мото окчу бөлүнмөлөр төмөнкү ок атуучу куралдар түрүнө ээ: АК-74, Калашников кол пулемёту (РПК-74), Калашников пулемёту (ПК), СВД мергендик мылтыгы жана ПМ пистолеттери. Куралданышта танкка каршы РПГ-7 (РПГ-7Д) кол гранамёттору болуу мүмкүн.

7,62 мм. Калашников (ПК) пулемётту атууда ыңгайлуулугу үчүн тиргекке ээ. Ленталуу куту — 100 же 200 (250) патрондон турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*18-сүрөт.* Калашников (ПК) пулемётунун жалпы көрүнүшү.



*19-сүрөт.* Танкка каршы РПГ-7 кол гранатамёту.

*Тактик-техник маалыматы.* Атуунын мээлеп алуу аралыгы — 1500 м, тикелей атуу алыстыгы: төш көрүнүшүндөгү бута боюнча — 400 м, жүгүрүүчү бута боюнча — 650 м, күжүрмөн тез атарлыгы минутасына — 250.

Мээлеп атуу алыстыгы — 500 м, күжүрмөн тез атарлыгы минутасына 4—6. Оптикалык мээлегичке ээ гранатамётун салмагы: РПГ-7 — 6,3 кг, ок-дарысынын (граната порох заряды менен) салмагы ПЖ-7В — 2,2 кг.

### *1.3. Өзбекстан Республикасы кошуундарынын курал-жарак жана аскердик техникалары (броне машиналар, танктар, вертолёттор, самолёттор жана артиллерия ыкмалары)*

### Броне машиналар

**Бронетранспортёрлор.** БТР-70. Бронетранспортёр күжүрмөн дөңгөлөктүү, броняланган, сууда сүзө ала турган, жеңил броняланган буталарга зыян келтирүүчү, 14,5 мм. чоң калибрлүү пулемёт жана аны менен жупташтырылган 7,62 мм. ПКТ пулемётуна ээ (20-сүрөт).



*20-сүрөт.* БТР-70 бронетранспортёру.

**Тактик-техник маалыматы.** Күжүрмөн салмагы — 13600 кг. Эң жогорку ылдамдыгы 80-90 км/с, сүзүүдөгү эң жогорку ылдамдыгы — 9,5 км/с, шосседе жүрүү запасы — 600 км, жанылгы запасы — 300 литр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

(бензин), жогорулаш бурчу — 30°, крен — 25°, БТР өтө алуу мүмкүн болгон терендик кендиги — 2 м, БТР өтө алуу мүмкүн болгон тоскоол (дубал) — 0,5 м, экипаж (десант) — 3 (8).

**БТР-80.** Бронетранспортёр кужүрмөн дөңгөлөктүү, броняланган, сүзө ала турган, жеңил броняланган буталарга зыян келтирүүчү, 14,5 мм. чоң калибрлүү пулемёт жана аны менен жупташтырылган 7,62 мм. ПКТ пулемётуна ээ (21-сүрөт).



*21-сүрөт.* БТР-80 бронетранспортёру.

**Тактик-техник маалыматы.** Күжүрмөн салмагы — 13600 кг, шосседеги эң жогорку ылдамдыгы — 90 км/с, сүзүүдөгү эң жогорку ылдамдыгы — 9,5 км/с, шосседе жүрүү запасы — 600 км, жанылгы запасы — 300 литр (дизель жанылгысы), жогорулаш бурчу — 30°, крен — 25°, өтө алуу мүмкүн болгон терендик кендиги — 2 м, өтө алуу мүмкүн болгон тоскоол (дубал) — 0,5 м, экипаж — 3 киши, десант — 8 киши.

**Жөө аскерлердин жоокер машиналары. БМП-1.** Жөө аскерлердин күжүрмөн машинасы — мото окчу бөлүнмөлөр менен согуш алып баруу үчүн арналган. Ал жалындуу кудуреттүүлүктү, жеке курамдын согуш майданда коргонуусун жана аракетчендигин ашырат аны менен бирге кырдаалдын ар түрдүү шарттарында ийгиликтүү аракеттенишине мүмкүнчүлүк жаратат.

Күжүрмөн машина окко жана ок чачырандыларына каршы броняга, жалпы кыргын куралдарынан коллективдүү коргонуу тизимине, ысык-



*22-сүрөт.* Жөө аскерлердин күжүрмөн машинасы (БМП-1).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тык жана түтүн аппаратураларына, жогорку манёврдуулукка ээ. Ал суулуу жерлерден сүзүп өтүү жана аба аркылуу булганган участкалар, ар түрдүү тоскоолдордон өтүүсү мүмкүн.

БМП-1 танкка каршы башкаруучу ракеталар (ТКБР), 73 мм. сылык стволдуу танкка каршы замбирек жана ага жупташтырылган 7,62 мм. ПКТ пулемёту менен куралданган (22-сүрөт).

**Тактик-техник маалыматы.** Күжүрмөн салмагы — 13200 кг, экипаж — 3 киши (командир, мээлегич-оператор, механик-айдоочу), десант — 8 киши, кургактыктагы эң жогорку ылдамдыгы — 60 км/с, суудагы ылдамдыгы — 7 км/с, шосседе жүрүү запасы 550—600 км, басып өтүүчү көтөрүлүшү — 35°, терендик кендиги — 2,5 м, дубал бийиктиги — 0,7 м.

**БМП-2.** Жөө аскерлердин күжүрмөн машинасы-мото окчу бөлүнмөлөр менен согуш алып баруу үчүн арналган. Ал жалындуу кудуреттүүлүктү, жеке курамдын согуш майданында коргонуу жана аракетчендүүлүгүн ашырат аны менен бирге кырдаалдын ар түрдүү шарттарында ийгиликтүү аракеттенишине мүмкүнчүлүк жаратат.

Күжүрмөн машина окко жана ок чачырандыларына каршы броняга, жалпы кыргын куралдарынан коллективдик коргонуу тизимине, ысыктык жана түтүн аппаратураларына, жогорку манёврдуулукка ээ. Ал суулуу жерлерден сүзүп өтүү жана аба аркылуу булганган участкалар, ар түрдүү тоскоолдордон өтүүсү мүмкүн.

БМП-2 30 мм. автоматтык замбирек, 7,62 мм. ПКТ пулемёту, танкка каршы башкаруучу ракета үчүн учуу курулмасы менен куралданган. Күжүрмөн жыйындысы 30 мм. замбирек үчүн 500 ок-дары, 7,62 мм. ПКТ пулемёту үчүн 2000 патрон, 4 ПТУРдан турат (23-сүрөт).



*23-сүрөт.* БМП-2 нин жалпы көрүнүүшү.

**Тактик-техник маалыматы.** Күжүрмөн салмагы — 14000 кг, экипаж — 3 киши (командир, мээлегич-оператор, механик-айдоочу), десант — 7 киши, узундугу — 6710 мм, кургактыктагы эң жогорку ылдамдыгы — 65 км/с,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

суудагы ылдамдыгы 6—7 км/с, шосседе жүрүү запасы — 550 км, басып өтүүчү көтөрүлүшү — 35°, терендик кендиги — 2,5 м, дубал бийиктиги — 0,7 м.

## Танктар

**Т-62.** Орто танк — Т-62 кудуреттүү курал-жабдыкка, ишеничтүү бронялуу коргоого жана жогорку маневрдуулукка ээ болгон күжүрмөн чынжырлуу машина.

Танк 115 мм сылык стволдуу замбирек, Аны менен жупташтырылган 7,62 мм ПКТ пулемёту жана 12,7 мм ДШК-М зенит пулемёт менен куралданган.



*24-сүрөт.* Т-62 танкынын жалпы көрүнүшү.

Танк экипажи 4 кишиден турат (командир, мээлөөчү, октоочу жана механик-айдоочу). Механик-айдоочу башкаруу бөлмөсүндө, экипаждын калган мүчөлөрү болсо, күжүрмөн бөлмө (башня)дө жайлашат (24-сүрөт).

**Тактик-техник маалыматы.** Танк салмагы — 37000 кг. Двигателдин эң жогорку кубаты — 580 ат күчү, топурак жолдогу аракетти орточо ылдамдыгы 22—27 км/с, шосседе 32—35 км/с, шосседеги эң жогорку ылдамдыгы — 50 км/с, шосседеги жүрүү запасы — 450 км, топурак жолдо — 320 км, өтө ала турган тоскоолдору: эң жогорку көтөрүлүү бурчу — 32°, эң чоң крен — 30°, терендик кендиги — 2,85 м, дубал бийиктиги — 0,8 м, өтө ала турган суу көлмөгүнүн терендиги — 1,4 м.

**Т-72.** Кубаттуу курал-жабдыкка, ишеничтүү бронялуу коргоого жана жогорку маневрдукка ээ болгон күжүрмөн чынжырлуу машина. Танк экипажы 3 мүчөдөн турат. Танк эки тегиздикте бирдей түрдөнүүчү 125 мм сылык дубалду замбирек жана ага жупташтырылган 7,62 мм.лүү ПКТ пулемёту жана 12,7 мм калибрдүү зенит пулемёту менен куралданган (25-сүрөт).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Т-72. Тактик-техник маалыматы.** Танк салмагы — 44000 кг, двигателдин жогорку кубаты — 840 ат күчү, топурак жолдогу аракети орточо ылдамдыгы 35—45 км/с, шосседе — 50 км/с, шосседеги эң жогорку ыл-



*25-сүрөт.* Т-72 танкынын жалпы көрүнүшү.

дамдыгы — 60 км/с, шосседе жүрүү запасы — 700 км, топурак жолдо 460—650 км, өтө ала турган тоскоолдору: эң жогорку көтөрүлүү бурчу — 30°, эң чоң крен — 25°, терендик кендиги 2,6—2,8 м, дубал бийиктиги — 0,88 м, өтө ала турган суу көлмөгүнүн терендиги 1,2—1,8 м.

### Кужүрмөн вертолёттор

**МИ-24 В. Тактик-техник маалыматы.** Бош вертолёттун салмагы — 8500 кг, двигатель кубаты — 2225 ат күчү, эң жогорку ылдамдыгы — 320 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 4600 м, учуу алыстыгы — 1000 км, экипажы — 3 киши (учуучу, оператор жана борт техник, 26-сүрөт).



*26-сүрөт.* МИ-24 В кужүрмөн вертолёту.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ка-52 «Аллигатор». Тактик-техник маалыматы.** Бош вертолёттун салмагы — 7700 кг, двигатель кубаты — 2225 ат күчү, эң жогорку ылдамдыгы — 350 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 5000 м, экипажы — 2 киши (27-сүрөт).



*27-сүрөт.* Ка-52 «Аллигатор» кужүрмөн вертолёту.

## Самолёттор

**Л-39. Тактик-техник маалыматы.** Эң жогорку ылдамдыгы — 900 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 9000 м, самолёт — 12,1 м, бийиктиги — 4,7 м (28-сүрөт).



*28-сүрөт.* Л-39 самолёту.

**СУ-24. Тактик-техник маалыматы.** Эң жогорку ылдамдыгы — 1700 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 11000 м, самолёт узундугу — 24 м, бийиктиги — 6 м (29-сүрөт).



*29-сүрөт.* Фронттук-бомбалоочу СУ-24 самолёту.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**СУ-17. Тактик-техник маалыматы.** Эң жогорку ылдамдыгы — 1900 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 15200 м, самолёт — 18,9 м, бийиктиги — 4,9 м (30-сүрөт).



*30-сүрөт*. Кыруучу-бомбалоочу СУ-17.

**СУ-25. Тактик-техник маалыматы.** Эң жогорку ылдамдыгы — 970 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 7000 м, самолёт узундугу — 15,5 м, бийиктиги — 4,8 м (31-сүрөт).



*31-сүрөт*. Штурмчу СУ-25.

**МИГ-29. Тактик-техник маалыматы.** Эң жогорку ылдамдыгы — 2450 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 18000 м, самолёт — 17,3 м, бийиктиги — 4,7 м (32-сүрөт).



*32-сүрөт*. Фронттук-кыруучу МИГ-29.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**А-50. Тактик-техник маалыматы.** Патрулдоо ылдамдыгы — 600 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 10200 м, учуу убакты — 7 саат, самолёт экипажы — 5 киши, самолёт — 46,5 м, бийиктиги — 14,7 м. ИЛ-76 самолёту базасында жаратылган (33-сүрөт).



*33-сүрөт.* Узактан радиолокацион байкоо (дозор), аныктоо жана түздөө самолёту А-50

**ИЛ-76. Тактик-техник маалыматы.** Самолёт экипажы — 7 киши, бийиктиги — 14,76 м, самолёт — 46,59 м, максималь ылдамдыгы — 825 км/с, максималь учуу алыстыгы — 10000 км, жүктөлгөн самолёт салмагы — 190000 кг, учуу бийиктиги — 12000 м (34-сүрөт).



*34-сүрөт.* ИЛ-76.

**АН-12. Тактик-техник маалыматы.** Самолёт экипажы — 7 киши, бийиктиги — 10,53 м, самолёт — 33,1 м, максималь ылдамдыгы — 680 км/с, максималь учуу алыстыгы — 5530 км, жүктөлгөн самолёт салмагы — 61000 кг, учуу бийиктиги — 11000 м (35-сүрөт).



*35-сүрөт.* АН-12.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**АН-26. Тактик-техник маалыматы.** Самолёт экипажы — 6 киши, бийиктиги — 8,58 м, самолёт — 23,80 м, максималь ылдамдыгы — 420 км/с, максималь учуу алыстыгы — 5500 км, жүктөлгөн самолёт салмагы — 24000 кг, учуу бийиктиги — 7500 м (36-сүрөт).




*36-сүрөт.* АН-26.

## Артиллерия

**Реактивдүү артиллериянын күжүрмөн машинасы. Тактик-техник маалыматы.** Атуу алыстыгы — 20 км жана андан артык, жыйындысы — 120 снаряд, снаряд салмагы — 66 кг, расчету — 6 киши (37-сүрөт).



*37-сүрөт.* Реактивдүү артиллериянын күжүрмөн машинасы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**82 мм.лүү миномёт. Тактик-техник маалыматы.** Атуу алыстыгы — 500 м.ден 7000 м.га чейин, күжүрмөн жыйындысы — 60 снаряд, расчету — 3 киши (38-сүрөт).



*38-сүрөт.* 82 мм.лүү миномёт.

**122 мм.дү Д-30 замбиреги. Тактик-техник маалыматы.** Атуу алыстыгы — 15,3 км.га чейин, күжүрмөн жыйындысы — 80 снаряд, снаряд салмагы — 21,7 кг (39-сүрөт).



*39-сүрөт.* 122 мм.лүү Д-30 замбиреги күжүрмөн абалда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### *1.4. Чет өлкө армияларынын танктары жана анын начар жактары. Чет өлкө күжүрмөн вертолёттору*

Азыркы доордо өнүккөн мамлекеттердин куралдуу күчтөрү үчүн жаңы танк үлгүлөрүн жасоого чоң назар бурулуп жатат. Заманбап согушта танктардын тактик-техник маалыматтарына болгон талап дайыма артып барууда. Жоо менен ийгиликтүү күжүрмөн аракеттер алып баруу үчүн кудуреттүү курал-жабдыкка, жакшы оптикалык аспаптарга, заманбап бутаны аныктоо ыкмаларына, керектүү ок-дары комплектине, кубаттуу двигатель түзмөгүнө, ишеничтүү жүрүү бөлүгүнө ээ болуу керек.

**«M1A1» танкынын тактик-техник маалыматы.** «M1A1» танкы АКШ армиясында курал-жабдык сапатында турат. Күжүрмөн салмагы — 55,9 тонна, эң жогорку ылдамдыгы — 66 км/с, замбирек калибри — 120 мм, двигатель кубаты — 1500 ат күчү, экипажы — 4 киши (40-сүрөт).



*40-сүрөт.* «M1A1» танкы.

**«Leopard-2K» танкынын тактик-техник маалыматы.** «Leopard-2K» танкы Германия армиясынын куралы эсептелет. Күжүрмөн салмагы — 50,5 тонна, эң жогорку ылдамдыгы — 68 км/с, замбирек калибри — 120 мм, двигатель кубаты — 1500 ат күчү, экипажы — 4 киши (41-сүрөт).



*41-сүрөт.* «Leopard-2K» танкы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Chellenjer-2» танкынын тактик-техник маалыматы.** «Chellenjer-2» танкы Улуу Британия армиясынын куралы эсептелет. Күжүрмөн салмагы — 62,5 тонна, шосседе жүрүү запасы — 450 км, экипажы — 4 киши (42-сүрөт).



*42-сүрөт.* «Chellenjer-2» танкы.

**«Merkava Мк.1» танкынын тактик-техник маалыматы.** «Merkava Мк.1» танкы Израиль армиясынын куралы эсептелет. Күжүрмөн салмагы — 56,0 тонна, жогорку ылдамдыгы — 46 км/с, шосседе жүрүү запасы — 500 км, экипажы — 4 киши (43-сүрөт).



*43-сүрөт.* «Merkava Мк.1» танкы.




*44-сүрөт.* Танктын начар жайлары.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Чет өлкөлөр кужурмөн вертолёттору

**AN-64D «Apache Longbow» тактик-техник маалыматы.** Эң жогорку ылдамдыгы — 261 км/с, учуу бийиктиги — 3800 м, вертолёт — 17,7 м, бийиктиги — 4,9 м, экипажы — 2 киши (учуучу жана оператор), учуу аралыгы 6 км.га чейин болгон «Xellfayr» ракетасына ээ. АКШ армиясы куралданган (45-сүрөт).



*45-сүрөт.* AN-64D «Apache Longbow» кужурмөн вертолёту.

**UH-64 «Black Hawk» тактик-техник аныктамасы.** Эң жогорку ылдамдыгы — 361 км/с, эң жогорку учуу бийиктиги — 5790 м, вертолёт узундугу — 15,2 м, бийиктиги — 5,1 м (46-сүрөт).



*46-сүрөт.* UH-64 «Black Hawk» — АКШтын кургактагы күчтөрүнүн негизги вертолёту.

### *1.5. Ок үзүү — согушта жоону жок кылуунун негизги ыкмасы. От ачуу түрлөрү. Согуш маневру жөнүндө түшүнүк. Маневр түрлөрү. Группалардын кужурмөн аракеттерин камсыздоо*

Ок үзүү — согушта жоону жок кылуунун негизги ыкмасы, аны чебердик менен алып баруу жана бутаны биринчи ок менен зыян келтирүү үчүн жоокер:

- өз куралын толук билүүсү, аны сактоону, атуу үчүн аябай даярдоону;
- атуу үчүн жайды усталык менен тандашы, чектелген убакытта, күндүзү жана түнү, ар түрдүү абалдарда атууну туура аткаруусу;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

• бутага чейин болгон аралыкты мээлөөгө коюу жана мээлөө чекитин туура аныктоону аны менен бирге шамалдын ылдамдыгын жана бута арекетин туура киргизүүнү;

• командир командасын көңүл буруп угуу жана анык, тез аткаруусу;

• өз алдынча ок үзүүдө андуу демилге көрсөтүүнү билүү керек.

Автоматчылар ок атуу үчүн группа командири көрсөткөн жайларды ээлөөнү, өз алдынча аракеттенгенде аны өздөрү тандашат. Тандоодо кырдаал, жай мүнөзү жана коюлган тапшырма эсепке алынат.

Атуу үчүн жай ыңгайлуу, кең, көрүү майданы жана атууну аны менен бирге окчуну жоо байкоосунан жашынууну камсыздоо керек. БМП (БТР) пулемёт жана гранатамёттор үчүн от ачуу позициясы группа командири тарабынан тандалат жана көрсөтүлөт.

От ачуу позициясынын жайлашуусу коюлган тапшырмаларды жогорку даражада аткарылуусу, жалындуу маневр мүмкүнчүлүгүн туудура турган жакшы көрүнүш жана атууга ээлиги, табигый маскировкалануу, ыңгайлуу кирип чыгуу жана жаңы от ачуу позициясына көрүнбөстөн баруу жолдорунун талаптарына жооп берүүсү керек.

РПГдан атуу үчүн, алардан тышкары, атуу коопсуздугун камсыздоо керек. Аркада газдардын эркин чыгышы үчүн тоскоолдор болбостугу (2 м.ден жакын эмес) аны менен бирге коопсуз зона (30 м) терендиги арасында адамдар, ок дарыларды жайлаштырбастык керек. От ачуу позициясын (атуу үчүн жайды) ушундай тандоо керек. Мында жоо аткарып жаткан иштер анык көрүнүп турсун, өзү болсо көрүнбөсүн.

## • От ачуу түрлөрү • Согуш маневру жөнүндө түшүнүк • Маневр түрлөрү • Группалардын күжүрмөн аракеттерин камсыздоо

Мото окчу (танкчы) группанын (секциянын, танктын) жалыны күжүрмөн тапшырманы аткарууда, жоону жок кылуунун негизги ыкмасы эсептелет. Жоону от ачып, ишеничтүү зыян келтирүү үчүн: бутаны өз убактында разведка кылуу, от ачуу ыкмаларын алардын күжүрмөн мүмкүнчүлүктөрүнө карап чебердик менен колдоо; от ачуунун аныктыгы, аны колдоонун кокустан жана окуу тыгыздыкта аны менен бирге жогорку ылдамдыкта колдонушу; согушта от ачууну чеберлик менен башкаруу аркылуу жетишилет.

От ачуу:

• *курал түрү боюнча* — ок атуучу, гранатамёт, жөө аскерлердин күжүрмөн машиналары (бронетранспортёрлор), танктар, артиллерия, зенит ыкмалары жана башкалар;

• *атуу усулу боюнча* — туурадан туура, жарым туура жана жабык от ачуу позициясынан атуу менен бартталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ок атуучу куралдардын от ачуу түрлөрү төмөнкүлөр:

• *тактик колдонуусу боюнча* — кезек менен кесип атуу (от кокустан, жакын аралыктан бир багытта ачылат) жана жыйылган тартипте (бирөө бутага мото окчу группанын же секциянын бардык түрдөгү ок атуучу куралдары менен ок үзүү);

• *атуу багыты боюнча* — фронталь (бута фронтуна перпендикуляр түстө), канаттан (бута канатына, анын фронтуна параллель түстө) жана эки жактан ок үзүү (бирөө бутага кеминде эки багыттан ок үзүп алып баруу);

• *атуу кызгындыгы боюнча* — бирден ок үзүп атуу, кыска жана узун кезектер менен аны менен бирге бардык түрдөгү ок атуучу куралдардан үзүксүз ок үзүү;

• *атуу усулу боюнча* — жайдан, токтоп (кыска токтоп), жүрүүдө, борттон, чекитке карап от ачуу, фронт боюнча жалынды жайып, ичине жалынды жайып, майдан боюнча жана башкалар.

**Артиллерия жалыны түрлөрү өз ичине:** өз алдынча бута боюнча от ачуу, жыйылган, тоскоолду (аракеттүү жана аракетсиз) токтоосуз окко тутуу жана башкаларды алат.

Коргоону уюштурууда, айрыкча, тоолордо, бардык түрдөгү куралдарды өзүнө тарткан абалда көп катмарлуу жана көп кабаттуу жалын жасалат. Жоонун тирүү күчтөрүнө өз алдынча от ачуу ыкмалары же мото окчу группа жана секциянын ок атуучу куралдарынын жайылган жалыны менен атып зыян жеткирет.

Согушта мото окчу (танк группасы), жайдын ыңгайлуу шарттарынан пайдаланып, от ачуунун аракет менен чеберлик менен жана маневрду кең жасоо керек. Маневр күчтөрү жана ыкмалары от ачуу менен өткөрүлөт.

*Күч жана ыкмалар маневру* жоонун күжүрмөн тартибиндеги эң начар жайына, айрыкча, канаттар арт жагына андан ары өз бөлүнмөлөрүн жоо соккусунан өз убактында чыгаруу үчүн өткөрүлөт. Күч жана ыкмалар маневру түрлөрү болуп курчоо, айланып өтүү, алардын бирикмеси жана чегинүүсү эсептелет.

*Айланып өтүү* — анча терең маневр жоонун арт жагынан сокку берүү максатында өткөрүлөт.


*Чегинүү* — өз кошуундарын жоо соккусунан чыгарып алуу жана ыңгайлуу абалды ээлөө үчүн колдонулуп жаткан маневр. Ал жалгыз командир уруксаты менен өткөрүлөт.

Маневр планы боюнча жөнөкөй болуу, дагы тезде, жашырынча жана жоо үчүн кокустан өткөрүлүшү керек. Аны ишке ашыруу үчүн жоону жалындуу зыян көрсөтүү натыйжасында ачык канаттары, аралыктар, жай шарттары, жашырынча баруу жолдору, түтүн жана аэрозолдор, коргоодо болсо, мындан тышкары, траншеялар жана байланыш жолдорун эсепке алынат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*47-сүрөт.* Бөлүнмөлөрдүн согуштагы маневру (вариант).




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жалындуу маневр жоого ийгиликтүү зыян келтирүү үчүн колдонулат. Ал группа (секция)нын бир эң маанилүү бута боюнча жалынын жыйууда, бир бутадан башкасына жалынды өз убактында көчүрүү жана группа менен бир убакытта бир нече бутага от ачууну алып барууда баяндалат.

Мото окчу (танкчы) группанын (секциянын, танктар) аракетин күжүрмөн камсыздоо, күжүрмөн дайындыкты кармап турууга багытталган чараларды ишке ашыруу жана уюштуруу аны менен бирге анын күжүрмөн жөндөмдүүлүгүн сактап калуу, коюлган тапшырмаларды өз




*48-сүрөт.* Жалындуу маневр (вариант)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

убактында жана ийгиликтүү аткаруу үчүн ыңгайлуу шарттар жаратып берүүдө баяндалат. Ал согуштун бардык түрлөрүндө: көнүгүү өтөө кезинде жана жайлашкан жайда, командир буйругу негизинде уюштурулат жана өз ичине разведка, коргоо, маскировкалоо, инженердик камсыздоо жана химиялык коргонууну алат.

Мото окчу (танкчы) группанын (секциянын, танктар) командири ок-дарылар, жанармай (ёкилги) запастарын өз убактында толтуруп алуу чараларын, күжүрмөн машиналар жана курал-жабдыктарга техник кызмат көрсөтүүнү, жеке курамды индувидуал коргоо жана атайын тазалоо, азык-түлүк жана башка материалдык ыкмалар менен камсыздоо аны менен бирге жоокер жана сержанттар буюмдарынын толуктугун текшерүү, алардан туура пайдаланууну текшерип баруу керек.

Буюмдарга жоокер жана сержанттар үчүн арналган жабдык жана башка заттар кирет. Ал көтөрүп жүрүүчү жана ташылуучу бөлүктөргө бөлүнөт. Буюмдардын көтөрүп жүрүлүүчү бөлүгү, мыйзамга көрө, жоокерде жана сержантта болот аны менен бирге өзүнө жеке курал, ок-дарылар, газмаска (респиратор), жөө аскерлер күрөгү, болот шлем, бронежилет, талаа буюмдары, суу куюлган фляжка, заттар калтасын өз ичине алат. Заттар калтасында: казанча, кашык, кружка, курук паёк, индивидуал аптечка, сууну зыянсыздантыруучу ыкмалар жана жеке гигиена заттары жайлаштырылат. Командирдин буйругу менен алып жүрө турган буюмдарынын курамы өзгөртүрүлүшү мүмкүн.

*Курчоо* — жоо канатына сокку берүү үчүн ишке ашырылуучу маневр.

Курчоо, адатта, жалындуу жана тактик жолдоштукта, айланып өтүү болсо, фронттон аракеттенүүчү тактик жолдоштукта ишке ашырылат.

Бардык калган заттар буюмдарынын ташып жүрүүчү бөлүгүнө кирип, алар жөө аскерлердин күжүрмөн машиналар (бронетранспортёрлор, танктар)да алып жүрүлөт. Иштетүү боюнча колдонмолор жана башка документтерге ылайык жайлаштырылат.

## *II бөлүм.* ЖООКЕР ЖАНА БӨЛҮНМӨЛӨРДҮН СОГУШТАГЫ АРАКЕТТЕРИ


### *2.1. Коргоодо жалындуу позиция жөнүндө түшүнүк. Аны тандоонун тартиби, абалын ээлөө, жабдууланышы. Коргоого жергиликтүү предметтерди ылайыкташтыруу, ок атуу секторун тазалоо жана окопту маскировкалоо*

От ачуу позициясы — бул жоокер менен жоонун согуш алып баруу жайы же жай участкасы. От ачуу позициясы жайга байланыштуу жагдайда тандап алынат жана ал жоокер тарабынан ушундай тандап алынышы (же командир көргөзүшү) керек. Ал жерден алдында турган жоо байкоо алып баруу мүмкүн болгон жай жакшы көрүнсүн. Жай ок атуучу куралынын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*49-сүрөт.* Автоматтан жатып атуу үчүн бир кишилик окоп казуу тартиби.

таасирдүү ок үзүү алыстыгында көрүнүп турушу керек. Эгер алдында ачык жайда күжүрмөн аракеттер алып барыла турган болсо, жоокер ага көрсөтүлгөн от ачуу позициясы жайын көңүл менен үйрөнүп чыгышы керек. От ачуу позициясы жоо жалыны астыда ээлениши мүмкүн.

Жоо жалыны астында жатып атуу үчүн бир кишилик окоп казуу төмөнкүдөй аткарылат: тандалган жайда жоокер куралын өзүнөн оңго, созулган кол алыстыгында стволдун оозун жоого каратып, жерге коёт; сол мыкынга жанбаштап, жөө аскерлер күрөгүн чехолдон чыгарат; кийин күрөктүн туткучунан эки колдоп кармап, өзүнө карап уруп, чымды кесет (49-сүрөт).

Чымды алып болуп, аны жанына коёт, окопту казып, аны бруствerди маскировкалоого иштетүү мүмкүн үчүн топурак башынан алдынга, кийин болсо жан тарапка ташталат, ал октор, снаряд же мина чачырандыларынан сактоону камсыздайт.


Иштөө кезинде мүмкүнчүлүк болушунча жерге жакынырaакта иштетилүүсү керек, анткени жоону үзгүлтүксүз байкап туруу мүмкүн. Окоптун алды бөлүгүн 20 см.ге казып, жоокер азыраак артка жылат жана калган бөлүгүн казууну улантат. Окоп кендиги 60 см, болсо 170 см болуу керек. Жумуш аягында бруствер жайдын чөйрөсүндөгү түсүнө ылайыктап маскировкалайт.

Эгер жоо активдүүлүк көрсөтпөсө, окопту жабдуулоо иштери улантылат, ал тизелеп атуу үчүн 60 см.ге терендетилет жана ылайыкташтырылат (50-сүрөт), кийин болсо туруп атуу үчүн 110 см.ге чейин терендетилет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*50-сүрөт.* Автоматтан тизелеп атуу үчүн окоп.

Ыңгайлуу шарттарда, айрыкча, жоо өзүн начар көрсөткөндө, группа командиринин көрсөтмөсү боюнча же өз алдынча бир кишилик окоптор группа позициясына өз ара биригет жана алар толук профилге (көрүнүшкө) жеткирилет.

Ушул максатта жоокер окоптон чыкпастан, өзүнүн солдогу кошунасына чыгуу үчүн бириктирүүчү жол казат.

Жумуш тартиби бир кишилик окоп казуу тартиби менен бирдей. Эгер окоп алдында бута же бийик чөптөр болсо, көрүнүштү мыктылоо жана атуу үчүн алардан тазаланат, бирок буларды жоого сездирбестик керек. Алардан тышкары, түнкү согуш алдынан мээлегичсиз атууга автоматтар жана пулемёттор даяр абалга келтирилет.




*51-сүрөт.* Автоматтан туруп атуу үчүн окоп.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Окоптон от ачууда, жоокердин коопсуздугун камсыздоо үчүн жергиликтүү предметтер (куруган чөп, бутак-шактар жана ушул сыяктуулар)-ден пайдаланылат, жай түсүнө ылайыкташкан маскировкалоо торлорун дагы иштетүү мүмкүн. Окоптун алды бөлүгүндөгү атуу секторун тазалоо керек, бул жерден жоокер кол салып жаткан жоого карата от ачат аны менен бирге согуш майданын күзөтүп барат.

Душмандын танкы жакындашуусуна карап, ага гранатамёттун чыныгы от ачуу алыстыгында РПГ-7 менен сокку берилет.




*52-сүрөт.* Самолётторго тоскоолдуу от ачуу.





*53-сүрөт.* Гранатамёттун чыныгы от ачуу узактыгы РПГ-7 ден танктарды залалдоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мергендер танк жана бронетранспортёрлордун атуу курулмаларын иштен чыгаруу максатында от ачышат.




Аралык 300—700 м



*54-сүрөт.* Танк жана БТРдын байкоо аспаптарына мергендердин ок үзүүсү.

Душмандын танкы жакындашуусуна карап, гранатанын чыныгы от ачуу алыстыгында танкка каршы андан пайдаланылат.



Аралык 30—40 м



*55-сүрөт.* Граната ыргытып, танкты залалдоо.


Коргоонун алдынкы чегиндеги траншеяга танктар түшсө, аларды танктар үстүнө атуу гранатасы менен зыян келтирет.

Танктар жана башка аракетенип жаткан бронялуу объекттерге каршы күрөшүү миналары жардамында алып барылышы мүмкүн. Жайларда, танкка каршы миналарды, мина орнотуучу машина жардамында орнотулат, жоокерлер болсо колдо орнотот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*56-сүрөт.* Канат узунунан аракеттенип жаткан танкка граната ыргытуу.

Жоонун брондолгон машиналарын көзөтүү аспаптарына пулемётчу жана мерген дагы от ачып күрөшүүсү мүмкүн.

Өз алдыча абалдарда группа командиринин буйругу боюнча танктар менен күрөшүү үчүн жоокер дайындалат. Ал жай рельефинен пайдаланып, группа жалыны же замбирекчилер астында кол гранатасы менен танктарга жакындашкан жагдайда аларды жок кылат.

### *2.2. Позицияга жарып кирген жоону жок кылуу. Жоокердин түнкү кол салуудагы аракети жана суу тоскоолдорунан өтүү. Жардыруучу кол жана танкка каршы гранаталарды ыргытуу усулдары. Гранатаны траншея же окоптон ыргытуу*

Эгер жоонун өз алдынча группалары коргоонун алдынкы чегин жарып өтүп траншеяларга түшсө, жоокерлердин тарап кетпестиги үчүн мурда даярданып коюлган «кирпи» жана «айрылар» тез орнотулат. Тосмолорду коюп болуп, жарып кирген жоо менен согушка киришилет жана бир убакытта траншея ичинде аракеттенүүгө умтулган же тосмолорду траншеядан чыгарууга (жардыруучу) болгон жоо көзөтүлөт. Аларды кыска аралыктан атып, граната ыргытып кол согушуна өтүп, жок кылынат.


Кол салууда жоокер жоону от ачып, зыян келтирүү натыйжаларынан пайдаланып, группа (секция)нын башка жоокерлери менен өз ара аракеттенген жагдайда бар күчүн толук ишке салат.

Кол салуудан алдын ал өзүнүн тапшырмасын, секция жана группа тапшырмасын, зыян келтирүү үчүн буталарды жана от ачуу тартибин аныктоону, танк номери (таануу белгиси)ни жана ошол танк артынан аракеттенүүдөгү секцияны аны менен бирге башка от ачуу ыкмалары менен өз ара аракетин билүү керек. Жөө жүрүү тартибинде качырууга өткөндө — жөө абалга өтүү жайы жана тартиби, секция чынжырындагы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*57-сүрөт.* Жөө согушуу.

жайы, тосмо-тоскоолдордон өтүү тартибин билүү; командир үйрөткөн сигналдарды эстеп калуу; куралынын тыккандыгын текшерүү жана аны согушка даярдоону; ок-дарысын текшерип чыгууну жана керек болсо, алардын ордун толтурууну; жеке коргоо ыкмалары тыккандыгын жана санын, кийим-кечегин жана ага кадалган нерселернин тууралыгын текшерип көрүү зарыл. Жоокер түнкү кол салуу убактында дагы күндүзгүдөй эле аракеттерин аткарат. Караңгы кезде оптикалык аспаптардан пайдаланылат. Суу тоскоолдорунан өтүүдө жеке өзү, суу кемелеринен жана күжүрмөн машиналардан пайдалануу мүмкүн.

**• Жардыруучу кол жана танкка каршы гранаталарды ыргытуу усулдары • Гранатаны траншея же окоптон ыргытуу усулдары**

Гранатаны ыргытуу төмөндөгү усулдарда ишке ашырылат: ыргытууга даярдык көрүү (гранатаны октоо жана ыргытуу абалын кабыл кылуу) жана гранатаны ыргытуу.




*58-сүрөт.* Жоо траншеясында жарылган граната.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*59-сүрөт.* Жоо траншеясындагы согуш.

Гранатаны октоо «Гранаталар ҳозирлансин» командасына көрө, согушта болсо, өз алдынча көрүнүштө ишке ашырылат. Гранатаны октоо үчүн аны сумкадан алып, корпус трубкасынан тыккынды (заглушка) чыгаруу жана запалды трубкага бурап киргизүү керек. Ошондо граната ыргытуу үчүн даяр болот.




*60-сүрөт.* БМП коргоодо турат, замбирек жана пулемёттор жалыны менен БТР жана танк менен кол салган бөлүнмөлөргө залал жеткирилүүдө. Танктар БМПга ок атып, аларды залалдап жатууда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*61-сүрөт.* Запалды бурап орнотуу жана сактоочу тартыкты суруу.

Гранатаны ыргытуу үчүн төмөндөгү амалдар аткарылат:

• гранатаны колго алып, бармактар менен от ачуу тиргегин граната корпусунан кысып тутулат;

• от ачуу тиргегин катуу кысып турган абалда экинчи кол менен сактоочу тартык учтары түуруланат жана аны бармак менен тогону тартып, запалдан сууруп алынат;

• кулач ачып, гранатаны бутага карата ыргытылат, коргоо аралыгында колдонууда граната ыргытылганда далдага өтүлөт.

Азыркы кезде курал оперативдүү аракетти камсыздоочу абалда болуу керек. Гранатаны бир жайда тик турган абалда ыргытуу үчүн төмөндөгү амалдар аткарылат:

• бутага беттелип турулат;

• гранатаны оң колго (сологой — сол колго), куралы болсо сол (оң) колго алып, сактоочу тарткы суурулат;

• оң (сол) бут менен, тизени бүгүп, артка бир кадам ташталат;

• денени оң (сол)го бир аз буруп (эшип), граната жайы боюнча ылдыйга жана артка атылат;

• оң (сол) бутту тез түурулап туруп, көкүрөк бута жакка бурулат жана гранатаны желке бойлоп алып, ыргытылат. Граната ыргытылышында, чыканак кошумча шилтенет.

Ыргытуу аралыгында дене салмактуулугу сол (оң) бутка өткөрүлүп, курал кескин артка тартылат. Гранатаны тизелеп туруп ыргытуу үчүн төмөндөгү амалдар аткарылат:

• тизеге турулат;

• гранатаны оң колго, куралды болсо сол колго алып, сактоочу тарткы сууруп алынат;


• денени артка таштап, оңго бурулуп жана кулач ачылат;

• бир аз көтөрүлүп, гранатаны желке бойлоп ашырып, аракет соңунда сол бут жакка тез, бүгүлүп ыргытылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*а* *б* *в* *г*

62-сүрөт. Ордунда туруп граната ыргытуу усулу: *а, б, в, г* — аракеттер удаалаштыгы.

Гранатаны жаткан абалда ыргытуу үчүн төмөндөгү амалдар аткарылат:

— жаткан абалда от ачуу абалы кабыл кылынат;

— курал жерге жаткызылып, граната оң колго алынат;

— сол кол менен сактоочу тарткы сууруп алынып, жерге колдор менен турулат жана андан түртүп, тизелерге турулат;

— оң бутун бир аз артка таштап, сол тизеге, аны ордунан козгобой турулат жана ошол мезгилдин өзүндө кулач жайылат;

— оң бутун туурулап, көкүрөктү бута жакка буруп, алдыга жыйыла барып, граната ыргытылат;

— куралды алып, от ачууга даярдык көрүлөт.

Гранатаны аракет аралыгына ыргытуу үчүн төмөндөгү амалдар аткарылат:

— гранатаны жарым бүгүлгөн оң колдо, курал болсо сол колдо тутулуп, сактоочу тарткы сууруп алынат;

— сол бут ташталганда, кол граната менен биргеликте алдыга чыгарылат;

— кезектеги кадам ташталганда (оң бут менен), кол жайы боюнча ылдыйга артка аракет кылуу улантырылат жана ошол кезде дене оңго бурулат;

— үчүнчү кадамда, сол бутун бута багыты жакка ичине коюп, оң тизеси бүгүлөт жана денени буруу, кулач ачылышы токтотулат;

— аракет ылдамдыгынан пайдаланып, ыргытуу убагында бут, дене жана кол күчүн бирлештирген абалда граната желке бойлоп ашырып ыргытылат.

Гранатаны автомобилден ыргытуу үчүн төмөндөгү амалдар аткарылат:

— орундукта отурган же эки бутта туруп, же сол бутунун тизесин орундукка койгон абал кабыл кылынат;

— гранатаны оң колго, куралды сол колго алып, сактоочу тарткы сууруп алынат;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— курал кармаган сол кол менен автомобиль бортун кармап турулат жана денени артка, ошол кезде оңго буруп, граната менен кулач ачылат;

— гранатаны желке бойлоп алып атып, алдыга тез эңкейип, ыргытылат жана борт артына бекинет.

Эгер автомобилде люк болсо, гранатаны ыргытуудан мурда люктүн капкагын ачуу керек, ыргытып болгондон соң жабуу керек.

Гранатаны танк (өзү жүрүүчү артиллерия курулмасы)дан ыргытуу үчүн төмөндөгү амалдар аткарылат:

— октоочу даярдалган гранатаны оң колго алып, бута жакка бурулат жана сактоочу тарткыны сууруп алат;

— люктүн капкагын түртүп, анын туткасынан кармап турат;

— люктүн капкагын ачып, гранатаны люк аркылуу ыргытылат жана люктүн капкагын тездик менен жабып, кулуптайт.

Гранатаны траншея же окоптон ыргытуу үчүн төмөндөгү амалдар аткарылат:

— курал окоп же траншея кыргагына жаткырылат;

— гранатаны оң колго алып, сактоочу тарткы сууруп алынат;

— оң бутту мүмкүнчүлүгүнө чейин артка тартып, бел жана буттар бир аз бүгүлөт жана граната кармаган оң кол акырына чейин жогоруга, артка тартылат;

— сол колго тирелген абалда тез тууруланып, граната ыргытылат жана траншея (окоп) ичине жашырынат.

Жоонун окоп, траншея же ачык жайда бар болгон жандуу күчүн жок кылуу үчүн гранатаны горизонтко салыштырмалуу 35°—45° бүрчөк астында, бута үстүнө тик түшүрүп, мүмкүнчүлүгүнө чейин секиртпестен ыргытуу зарыл.

Гранатаны имараттын терезе жана эшиктерине ыргытуу аралыгында аларга анык тийиши талап этилет, аны менен бирге граната траекторриясы бутага туура багытталган болуу керек. Граналаларды терезе жана эшиктерге анык тийишине ар дайым жана узак алып барылган көнүгүүлөр менен жетишет. Граната ыргыткан киши гранатаны ыргытып болуп жашырынышы керек, көрсөтүлгөн абалда бутага тийбей жарылган граната бөлүктөрү менен өзү жараланышы мүмкүн.

Эгер граната ыргытылбаган жана запалдан сактоочу тарткы суурулбаган болсо, ал командирдин күзөтүү астында оксуздандырылат.

«Граната ўқсизлантирилсин» командасына көрө, запал бурап чыгарылат, чүпүрөккө (кагазга) оролот жана гранаталар кабына жайлаштырылат; корпус трубкасына тыгын бурап жайлаштырылат жана граната өз сумкасына салынат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# *III бөлүм.* РАЗВЕДКА

## *3.1. Байкоо үчүн жай тандоо. Көрүнүш чектелген шартта жай жана жайдагы предметтерди үйрөнүү*

Жай жана жоо разведкасын алып баруу үчүн жоокер байкоочу кылып дайындалышы жана байкоо посту курамында аракеттениши мүмкүн. Байкоо посту жашырынча жабдууланат, маскировкаланат жана жоону байкоо үчүн керек болгон бардык ыкмалар менен камсызданат. Байкоо пункту үчүн жай, жайды жана жоонун постундагы предметтерин, өз кошуундары аракети көрсөтүлгөн полосада мүмкүнчүлүккө чейин, алыстыктан байкоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоо керек.

Адатта, байкоо үчүн полоса жоону разведка кылуудан тышкары, өз кошуундарын аракетин күзөтүп баруу; сектор бир гана жоону жана өтө кесишкен шарттуу жайды байкоо үчүн белгиленет. Байкоо постунда окопто, траншеяда, снаряд (бомба) жарылган чуңкур атайын жабдууланган имаратта, күжүрмөн машинада же байкоо ыңгайлуу болгон жайда болуу мүмкүн.

*Компас* — горизонтто туура аныктоо үчүн керек.

*Масштабтуу карта* — 1:25000, 1:50000 ага байкоо посту шарттуу белгисинин байкоо секторун, жоо пайда болушу мүмкүн багытты, жоо коргоосунун алды чек арасын, анын от ачуу ыкмалары жайлашуусун жана башкаларды сызуу үчүн колдонулат.

*Дүрбү* — бул байкоо ыкмасы болуп, анын жардамында жай жана жоону байкоочу байкайт. Дүрбүнүн оптика тизими, андан байкаганда бардык





*63-сүрөт.* Байкоо постун камсыздоо



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*64-сүрөт.* Байкоо пункту:
*а* — ачык окоп; *б* — жабылган жана күзөтүү үчүн түйнүккө ээ окоп.

предметтер чыныгы аралыгынан 2 ден 15 иретке чейин жакын аралыкка келтирилет.

*Байкоо журналы* — байкоо жыйынтыктары жөнүндө бардык маалыматтарды киритүүгө арналган.

*Саат* — анык убакытты билүү үчүн пайдаланылат.

*Телефон (радиостанция)* — командир менен байланышта туруу аны менен бирге байкоо жыйынтыктарын жиберүү үчүн пайдаланылат.

Офицер сызгычы жана калеми — картада иштөө үчүн арналган.

Байкоо пункту 64-сүрөттө көрсөтүлгөндөй болуу керек.

Байкоо посту планшети — талаа шартында жоону жана жайды разведка менен байкоо жеке курамга жардам көрсөтүүгө арналган.


## Көрүнүш чектелген шартта жай жана жайдагы предметтерди үйрөнүү

Жай жана жайдагы предметтерди байкоо үчүн ыңгайлуу болгон эрежеге көрө, байкоо постунан байкап үйрөнүлөт. Эң мурда, жайды туура үйрөнүү үчүн анын чиймесин түзүү керек. Ага байкоо постунун жайы, өз



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*65-сүрөт.* Жай чиймеси.

кошуундарынын жана жоонун алдынкы чети сызылып, ориентирлер белгиленет аны менен бирге аларга чейин болгон аралык аныкталат. Жай чиймесинде түндүк багыт көрсөтүлгөн стрелка сызылат.

Байкоо ыңгайлуу болуу үчүн байкоо сектору ичкериге карата 2—3 зонага бөлүнүшү керек (жакын 400 м.ден 800 м.ге чейин жана узагы адам көзү көрүшү чек арасына чейин). Зоналар чек арасы, адатта, ориентирлер же жайдагы предметтер менен белгиленет.




*66-сүрөт.* Байкоо секторлорун зоналарга ажыратуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*67-сүрөт.* Бадалдар астынан жайды байкоо.



*68-сүрөт.* Таштардан пайдаланып, жайды байкоо.

Байкоо жакын зонадан ондон солго шарттуу белгиленген чек ара боюнча өзүнөн ичкериге карап, жайды жана жайдагы предметтерди бирме-бир байкап чыгуу жолу менен ишке ашырылат. Жайдын ачык участкалары тезирээк көрүп чыгылат, жабдыктары болсо анык байкалат.



*69-сүрөт.* Дарактан пайдаланып, жайды байкоо.


Бардык көргөн жана аныктагандарын байкоочу байкоону токтотпостон командирине билдирет. Билдирүүдө байкоочу ориентирди жана андан канча алыстыкта (ондо, солдо, жакында, алыста) эмне сезгендерин айтат, мисалы, «экинчи ориентир — солго 50, жакынга — 100, сарык бута жанында жоонун байкоо пункту». Кабарларды ал телефондо же радиостанция аркылуу узатат.

Түндө байкоону алып баруу, айрыкча, кыйын. Тоодо жогорудан ылдыйды көрүү, ылдыйдан жогоруну байкоодон көрө кыйын. Ошон үчүн байкоо пункту жайы өткөөлү(дара-горный проход) жана ылдый жайларында тандалат, анткени ал жерден жоону тезирээк табуу мүмкүн. Ориентирлер сапатында жайда контур сызыктарына ээ болгон предметтер тандалат. Түн шартында байкоо түнкү көрүү аспаптары же көз жардамында алып барылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*70-сүрөт.* Бийиктикте арекеттенип жаткан жоону байкоо.

Байкоо алып барып жаткан жоокер, практикалык сабак кезинде командир тарабынан берилген тапшырык кандай аткарылган болсо, согуш кезинде аларды толук аткаруу талап кылынат.

### *3.2. Жайда предметтер жана буталарга чейинки болгон аралыкты аныктоо. Алыстыкты өлчөө*

Аралык метрлерде өлчөнөт. Эң анык аралык карта масштабы боюнча картаны жайга салыштыруу жолу менен аныктоо мүмкүн. Разведкачы аралыкты аныктоонун төмөндөгү усулдарынан көбүрөөк пайдаланат:

**1. Объекттердин (буталардын) бурч өлчөмдөрү боюнча.**

Ал үчүн кээ бир аралыкта байкалып жаткан сызыктуу өлчөмдөр жана бүрчөктөрдү билүү керек. Бүрчөк көлөмдөрү дүрбү жана байкоонун башка ыкмалары жардамында өлчөнөт.

Мисал. Бир кабаттуу үйдүн бийиктиги (8 м) дүрбүнүн эки бөлүгү (0-10)го тең келет. Бутага чейинки болгон аралык төмөндөгү туюнтма менен аныкталат:

$$U = \frac{B_x \cdot 1000}{BU}; \qquad U = \frac{8 \cdot 1000}{10} = 800 \text{ м}$$

бул жерде, $B_x$ — бута бийиктиги; $BU$ — миндерде берилген бурч.

**2. Атуу кезиндеги жана добуш боюнча.**

Добуш метеорология шарттарына байланыштуу жагдайда секундуна 330—340 м ылдамдыкта таралат (же чамасы 1 км.ди 3 секундта басып өтөт). Жарыктык таралуу болсо өтө тез (секундуна 300000 км).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мисал. Ок атуу добушу атуу кезиндеги жалын тогуз секунддан кийин разведкачыга жетип келет. Ок үзүлгөн куралга чейин болгон аралыкты тап:

$$S=V \cdot T; \quad 330 \cdot 9 = 2970 \text{ м},$$

бул жерде, $S$ — алыстыгы; $V$ — ылдамдыгы; $T$ — убакыт.

**3. Сызыктуу өлчөм боюнча (сызгыч жардамында).**

Ал үчүн меллиметрлер белгиленген сызгыч алынат жана аны көздөр алдында созулган кол аралыгыда (көздөн чамасы 60 см алыстыктан) кармалат, аныкталышы керек болгон аралыкка, ориентир (бутага)ге сызгычтын меллиметрлүү узундугу (бийиктиги, кендиги) боюнча туура келгендиги аныкталат. Предметтин маалым болгон сантиметрдеги чоңдугу өлчөөлөрдө келип чыккан меллиметр сандарга бөлүнөт жана натыйжада, туруктуу сан алтыга көбөйтүлөт.

*Мисал.* Эгер 6 м бийиктиктеги телеграф сым карагай өлчөө кезинде сызгыч боюнча меллиметрди ээлесе, ага чейин болгон аралык (600:8) · 6=450 м.

**4. Предметтерди көрүнүү даражасы боюнча.**

**5. Душман жайлашкан жерди, анын аракеттенүүсү жана ага чейин болгон аралыкты добуштар жардамында чамалап аныктоо мүмкүн.**

Дүрбү шкаласы бүрчөктөрдүн баасы миңден бешке тең — 0—0,5 дүрбүнүн эки бүрчөгү миңден онго тең — 0—10.

## Алыстыкты өлчөө

Дүрбүнүн бурчту өлчөө түрү жардамында жайдан предмет (бутага)ке чейинки болгон алыстыкты өлчөө мүмкүн, качан, ошол предмет (бутанын)тин же ушул бута алдында турган предметинин өлчөмдөрү маалым болсо.

Алыстыкты өлчөө үчүн:


1. Предмет (бутанын)тин бийиктиги же кендиги бурчу бурч өлчөмүндө өлчөнөт.

2. Бутанын метрлерде көрсөтүлгөн өлчөмдөрү саны бурч өлчөмү бөлүктөрүнө бөлүнөт.

3. Пайда болгон сан миңге көбөйтүлөт.

Натыйжада, метрлерде өлчөнгөн изделип жаткан алыстык аныкталат.

*Мисал*. Телеграф сым карагайынын бийиктиги 6 м.ге тең. Сым карагай 0—30 бурч астында көрүнүүдө, ага чейин болгон





*71-сүрөт.* Дүрбүнүн бурчту өлчөө түрү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*72-сүрөт.* Кол астындагы предметтерден бурчтун миндер чондугун өлчөөдө колдонуу.

алыстык 61000:3=2000 м.га тең. Бүрчөктүн чондугу (ал) кол астыдагы предметтер жардамында аныктоо мүмкүн.

Жайдын схемасын кыска убакыт ичинде түзүү үчүн разведка даярдуулугунда норматив белгиленген.

Жеке курам байкоо постунда. Жайдын схемасын түзүүдө 500 метрден 2000 метрга чейин алыстыкта орношкон, алтыга чейин белгиленген ориентирге аралыкты аныктоо. Аныктоодо дүрбүдөн пайдаланууга уруксат берилет. Убакыт тапшырма көрүп чыгуу кезинен иштеп чыгылган схема тапшырууга чейин эсептелет.

## *IV бөлүм.* ИНЖЕНЕРДИК ЖАБДЫКТОО ЖАНА АЛАРДЫ КӨЗДӨН ЖАШЫРУУ

### *4.1. Инженердик жабдыктоо жана аларды көздөн жашыруу. Окоптор жана тосмолор*

Чебердик менен жабдыкталган чептер согуш тажрыйбасында көп тараптан алдындан белгиленгендей, согушта ийгиликтерге алып келет. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн жоокерлери жогорку билимдеги инженердик даярдуулугуна ээ болуу менен бирге, аянт жана майдандарда жабдыктоо кырдаалын эң жакшы даражада колдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Заманбап согуш алып баруу убагында инженердик жабдыктоо иштери барктуу даражада өстү. Заманбап согуш алып баруу менен бирге,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жалпы жана жөнөкөй ыкмаларды зыянга учуратуу таасир күчтөрү, кошулма жана бөлүктөрдүн үлгүлүү-техникалык камсызданышы натыйжасында, инженердик жабдыктоо жолдору менен жоонун жеке курамына зыян келтирүү ыкмалары менен коргонууга аларды сырдуу жана ашкере болбогон кырдаалдарда фронт алды аны менен бирге анын ичкерисинде тез шамдагай аракет кылып, согуш алып барууну камсыздайт.

Секциянын инженердик жабдыктоо иштерине жашынуу жайлары, окоптор жана байланыш жолдору курулушу менен бирге, мина жардыруу тоскоолдорун даярдоо дагы кирет. Жоо менен түздөн-түз жакындашканда, секциянын окопторун, тармак жолдорун аныктоо жоо аларды сындыруу кырдаалында болот. Бул үчүн жер оюучу машиналардан пайдаланылат. Жоо менен бетме-бет жакындашуу шарттарында жабдыктоо кырдаалы колдо казуу жолу менен аткарылат.

## Окоптор жана тосмолор

Окчулар, пулемётчулар жана гранатамётчулар мурда жаткан жагдайда атуу үчүн, кейинчерээк ачык жайга чейин 60 см терендикте тизе абалында жана 110 см терендикте турган абалдарда атуу үчүн жеке-жеке окоптор даярдашат. Гранатамётчулар үчүн дагы, окчулар үчүн дагы дал ошондой жеке окоп керек болот. Алардын баркы, гранатамётчунун атуу багытындагы карама-каршы жактары топурак уюмдары менен толдурулбайт. Окопто гранатамёт окчусу, гранатамёт үчүн майданга гранатамёт жана анын ок-дарыларын жашыруу үчүн тосмолор кылынат. Жоонун огу жана жандыруучу ыкмаларынан коргонуу максатында окоптордо бир, эки киши үчүн топурак уюумдарынан жасама дөндүктөр курулат.

Секция үчүн окоп жеке абалдагы окоптор бириктирилгенден кийин уюштурулат. Бул төмөнкүдөй түзүлөт: окоптор аянты узунунан, алды жана арт жактары топурак уюмдарынан жасама дөндүктөр кылынат, окчулар үчүн, негизги жана запастагы пулемёт аны менен бирге гранатамёттор үчүн жайлар, арт жакка болсо байланыш жолдору аны менен бирге ок-дарылар, азык-түлүктөр үчүн тосмолор даярдалат.


БМП (БТР)лер үчүн окоптор негизги жана запастагы жайларыдан көз үзбөгөн жагдайда туура төрт бурчтук формасында, машиналар үчүн аянтча жабдыкталат, топурак уюмдарынан кылынган жасама дөндүктөн жардам берүү максатында жүрүп чыгуу жолдору даярдалат. Тосмо секция алдыга тик чыгуу үчүн жабдыкталат. Терендиги 1,5 м, кендиги 0,6 м, 3 м.ден кем болбогон окоптон туурадан туура чыгуу жайы даярдалат. Тосмо кадалар, жыгачтар жана шактар менен бекитилет.

*Мина* — жардыруучу тоскоолдор. Жоо танкалары жана пехотасынын аракет кылуу жолдоруна аны менен бирге эң алдынкы жайларга танкка



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*73-сүрөт.* Окоптогу секция: *1*—согуш алып баруу үчүн ачыктык; *2*—жан тараптарга атуу далдасы; *3*—пулемёттор үчүн жай; *4*—атуу үчүн жай; *5*—үстү жабылган сепил; *6*—гранатамёт үчүн жай; *7*—үстү жабылган согуш алып баруучу ачыктык; *8*—негизги от ачуу позициясында БМП үчүн жай; *9*—аппарель; *10*—топурак уюму; *11*—дааратканa; *12*—байланыш жолдору; *13*—запаста от ачуу кырдаалындагы БМП үчүн жай.

каршы, пехотага каршы жана аралаш жайларга өз алдынча группа миналары орнотулат. Танкка каршы миналар майданы үч-төрт катарда жайлаштырылат. Жайлаштырылган миналар аралык катары 10 м.ден 40 м.ди, ар кайсы катардагы миналар бир-бириден 4 м.ден 5,5 м.ге чейин аралыкта уюштурулат. Миналар майданынын жалпы 20 м.ден 120 м.ге чейин уюштурулат.

Пехотага каршы миналар майданы жайлашуу абалында, кадимкидей, эки жана төрт катарга орнотулат. Миналар катарындагы аралык 2 м.ден 4 м.ге чейин болот, миналар катарындагы миналар арасы 1 м.ге чейин болот. Жоонун аракеттениши мина жардыруу тоскоолдору орнотулган жайлар аркылуу ишке ашырылат.

## *V бөлүм.* **КУРАЛДУУ КҮЧТӨРДӨ КОЛДОНУЛА ТУРГАН МИНАЛАР**

Заманбап согушта инженердик тоскоолдор күжүрмөн абалдарды камсыздоодо негизги ролду ойнойт. Жоого зыян жеткирүү жана алдынга аракеттенүүнү начарлатуу аны менен бирге анын маневр кылуусун кыйындаштыруу максатында ачык жайга (суудa же абада) орнотулат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Инженердик тоскоолдорунун негизги түрлөрүнөн бири мина жардыруу эсептелип, жоого анык таасир этүү үчүн колдонулат. Экинчи дүйнө согушу мезгилинде инженердик тоскоолдорго орнотулган мина жардыруулары натыйжасында жоонун 10000 ден артык танкалары жок кылынган. Айрыкча, Москва астанасы жана Курск жаасындагы согуштарда жоо көп танкаларын жоготту.

Мина жардыруу тоскоолдорун жабдыктоодо миналар колдонулат. Өзүнүн дайындалуусу менен алар танкка жана пехотага каршы бөлүнөт.

## *5.1. Танкка каршы миналар. Пехотага (жөөлөргө) каршы миналар*

### Танкка каршы миналар

Танкка каршы миналар танктын чынжырына каршы болуп, алар танкаларга, ракета жана артиллерия курулмаларына, пехотанын күжүрмөн машиналарына, бронетранспортёрлор жана жоонун башка транспорт машиналары жайлашууларын миналаштыруу үчүн колдонулат.




*74-сүрөт.* Танкка каршы ТМ-57 мина МВЗ-57 жарылгыч менен бирге көрүнүшү: *а*—транспорт абалындагы жалпы көрүнүшү: *б*—күжүрмөн абалындагы минанын кесмеде көрүнүшү; *1*—корпусу; *2*—калканча; *3*—МВЗ-57 жардыргыч; *4*—диафрагма; *5*—заряды; *6*—асты; *7*—борбордук детанатор; *8*—жамбаштагы детанатор; *9*—капкагы.


Чынжырга каршы ТМ-57, ТМ-62 көрүнүштүү миналар — күжүрмөн техникалардын жүрүү бөлүктөрү минаны басып өткөндө иштей баштайт. ТМ-57 көрүнүштүү мина (диаметри-320 мм, бийиктиги — 110 мм) корпусу металлдан даярдалат. Минанын салмагы 9—9,5 кг. Зарядынын салмактуулугу 6,5 кг; иштөө режими 200—500 кгс.

ТМ-62 көрүнүштүү мина: ТМ-62 М көрүнүштүү металлдан, ТМ-62 Д көрүнүштүү жыгачтан, ТМ-62 П көрүнүштүү пластмассадан, ТМ-62 ПЕ көрүнүштүү полиэтиленден, ТМ-62 Т көрүнүштүү мина корпусу менен кездеме материалдан даярдалат. Миналар салмагы 9,5—10 кг, заряд салмагы 7—7,5 кг, иштөө режими 150—550 кгс.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*75-сүрөт.* Танкка каршы миналарды чым менен капталган жайларга орнотуу: *1*—топурак менен толтуруу; *2*—мина; *3*—маскировкаланган чым.




*76-сүрөт.* Танкка каршы мινанын жерлерде орнотулуу:
*1*—маскировкалоочу катмар; *2*—мина; *3*—мина топурак көлөмү; *4*—казыкча; *5*—бириктирүүчү; *6*—жамбаш жарылгыч.

ТМ-62 көрүнүштүү мина (77-сүрөткө)га МВЧ-62 жардыргыч (78-сүрөт) менен колдонулат. Миналардын аракеттенүү өзгөчөлүктөрү: жардыргыч калканы басылышы менен ылдыйга түшөт, анын тыгын М-1 капсул-детонатор менен детонаторду козготот. Чектин кысылышы менен үзүлүп, шариктерден согуучу азат болуп, күжүрмөн пружина аракетке келип, М-1 капсул-детонатор чок алышы менен анын жарылышын козготот жана миналар жардырылат.

Минадан пробка чыгарылышына, резиналуу прокладкалар мина көзүндөгү орду тууралыгына ишенич пайда кылынат; мина жарылгычын бурап, аны ачкыч менен катуу байланат.

Мина терендикке же анын үстүнө орнотулат. Коруктоочу чек жардыргычтан бошотулат жана тездик менен ишке түшүрүүчү түймөсү басылат. Мина маскировкаланат.


Миналарды бошотуу зарылдыгы: мина чыгарып алуу абалында орнотулгандыгына ишенич пайда кылынат. Мина маскировкаланган




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

катмардан чыгарылат. Жардыргычты күжүрмөн абалдан транспорт абалына өткөрүлөт.




*77-сүрөт.* Танкка каршы ТМ-62 мина:
*а*—минанын МВЧ-62 жарылгыч менен бирге транспорт абалындагы жалпы көрүнүшү: *б*—минанын жарылгычсыз (капгагы менен) кесилген абалда көрүнүшү: *1*—корпусу; 2—капкагы; *3*—кыстырма; *4*—заряды; *5*—асты; *6*—кошумча детанатор; *7*—катыруу үчүн туткуч тешиги.




*78-сүрөт.* МВЧ-62 жарылгыч: *а*—жарылгычтын күжүрмөн абалдагы кесими; *б*—жарылгычты транспорт абалына өткөрүү үчүн ачкыч; *1*—конус формасындагы негизи; *2*—калканча; *3*—коруктагыч ортосу чекти орнотуу үчүн жай; *4*—түймөчө; *5*—аткаруучу диск; *6*—резба; *7*—корпус; *8*—капкак; *9*—М-1 капсул детанотордун сокку берүүчү механизми менен; *10*—детонатор (жарылгыч зат); *11*—кесишкен чек.

Орнотулган жайдан мина чыгарылат жана ал топурак катмарынан тазаланат, заттын зыян көргөн жайлары көздөн кечирилет:

• түзөтүлгөн (ондолгон) миналар ороп жайлаштырылат;

• МВЧ-62 жардыргычты күжүрмөн абалында транспортто алып кетүү зарыл;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

• резиналуу калпак алдынкы крандан чыгарылат;

• ачкыч менен алдынкы кран саат стрелкасы багытында үч-төрт айланасына бурулат, ошондой эле баштоочу түймө жогоруга көтөрүлүшү шарт;

• ачкычты башталгыч абалына бурап кайтарылат жана аны ичинен чыгарылат;

• резиналуу калпак кийгизилет;




*79-сүрөт.* Танкка каршы минанын жумшак (зак) жерде орнотулуу: *1*—маскировкалоочу катмар; *2*—мина; *3*—тактай тээк; *4*—топурак менен тосуу.

• коруктагыч ортосунда чегине баштоочу түймө кийгизилип, чынжыр менен бекитилет.


МВЧ-62 жардыргыч менен ТМ-62 көрүнүштүү миналарды көчүрүү жана транспортто акыркы даяр абалында ташууга уруксат берилет. Танкка каршы ТМ-57 көрүнүштүү мина МВЗ-57 көрүнүштүү жардыргыч менен бирге колдонулат. Миналардын аракеттенүү өзгөчөлүгү: орнотулган мина басылышы менен анын капкагы формасын өзгөртөт; жардыгычтын сокку механизими ылдыйга коюп жиберилет; тыгын КД-МВ капсул-детонаторунун парда тосугуна барып такалат; кийинки басылышында чек кыркылат; шариктер соккуну бошотот; күжүрмөн пружинанын аракеттениши натыйжасында сокку капсул-детанаторду чок алдырып, анын жарылышын жүзөгө келтириши менен мина жарылат.

Миналарды орнотуу үчүн зарылдык: миналардан тыгын бурап алынат; миналардан капкагы алынганда формасы өзгөргөндүгүнө ишенич пайда кылынат; жардыргыч калпак бурап чыгарылат жана бар болгон резиналуу кыстырма бардыгына ишенич кылынып, жарылгычты саат механизми ачкычы менен буралат; минага жарылгыч бурап киргизилет; мина терендикке же анын жогоркусуна орнотулат; мина жарылгычы күжүрмөн абалга жогоруга көтөрүлүшү үчүн коруктагыч орто чек того ачкыч жардамында көтөрүлөт, коруктагыч орто чектин жардыргыч түймөсүн алысташтырылат жана түймө басып коюлат, мина маскировкаланат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*80-сүрөт.* Кыш (кар жааган) абалда танкка каршы минаны орнотуу: *1*—маскировкалоочу кар; *2*—кар; *3*—тыгыздалган кар; *4*—мина.

Миналарды чыгарып алуу зарылдыгы: мина чыгарып алуу абалында орнотулгандыгына ишенич пайда кылынат; миналар маскировкаланган катмардан чыгарылат; жардыргыч минадан бурап алынат; жардыргыч күжүрмөн абалдан транспортко өткөрүлөт жана бурап киргизилет.

Орнотулган мина жайынан чыгарылат.

## Пехотага каршы миналар

Бул миналар жоонун тирүү күчтөрүнө зыян келтирүү максатында колдонулат. Алар эки түрдө: *фугастуу* жана *осколкалуу* болот.

*Жалпы түзүлүшү.* Мина корпусу, жандыруучу заряд бөлүкчөлөрү жана жардырыш алдыдан сактагычынын түзүлүшү боюнча коопсуз жайлаштыруудан турат. Кээ бир миналар орнотуу үчүн атайын ылайыкташтырылып жайгаштырылган.

*Аракеттенүү абалы.* Минадан чек үзүп ташталгандан кийин металл элементи (убактылуу сактагыч) эки жарым минут өтүү менен күжүрмөн абалга келет. Күжүрмөн абалда турган мина басып алынганда, анын капкагы түшүшү менен «Т» формасындагы чекти жардыргыч сүрүп жиберет. Сокку бошоп, күжүрмөн пружиналар запалга кадалып, жарылууну жүзөгө келтирет.

Пехотага каршы миналар жарылуу натыйжасыда фугастуу жана осколкалуу абалдары менен зыян келтирүү таасирин көрсөтөт. Фугастуу миналар жарылуу тартибине көрө, бир кишиге зыян келтирет. Осколкалуу миналар бир абалдын өзүндө бир канча кишиге зыян келтирет.

*Миналарды жайлаштырыш.* Танк жана пехотага каршы миналар жоонун аракеттенүү жолдоруна орнотулат. Коргонууда турганда болсо, эң алдындагы аянттарга, айрыкча, жан тараптарды тосуу жана эки нерсе арасындагы аралыктарга жана анын ичкерисине кол салуу убактында, алдынкы майдандагы жоонун кол салууга өтүүсүн кайтаруу үчүн орноту-




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Жер катмарындагы бузулууга орнотулган мина



Жердин оюлган жайындагы мина



Сымда тартылган мина



Дөндүктөгү мина



Өсүмдүктөргө орнотулган мина



Ажырыктагы мина



Минанын көрүнүп калган бөлүгү




Миналарды көргөзүүчү белги

*81-сүрөт.* Орнотулган миналардын көрүнүшү.

лат. Танк жана пехотага каршы миналар жайларга атайын аспап-жабдуулар менен жабдууланган вертолёттордо жана тоскоолдорду орнотуучулар жардамында колдо орнотулат.

Миналардын колдо орнотулуусунда чуңкурду мина өлчөмүндө белгилеп, ушундай өлчөм менен бирге казылат. Орнотулган мина бир канча топурактын жогорку бөлүгүдөн чыгып туруу менен жардыргычты айландырып, жардыргыч күжүрмөн абалга келтирилет. Коруктагыч чегин үзүп алып маскировкаландырылат. Танкка каршы мина топурак катмарыдан 5—8 см. пехотага каршы мина болсо, катмарыдан 1—2 см. маскировкаланат. Танкка каршы миналарды чыгарып алууга тыюу салынат, аларды жарылуу заряд бөлүкчөлөрү казып алынуусу же башкача жолдор менен жоготулат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Белгилеп коюлган аянт жайларына орнотулган миналардан майдан уюштурулат. Миналуу майдандар  танкка, пехотага каршы жана аралаштырылган абалда орнотулат. Жашырылбаган мина белгилери дөң жана бийиктиктерде же алардан кийин, жыйыштырылбаган жерлерде, кышында болсо, калыңдашкан карда, жердин чөккөн жайларында же жерди тегиздеп бекитилген жайларга таштап жиберген аспаптар же керектүү жабдууларга миналар орнотулат. Машиналар жана адамдардын жолунда мина тоскоолдорун көрсөтүүчү белгилерди учуратуу мүмкүн. Айрым жашырылбаган миналар белгилеринин аныктамасы 81-сүрөттө  көрсөтүлгөн.

## *VI бөлүм.* ЖАЙДА КАРТАСЫЗ ОРИЕНТИР АЛУУ

### *6.1. Горизонт тараптарын аныктоо. Турган жай жөнүндө информация. Магнит азимуту жана жайдагы предметтер менен ориентир алуу. Азимут узунунан аракеттенүү*

*Жайда ориентир алуу* — бул горизонт жагына салыштырмалуу өзүнүн орношкон жайын, жайланыш абалын аныктоодо, жай предметтерин ажыратып жана анык удаалаштыкта көрсөтүлгөн же тандалган багыт боюнча аракеттенүү. Көрүнүш абалы чек араланган, тааныш эмес болгон токой жайларында, күжүрмөн тапшырмаларды ийгиликтүү аткарууда, билимдүүлүк жана чакан аракеттер кылуу, жайды анык ориентир алуу талап кылынат.

Жайда ориентир алууда топографиялык карталар жардамында жана картасыз ишке ашырууга болот. Жайды картасыз чамалап алууда, адатта, горизонт тараптарын аныктыгын билүү керек.

### Горизонт тараптарын аныктоо

Жайдын кандай аныктамасына карабастан, күндүн убакытты жана горизонт тараптарынын көрүнүш абалы, компас, Күн абалы, Күн жана саат менен, уюл жылдыздары, жайдын зат белгилери жана башка усулдарды колдоо менен аныкталат. Компас менен тараптарын аныктоодо (82-сүрөт), түндүк-түштүк бойломосунда жайгашкан магнит меридиан-



*а* *б* *в*

*82-сүрөт.* Адрианов компасы:
*а*—жалпы көрүнүшү; *б*—компас капкагынын мушка менен кесишкен көрүнүшү; *в*—лимба (бурч өлчөгүч аспаптарында градустарга бөлүнгөн айлана).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


дагы магнит милдери негизги касиеттерди иштөө өзгөчөлүгүнө байланыштуу болуп, баштоодон алдын мушканы нөлдөн лимба (бурч өлчөгүч аспаптарында даражага бөлүнгөн тегерек) сымдарга ажыратылат.

Ушу менен бирге, компас горизонталь абалда орнотулат жана милдер токтотулат. Компасты буруп, магнит милинин түндүк жагындагы акыры нөл менен лимба ажыралган жайына карама-каршы болууга жетишүү керек. Компасты чамалап алуу абалы боюнча мил багыттары нөл менен лимба бөлүнгөн жагы түндүк багытында турат. Мындан кийин компастын кесишкен жайы жана мушкасы жайдагы предметке тууруланат, кийин эле көрсөтмөсүдөн пайдаланылат. Түндүк багыттарын билүү менен бирге, горизонт тараптарын аныктоо оңой болот.

Горизонт тараптарын аныктоо максатында, Күн абалынан пайдаланууга туура келет. Түндүк жарым шарда чамасы: 7.00 (жайда 8.00) — чыгышта, 18.00 (14.00) — түштүктө, 19.00 (20.00) — батыш болот.

Күн жана саат менен горизонт тараптарын (83-сүрөт) аныктоо үчүн, саат горизонталь абалда орнотулат, бул менен саат мили Күн багытында болуу керек, кийин саатты ушу абалда кармап туруп, ойдо саат милдери бурчу жана цифралары ортосунда бөлүнөт. Алынган тууралык түштүккө




*83-сүрөт.* Күн жана саатка карап, горизонт тараптарын аныктоо.


аракеттеништин жакындашканын көрсөтөт. Күндүн жарымына чейин айланма жайдын ортосунан бөлүп, саат милдери 13.00 (14.00)дөн, күндүн жарымыдан кийин болсо, айланма жайы 13.00 (14.00)дөн өткөндө бөлүнөт.

Горизонт тараптарын уюл жылдыздарына карап аныктоо максатында, асмандагы жылдыздар арасында Чоң аюу (Чоң жети ага-ини) жылдызын табуу зарыл. Кийин болсо, эки чөмүч жылдызы ортосунан, ойдо туура кесип (*а* жана *б*), кеңейген бөлүгү тарабына чейин күзөтүү улантырылат жана беш жолу ажыратылат (84-сүрөт). Алынган чекит уюл жылдыздары тартибин көрсөтөт, кайсы, жылдыздар Кенже аюу (Кенже жетти ага-ини) жылдызы менен бирге чыгат жана ар дайым түндүккө аракеттенүүдө болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*84-сүрөт.* Уюл жылдызын табуу.

Жайдагы предметтер белгилери аркылуу горизонт тараптарын аныктоо максатында, жайдагы предметтер Күн багыт тартибинде аныкталат.

Токойлордогу кумурска уялары түштүккө тик түшкөн болот; өсүмдүктөр жана башка дарак мөмөлөрү өз көрүнүшүн түштүк тарапка карап ачылып, өсөт. Түштүккө карап түрлөнүүдө болсо, көктөмдө кар түндүккө салыштырмалуу түштүктө тез эрийт. Христиандык чиркөөлөрү жана протестан кресети бардык убакыт чыгышка, мусулмандар сыйынуучу мечит күмбөздөрдөгү айлар түштүк-батышка багытталган болот (85-сүрөт).




*85-сүрөт.* Горизонт тараптарын байкоо жайында аныктоо.

Күмбөз бөлүгүндөгү кресттери түндүк жана түштүк багыттары тарапка тигилет. Көрсөтүлгөн тоскоол кресттери түндүккө багытталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Турган жай жөнүндө информация

Өзүнүн турган жайы жөнүндө (чекит жайын) информация жайдын заттарына байланыштуу болуп, горизонт жактарын аныктоо, жай затын айтууда информация кылуучу ыкмасыз ошол жерде болуу, жайдын заттар аралыгына чейин (чамалар) горизонт жактарын көрсөтүүчү багыттарын аныктайт. Мисалы, токойдун түндүк жогорку чет бөлүгүнөн: түндүктө 600 м — завод трубасы, батышта 200 м — айыл, түштүктө 300 м — дарыя, чыгышта 500 м — жол.

## Магнит азимуту жана жайдагы предметтер менен ориентир алуу

Азимут узунунан аракеттенүүдө, чебердик менен компас жардамында көрсөтүлгөн же белгиленген багыт боюнча дайындалган пунктка анык чыгуу менен маанилүү. Жайдагы предмет боюнча аныктоого, адатта, магнит азимуттан пайдаланылат. Алар горизонтко багытталган бүрчөк болуп, аракеттенүүдө саат стрелкасынын түндүк жогорку меридиан багытынан предметке чейин болгон багыт эсептелет. Бул 0° та 360° га чейин мааниге ээ болот.

Магнит азимутун аныктоо максатында, жайдагы предметке компас жардамында, предметке караган абалда туруп, компасты чама алынат. Кийин болсо, түздөлгөн абалда компасты кармап туруп, өлчөө аспаптарына коюп, өлчөө жолдорун бөлүп, багытка туурулоо керек. Ушул абалда лимба (бүрч өлчөгүч аспаптарынан градустарга бөлүнгөн тегерек)га каршы мушка, магнит (туура) азимут (багыты) боюнча жайдагы предметтердин өлчөмүн көрсөтөт.

*Кайтуу азимуту* — деп бул жайдагы предметтен туруу жайына чейин болгон багытка айтылат. Туура азимуттан 18.00 ден ашык болсо, андан айырып, эсептеп аныкталат. Жайдын тарап багыттарын магниттүү азимутка мушка көрсөткүчтөрүн орнотуп эсептелет, тапшырылган магнит азимут тендиги аныкталган абалда компас аркылуу мээленет. Кийин болсо, компасты белгиленген тартипте кармап, жай өлчөмүндө алысташтырылган зат өлчөнүп, мушкасынан кесилет. Бул зат боюнча багыт керек болот.

Компас менен иштөө мезгилинде аны көздөн 10 см ылдый өлчөмдө сол колдо, жан жагы чыканактары менен катуу кысып колдоо керек.


## Азимут узунунан аракеттенүү

Азимут узунунан аракеттенүү убагында, магнит азимутун ар кайсы пункту узунунан аралыкты, аралыктагы жуп кадамдар (орто бойлуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*86-сүрөт.* Магнит азимуттары:
даракка—67; фабрика мунарасына—137; жел тегирмени—230; арчага—323.

адамдын жуп кадамы 1,5 м.га чейин кабыл кылынат) менен аракеттенүүнү билиши керек. Секция же взвод командири аракеттенүү маршурт схемасын толтурат (86-сүрөт).

Бир пункттан башка пунктка аракеттенип өтүүдө, багыт ориентирине амал кылган абалда жуп кадам басуу эсепке алып барылат. Кайтуу жана бурулуу пункттарында компас жардамында тапшырылган азимутка аракеттенүү багыттары изделет. Мындай багытты тандоо жана эң алыстагы ориентирди же жакын аралыкта аракеттенүү пункту бурулуу маршрутун эске алып калуу керек. Эгер орто аралыктагы чама бурулуу пунктунда көрүнбөгөн болсо, кийинки ориентир боюнча аныкталат.




*87-сүрөт.* Азимуттар бойлоп кадамдап басуу чиймеси
(ж.к. — жуп кадам).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Т/н | Багыт аянты | Градус магнит аянты | Жуп кадамдагы аралык |
|---|---|---|---|
| 1. | Сарай—мунара | 80° | 610 |
| 2. | Сарай—тамарка | 88° | 560 |
| 3. | Тамарка—жеке дарак | 78° | 850 |

Ачык болгон жайда чамасыз аракеттенүү бийик (эки нерсе байкоо жайы аркылуу өткөн туура сызык) болот. Кайтуу жайында компас боюнча кийинки жайга аракеттенүү белгилери ушул багыт боюнча бир жайдан экинчи жайга коюлат. Убак-убагы менен карап, аларды күзөтүп туруу аркылуу кийинки аракеттенүү туура багытка түшүшүн, ойдо артта калтырылган белгилер (аракет кадамы издери) менен салыштырып баруу шарт.

Убак-убагы менен текшерүү үчүн аракет багытын азимутка кайтууда асман узунунан көрүнүп турган чама карталар (схемалар) менен жай аракеттенүү маршуруту салыштырып көрүлөт. Эгер кайтышка зарылдык туулса, ушул жол узунунан алдынкы маршурут схемасынан пайдаланылат. Кайтууда алдындан туура азимуттар боюнча аракетенүүгө өтүлөт. Түн аралыгындагы (жардамчы) ориентирлерде жайдагы предметтердин алыстагы жарытуучу жайларында, жакшы көрүнүштөгү жылдыздардан пайдаланылат.

Эгер мындай мүмкүнчүлүк болбосо, эркин коюлган компас стрелкаларын чама абалына коюп, аракеттенүү багытында мушканын кесишкен аралыгынан туура алуу керек.

Тоскоолдордон айланып (көрүү мүмкүнчүлүгү болбогондо) өтүүдө, тоскоолдорго туура болгон аракет багыт жана тоскоолдор жагы көз астына алынып, аралык өлчөмү жана басып өтүлгөн жол өлчөмү коюлат. Тоскоолдордон айланып өтүлүп, алдындагы кесишкен багыт жолу компас менен аныкталат.

### *Текшерүүчү суроолор*

1. Жалпы кошуун согушу негиздерин баянда.
2. Жоокер жана бөлүнмөлөрдүн согуштагы аракеттери эмнелерден турат?
3. Куралдуу Күчтөрдө кандай миналар колдонулат?
4. Коргоодо мото окчу группа (секция) кандай куралдан пайдаланат?
5. Турган абалда жана окоптон кол гранатасын атуу тартибин түшүндүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# *III БӨЛҮК.* АТУУ ДАЯРДЫГЫ

## *I бөлүм.* ОК АТУУЧУ КУРАЛДАРДЫН ТАПШЫРМАСЫ, ТҮЗҮЛҮШҮ, ИШТӨӨ ПРИНЦИПТЕРЫ ЖАНА КҮЖҮРМӨН КАСИЕТТЕРИ. КОЛ ГРАНАТАЛАРЫ

Ар бир аскердик кызматка чакырылуучу ок атуу куралдарын билүү, алардан кандай колдонуу мүмкүндүгүн үйрөнүп алуу керек. Аскердик даярдык сабактарында заманбап куралдардын техникалык бөлүктөрү, алардын бутаны* (мишенди) жок кылуу мүмкүнчүлүктөрүн мыкты үйрөнүп алуу, аскердик кызматка чакырылганда аябай пайдалуу болот.

Ушул бөлүмдө азыркы күндө амалда болгон ок атуу куралдары тууcасында кеңири маалымат берилген.

Атуу даярдыгы сабактарында ок атуучу куралдарынан согуш кезинде жеке курамга ар түрдүү буталарга зыян жеткирүү жолдору үйрөтүлөт. Аларга атуу куралдарынын негизги бөлүктөрү, буталарга от ачуу, кол гранаталары туурасында маалыматтар, алардын колдонулушундагы жолдор менен бирге, разведка түрлөрү менен бутаны аныктоо, ага чейинки болгон аралыкты белгилөө жана ага от ачуу усулдар кирет. Бул бөлүмдө Калашников автоматынын, ствол астындагы ГП-25 гранатамёту, майдалануучу жана танкка каршы гранаталардын күжүрмөн касиеттери, түзүлүшү, иштөө принциптери менен бирге, аракеттенүүчү жана арекетсиз буталарга от ачуу эрежелери тууcасында маалыматтар берилген.

Атуу даярдыгы сабактары убагында автоматты атууга даярдоо, аракеттенүүчү жана арекетсиз буталарга от ачуу ыгы андан ары эрежелерин аткаруу, автоматты майлоо жана тазалоо, жайлашууга ээ болгон заттар ортосундагы аралыкты бурч өлчөмү жардамында өлчөө, майдалануучу танкка каршы кол гранаталары ар түрдүү абалда аралыкка анык ыргытууну үйрөнүү менен бирге, майдалануучу жана танкка каршы кол гранаталарды ыргытуу сабактары аткарылат.

Андан сырткары, атуу даярдыгы бөлүмү темаларында күжүрмөн октор менен автоматтан баштапкы сабактарын аткаруу шартында от ачуу үчүн кичүү калибирлүү жана пневматик мылтыктарында атуу сабактарын аткаруу киргизилген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### *1.1. Курал-жарак жана ок-дары менен иштөө кезиндеги коопсуздук чаралары. Калашников автоматынын тапшырмасы, иштөө принциптери жана күжүрмөн касиеттери*

Автомат менен аракеттенүүдө төмөндөгүлөргө тыюу салынат:

— куралды октолгон же октолбогунуна карабастан адамдарга, капталга жана артка каратуу;

— жетекчи(командир) командасына чейин куралды октоо;

— октолгон куралды кароосуз калдыруу, аны өзгө адамдарга берүү;

— жеке курамга 100 метрден жакын аралыктан жөнөкөй патрон(холостой патрон) менен ок үзүү;

— кызыл желек көтөрүлгөн жайларга, кооптуу багытка же жашынуу жайлары (блиндаж) тарапка ок үзүү;

— атуу чек арасына чыгууга чейин ок үзүү;

— «Тўхтатилсин!» («Ўт очиш тўхтатилсин!») командасы же сигналдан кийин команда пункту жана жашынуу жайларын (блиндаж)да ак желек көтөрүлгөндөн кийин ок үзүү;

— бузук куралдан ок үзүү, жараксыз ок-дарыны колдонуу.

Төмөнкү абалдарда атууну тездик менен токтотуу зарыл:

— буталар майданында адамдар, транспорт, айбандар, атуу участкасында төмөндөп учуп жаткан самолёт жана вертолёт пайда болгондо;

— снаряд жана гранаталар адамдар болгон жашынуу жайлар жакынына же коопсуз территория чек араларынын тышкарысына түшкөндө;

— атуу аянтында өрт чыкканда;

— түнкү атуу убагында мээлөөнү жоготкондо.

Ок-дары менен аракеттенгенде төмөндөгүлөргө тыюу салынат:

— ок-дарыга кум, май же от тийгизүү;

— ок-дарыны белгиленбеген жайда сактоо;

— ок-дарыны өзгө адамдарга берүү, ошондой эле аларды атуу майданында же сабактар өткөрүү жайларында калдыруу;

— ок-дарыны бөлүктөргө ажыратуу, алардан порохту чыгарып алуу жана отко таштоо;

— ок-дарыны сумкаларда жана кийим-кечек чөнтөктөрүндө калдыруу.

### Калашников автоматынын тапшырмасы, жалпы түзүлүшү, иштөө принциптеры жана күжүрмөн касиеттери

Автоматтын милдети жана күжүрмөн касиеттери, иштөө касиеттери. Белгилүү орус конструктору Михаил Тимофеевич Калашников тарабынан жаратылган автомат азыркы күндөрдө да бир канча мамлекеттердин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*а*



*б*

*88-сүрөт.* Калашников автоматынын жалпы көрүнүшү:
*а*—жыгач кундактуу АК-74; *б*—кундагы бүгүлө турган АКС-74

Куралдуу Күчтөрүндө колдонуп келүүдө. Ал атуу куралдарынын эң негизгиси эсептелет. Бул курал түзүлүшү жана колдонууга ыңгайлуулугу менен өзгө куралдардан ажыралып турат.

Дүйнөдө биринчи автомат куралы орус курал жасоочу конструктору В. Г. Федоров жараткан. Кийинчерээк экинчи дүйнөлүк согуш убагында конструкторлор В.А. Дегтяров жана Г.С. Шпагиндер автомат куралдарынын жаңы түрлөрүн ойлоп чыгарышкан.

М.Т. Калашников жараткан автомат өзүнүн ыкчамдыгы, күжүрмөн көрсөткүчтөрүнүн устундугу, колдонууда ыңгайлуу болгондугу үчүн азыркы күндө Куралдуу Күчтөрүбүздө кең колдонулууда. Калашников автоматы аскердин өз куралы болуп, жоо күчтөрүн саптан чыгаруу үчүн колдонулат. Автоматка найза-бычак орнотулат жана андан кол согушунда колдонулат.

Автоматтын токтоосуз автоматтык түрдө ок үзүүдө порохтуу газ энергиясы затвор раманын газ поршени стволканалына жеткирип берүү аркылуу аткарылат.

1974-жылда куралданууга жаңы В. Собелникова жетекчилигиндеги бир топ инженерлер жараткан калибри кичирээк 5.45 мм лүү патрон кабыл кылынды (89-сүрөт).

Октун салмагы 10,6 г, огу 3.4 г, порохунун ыргытуучу заряды 1.45 г. патрон узундугу 56.7 мм гилза узундугу 39.5 мм, октун башталгыч тездиги: 900 м/с, ооз бөлүгүнөн чыга турган энергиясы 1316 ж. Гилза ишесымал формада кырсыз. Ок 350 метрдеги аралыктагы 5 мм болот кабатын оңой эле тешип өтө алат. Ушул патрон негизинде жаңы автомат АК-74 жаратылды. АК-74 бөлүктөрүн 53 % АКМ ден алынган. АК-74 стволу учун-



*89-сүрөт.* 1974-жылда иштеп чыгарылган 5,45 мм.лүү жөнөкөй жана абада из калтыра турган ок үлгүлөрү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

да цилиндр формада тормоз — компенсатор орнотулган. Ал ок үзүү натыйжасында түртүүчү күч таасирин азайтырып, октордун топ болуп бир жерге тийүүсүн камсыздайт.

АК-74 куралынын салмагы ок салгыч менен биргеликте эсептегенде 3,6 (3,5) кг, октор менен толтурулбаган ок салгыч салмагы 0,23 кг, автоматтын узундугу 956 мм, ствол узундугу 415 мм, бутага атуу аралыгы 1000 м, аракеттенүүчү буталарга түздөп от ачуу аралыгы 625 м, ок атуунун ылдамдыгы бир мүнөттө 600 жолу, атуунун күжүрмөн ылдамдык частотасы, автоматык (токтоосуз) бир минутасына 100 гө, жеке тартипте болсо 40 ка чейин болуп, ок салгычка октор сыйымдуулугу 30 га болжондолгон.

АК-74 дөн ок атуу эффекти АКМ-га караганда, 1,2—1,6 барабар артык. Ок атууда жөнөнөй жана атылганда абада из калтыра турган ак патрондордон пайдаланылат. Кол согушу убагында АКМ ныкы өңдүү же бир аз жөнөкөйлөштүрүлгөн найза — бычак орнотулат. АК-74 «От ачуу кубаты» ны ашыруу үчүн стволу астына» бир заряддуу 40 мм лүү гранатамёт ГП-25 орнотулат. АК-74 менен бир убакта кундагы металлдан бүктөмө үч бурчтук формасында АКС-74 жаратылды.

АК-74 негизинде РПК-74 (РПК-74) жана РПКС-74 (РПКС-74) (кундагы бүгүлө турган) пулемёттор жаратылды. Алар автоматтан узун жана оор стволу кабаттала турган тиргеги, мээлегичтин жанынан коюлган түзөтүүлөр киритүү механизми түзүлүшү өзгөчөлүгү менен башка куралдардан айырмаланат. Пулемёттун калибри 5,45 мм лүү, салмагы 5,46 кг, узундугу 1060 мм, мээлеп атуу аралыгы 1000 м. Күжүрмөн атуу тездиги бир минутада токтоосуз (автоматтик) абалда 150 ке, бир-бирден (одиночный) абалда болсо 50 ке чейин, магазинге октордун жайгашуусу 45 ке чейин болжондонгон. Кол пулемётторунда дагы түндө мээлеп атуу аспабын орнотуу үчүн жай кылынган.

1991-жылда АК-74 автоматынын түрү негизинде, бирок андан бир катар айырмачылыктар менен айырмалануучу АК-74 М автоматы жаратылды. АК-74 түн эки камералуу ствол оозунун түзүлүшү өзгөртүрүлгөн. Ал оозу бөлүгү тормозу, жалын өчүрүүчү жана компенсатор милдетин аткарат. Ствол ооз бөлүгүнө бекем орнотулган. Жаңы бир түрдөгү эки камера тез кирдөөдөн (чаң болушунан) сактайт. Ствол кутусунун сол жагында оптик же түндө көзөмөлгө алуу үчүн ылайыкталган механизм орнотуу үчүн формалуу планка бар. Ствол кутусу мыкты (катуу кырларсыз) кылынган. Ствол астына орнотулган ГП-25 гранатамётту кайтаруучу пружинаны багыттоочу таякчасын өзгөрүлбөгөн абалда атуу үчүн ыңгайлуулук жаратылды (АК-74 куралында өзгөртүү керек болот эле).

АК-74 М салмагы 3,4 кг, тез атуу жана баллистик касиеттери АК-74 дөй. Ок атуу автоматтан жөнөкөй жана атылганда абада из калтыра тур-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ган октордон аткарылат. Октордун жарытуу изи 800 метргече көрүнөт. Магазин кутуча сымал болуп, пластмассадан жасалган жана шахмат иретинде 30 патрон жайгашкан. Магазинге 15 ке чейин патрон окту магазинге тез октоо үчүн атайын аппарат (аспап) иштеп чыгарылган. Автоматка жөнөкөйлөштүрүлгөн найза-бычак орнотулган.

Автоматтан автоматик (АВ) абалда же жеке (ОД) (кээ-кээде ок үзүш үчүн) ок атуу мүмкүн. Ошондой эле автомат атуудан алдын жана кийин сактагычка (предохранительге) коюлат. Автоматтык от ачуу — от ачуунун негизги түрү. Автоматтын негизги согуштук касиети жана бул жөнүндөгү маалыматтар жадыбалда келтирилген:

| Баяны | Курал түрү | |
|---|---|---|
| | АКМ | АК-74 |
| Ствол калибри, мм | 7,62 | 5,45 |
| Чыныгы от ачуу аралыгы, м | 400 ге чейин | 400 ге чейин |
| Мээлөө аралыгы, м | 1000 | 1000 |
| Туура атуу аралыгы, м: | | |
| көкүрөк формасындагы буталар боюнча | 350 | 440 |
| аракеттенүүчү буталар боюнча | 525 | 625 |
| Атуу частотасы, минутасына | 600 ге чейин | 600 ге чейин |
| Атуунун күжүрмөн тездиги, минутасына: | | |
| токтоосуз автоматтык абалда | 100 ге чейин | 100 чейин |
| бирден, жеке абалда | 40 ге чейин | 40 ге чейин |
| Автоматтын октор менен толтурулгандыгы | | |
| Магазиндин салмагы, кг | 3,6 | 3,6 |
| Найза-бычактын кыны менен салмагы, гр | 490 | 490 |
| Магазинге октордун сыйымдуулугу | 30 | 30 |
| Октун учуу аралыгы, м | 3000 | 3150 |
| Октун өлтүрүү таасирин сактап калуу аралыгы, м | 1500 | 1350 |
| Октун башталгыч тездиги, м/с | 715 | 900 |

### *1.2. Калашников автоматынын тапшырмасы, жалпы түзүлүшү, иштөө принциптеры жана күжүрмөн касиеттери*


Автомат курамына төмөнкү негизги бөлүк жана механизмдер кирет:

1. Ствол, ствол кутусу, сокку берүүчү механизм, мээлөө түзмөгү, кундак жана пистолет кармагычы менен бирге. 2. Жалын өчүрүүчү-компенсатор. 3. Ствол кутусунун капкагы. 4. Затвор рамасы газ поршени менен биргеликте. 5. Затвор. 6. Кайтаруучу механизм. 7. Газ трубкасы ствол каптамасы менен биргеликте. 8. Ствол асты кармагычы. 9. Магазин. 10. Найза-бычак. 11. Шомпол.12. Тазалоо жабдыктары үчүн пенал (90-сүрөт).




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*90-сүрөт.* Автоматтын негизги бөлүктөрү жана механизмдери: *1*—ствол, ствол кутусу, сокку-тепки механизм, мээлегич түзмөгү, кундак жана пистолет туткучу менен бирге; *2*—жалынды жөнгө салуучу-компенсатор; *3*—ствол кутусунун капкагы; *4*—затвор рамасы газ поршени биргеликте; *5*—затвор; *6*—кайтаруучу механизм; *7*—газ трубкасы ствол каптамасы менен биргеликте; *8*—ствол асты туткучу; *9*—магазин; *10*—найза-бычак; *11*—шомпол; *12*—тазалоо жабдыктары үчүн пенал.

*Ствол* — окту учуу үчүн багыттоодо кызмат кылат. (91-сүрөт). Ствол учунда канал болуп, төрт кесиги бар, ал жогорудан солдон оңго карап





*91-сүрөт.* Ствол: *а*—автомат стволунун тышкы көрүнүшү; *б*—пулемёт стволунун тышкы көрүнүшү; *в*—стволдун аягы кесилген көрүнүштө; *г*—стволдун ички көрүнүшү; *1*—жонулган бөлүгү; 2—октун кирүү жайы; *3*—патронник; *4*—нил негизи; *5*—газ камерасы; *6*—газ трубасы жана ствол асты туткучун бириктирүүчү того; *7*—мээлегичтин негизи; *8*—ствол штифты үчүн эзилген жай; 9—резба; *10*—пулемёт тирөөчү бириктирилген негиз; *11*—шомполду бириктиүү үчүн сыргалуу того.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чырмашкан. Кырлар октун айланып аракет кылуусуна кызмат кылат. Кырлар арасындагы ачык жай аралык майдан деп аталат. Жана эки карама-каршы майдан аралык, ствол *калибри* деп аталат. Стволдун зооттолгон бөлүгү катуу пистон формасында болгон каналы *октонуу бөлүгү* деп аталат. Октонуу бөлүгүнөн ствол каналынын кырдуу бөлүгүнө *өтүү октун коридору* деп аталат. Стволдун сыртында стволдун ооз бөлүгүндө резба бар болуп, тормоздоочу компенсатор уланат (бурама кемтик), газ камерасы, бириктирүүчү муфта, мээлегич негизи жана ок салына турган жайдан атылган октун гилзасыны чыгарып таштоочу бөлүгүн илмектеп алуу үчүн терендикте кармоочу аспап бар (92-сүрөт). Газ камерасы менен ствол каналынын байланышы газ тармактала турган тешик аркылууу болот.




*92-сүрөт.* Ооз тормозу — жалынды жөнгө салуучу-компенсатор *(а)* жана *(б)*: *1*—учку бөлүгү; *2*—далдалары (тешиктери); *3*—жарма; *4*—жөнгө салуучу терезелер; *5*—бириктиргич үчүн кесме; *6*—айланасына бүгүлгөн бөлүгү; *7*—ички резба

*Ствол (коробка) кутусу* — автоматтын бөлүк жана механизмдерини бириктирүү ствол каналын затвор менен кулпулап* (кулфлаб), затвордун жабылышы үчүн кызмат кылат. Ствол кутусуна сокку берүүчү тепки жайгаштырылат. Ствол кутусу өзүнүн капкагы менен жабылат (93-сүрөт).





*93-сүрөт.* Ствол кутусу: *1*—кесмелер; *2*—кайтаруучу кабарык; *3*—кайрылган жер; *4*—багытточу тумшук; *5*—улагыч; *6*—байлама жылчык; *7*—көндөлөң жылчык; *8*—магазин үчүн кыстыргыч; *9*—тепки тогосу; *10*—пистолет туткучу; *11*—кундак.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*94-сүрөт.* Ствол кутусунун капкагы:
*1*—жарык; *2*—катуу кыры; *3*—тепкичтүү кесим.

Ствол кутусунун капкагы кутусуна жайгашкан автомат бөлүктөрү жана механизмдерин ыпластануудан жана чаңдан сактайт (94-сүрөт).

Мээлегич түзмөгү автоматты от ачууда түрдүү аралыктардагы буталарга түздөөгө кызмат кылат (95-сүрөт).




*95-сүрөт.* Мээлегич түзмөгү: *а*—автоматка орнотула турган; *б*—пулемётко орнотула турган; *1*—түзмөк негизи; *2*—түзмөк жөлөктөрү; *3*—планка; *4*—жүрүүчү того; *5*—көзөмөл планкасы оюкчасы; *6*—жүрүүчү того тарткысы; *7*—мишенче винтинин бурчу; *8*—мишенче.

Мээлегич түзмөгүнүн негизи төмөнкүлөргө ээ: түзмөк планкасына белгиленген бийиктикти берүү үчүн кызмат кыла турган жөлөктөр, бута планкасын бириктирүү үчүн тоголор*(халкалар), штифт жана газ трубкасы үчүн терезелер; ичинде — жалпак пружина үчүн уя жана затвор рамасы үчүн боштук; арткы дубалында — ствол кутусунун капкагы үчүн жарты айлана кесме. Жалпак пружина түзмөк негизи ичинде орношкон болуп, түзмөк планкасы орнотулган абалда кармап турат. Түзмөк планкасынын оюлган жайы болуп, андагы кесме бутага мээлөө үчүн, планкадагы көндөлөң кесмелер болсо жүрүүчү тогону орнотулган абалда пружиналуу тарткы жардамында тутуп туруу үчүн кызмат кылат.

Пулёметтогу мээлегич оюлган жайга ээ болуп, ал бутага түздөп алуу үчүн болжолдонгон. Андан сырткары, ал бурагыч менен биргеликтеги винтке, пружинага, шайба жана штифтке ээ. Жүрүүчү того түзмөк планкасына кийдирилген болуп, тарткы жардамында тутуп турулат.

Түндө атуу үчүн (мээлегич планкасы кадагына жана мушкасына) жарытуу жабдыктары орнотулат жана түнкү буталарда колдонулат. Мушка сый-




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

галануучусу теңме-тең мушка негиздерине катырылган сыйгалануучуга жана мушка негиздерине кооп берилүү абалдарында да аныкталат.

*Кундак пистолет туткуч* — автомат менен ыңгайлуу атууну камсыздайт. Затвор рамасы, газ поршени менен биргеликте затвор жана сокку берүүчү механизмдин аракетке келтирүү үчүн кызмат кылат (96-сүрөт).





*96-сүрөт.* Затвор рамасы, газ поршени менен биргеликте:
*1*—затвор үчүн канал; *2*—сактоочу тумшук; *3*—автотепки туткучун бошотуу үчүн дөңгөк; *4*—ствол кутусу дубалындагы бүкмөгө жайлашуу үчүн кесме; *5*—туткуч; *6*—ийри кесме; *7*—тосуучу дөңгөк үчүн кесме; *8*—газ поршени;

Затвор — патронду патроникке жиберүү, ствол каналыны жарып, пистон уруу, жана патронниктен патрон гилзасын чыгарып таштоо үчүн кызмат кылат (97-сүрөт).




*97-сүрөт.* Затвор: *а*—затвор негизи; *б*—сокkуч; *в*—ыргытуучу; *1*—гильза үчүн кесме; *2*—ыргытуучу үчүн кесме; *3*—жетекчи бөртмө; *4*—ыргытуучу огу үчүн түйнүк; *5*—кужурмөн бөртмө; *6*—тосуучу бөртмө үчүн байлама кесме; *7*—ыргытуучу пружинасы; *8*—ыргытуучу огу; *9*—кыстыргыч.

*Кайтаруучу механизм* — затвор рамасын затвор менен алдыңкы абалына келтирүү үчүн кызмат кылат (98-сүрөт).





*98-сүрөт.* Кайтаруучу механизм: *1*—кайтаруучу механизм; *2*—багыттоочу таякча; *3*—аракеттенүүчү таякча; *4*—муфта (окту багыттоочу).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Газ трубасы — стволду жаап тура турган бөлүгү менен газ поршенинин аракетин багыттоо жана атуу убагында колду күйүүдөн сактайт (99-сүрөт).




*99-сүрөт.* Газ трубкасы ствол каптамасы менен биргеликте: *1*—газ трубкасы; *2*—газ поршени үчүн багыттоочу кабыргалар; *3*—алдындагы бириктиргич; *4*—ствол үстү каптамасы; *5*—арткы бириктиргич; *6*—тумшук; *7*—жалпак пружина.

Сокку берүүчү механизм тепкинин кужүрмөн абалдан же автоспуск абалынан басуу, сокку берүүчүгө сокку берүү, автомат же жеке абалда от ачууну башкаруу, ок ачууну токтотуу, затвор жабылбаган учурларда от ачууну алдын алууда жана автомат (пулёмет) ты сактоочуга коюу үчүн кызмат кылат (100-сүрөт)





*100-сүрөт.* Сокку берүүчү-тепки механизмдин бөлүктөрү: *а*—тепки; *б*—кужүрмөн пружина; *в*—илмек; *г*—жеке көрүнүштө от ачуу шепталосу; *д*—автотепки; *е*—автотепки пружинасы; *ж*—өткөргүч; *з*—жеке көрүнүштө от ачуу шептоласынын октору жана пружиналары; *и*—тепки арекетин жөнгө салгыч; *к*—тепки арекети жөнгө салгычтын пружинасы; *л*—труба сымал ок; *1*—кужүрмөн бет; *2*—автотепки бети; *3*—бүгүлгөн учтар; *4*—сыйыртмак; *5*—ийри дөңдүк; *6*—түз бурчтуу дөңдүктөр; *7*—дүмчө; *8*—кесме; *9*—шептало; *10*—тирөөч; *11*—защёлка; *12*—алдынкы дөңдүк; *13*—өткөргүч аянты; *14*—сапфа.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Кужүрмөн пружиналуу тепки* — сокку берүүчүгө сокку берүүгө кызмат кылат. Тепкиде кужүрмөн взвод, токтоосуз автоспуск взвод огун айлануучу бөлүгү мойну жана октор үчүн тешиктер бар. Кужүрмөн пружина тепкинин сапфасына кийгизилген илмектери менен тепкиге жана акырындык менен тепкини тик бурчтуу тумшугуна арекеттенүүгө алып келет.




*101-сүрөт.* Ствол асты каптамасы (туткучу): *1*—бармактар үчүн жай; *2*—тумшук; *3*—жалпак пружина; *4*—шомпол үчүн тешик.

*Тепкини акырындаткыч* — тепки аракетин алдыга, согушта автоматтык от ачууда октор тыгыздыгыны башкаруу үчүн кызмат кылат.

Автотепки пружинасы менен мааниси ушунда; тепкинин автоматтык эркин болушу автотепки абалынан катарасына ок үзгөндө, ствол каналы жана затвор бекитилбегенде ок үзүүнүн алдын алат.

*Автотепки* — тепкинин кужүрмөн абалында иштешин жана басуу үчүн кызмат кылат.


*Жеке от ачуу шепталосу* — ок үзүлгөндөн кийин, эгер жеке от ачууну башкарууда тепки коюп жиберилбеген болсо, тепкини акыркы абалында кармоо үчүн кызмат кылат.

*Автотепкинин пружинасы* — тепкинин автоматтык эркин болуу автотепки абалынан катарасына ок үзгөндө, ствол каналы жана затвор бекитилбегенде ок үзүүнүн алдын алат.

*Өткөрүлүүчү* — токтоосуз автоматык абалда же бирөөдөн от ачууга күзөтчү (предохранителге) өткөрүү үчүн кызмат кылат.

*Ствол асты каптамасы* — автоматтын аракеттенүүнө шарт жасап, колду күйүүдөн сактайт (101-сүрөт).

*Ок салгыч (магазин)* — патрондорду жайгаштыруу жана ствол кутусуна узатууну камсыздайт (102-сүрөт).





*102-сүрөт.* Магазин:
*1*—корпус; *2*—капкак; *3*—бекемдөөчү планка; *4*—пружина; *5*—жиберүүчү; *6*—таянч дөндүгү; *7*—илмек.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Найза-бычак* — чабуулга өтүүдөн мурда автоматка уланат жана кол күрөшү убагында жоону жок кылуу үчүн кызмат кылат. Зарыл болгондо ал найза бычак менен тикен сымдарды кескенде чогуу иштетилет (103-сүрөт).




*103-сүрөт.* Найза-бычак: *а*—миз; *б*—туткуч; *1*—миз кыры; *2*—арра; *3*—кайралган учу; *4*—тешик; *5*—кемер; *6*—того; 7—кемер үчүн илгич; *8*—туткучтун металл бөлүгү; *9*—кошуучу винт; *10*—бойломо кесме; *11*—тарткы; *12*—сап.




*104-сүрөт.* Кын: *1*—илгич, сыйыртмактуу кемер жана карабин менен биргеликте; *2*—пластмассалуу кын; *3*—ок тумшугу; *4*—таянч; *5*—жалпак пружинанын фиксатору.

### *1.3. Автоматты толук эмес бөлүктөргө ажыратуу жана жыйноо тартиби*

Автоматты ажыратуу жана жыйноо ствол үстүндө же төшөлгөн таза нерсе үстүндө аткарылат. Бөлүктөрдү жана механизмдерди ажыратуу тартиби менен терилет. Аларды керектеп, бир бөлүктү экинчи бөлүккө аралаштырбай, артыкча күч иштетпей катуу сокку бербестен ажыратуу жана жыйноо зарыл. Автоматты бөлүктөргө ажыратуу толук жана толук эмес болот. Автомат аябай кир болгондо, жамгыр, кар, топурак астында калганда, ондоо убагында, майлоодо ал толук бөлүктөргө ажыратылат. Башка калган абалдарда толук эмес бөлүктөргө ажыратылат.

Автоматты жыйноодо анын бөлүктөрүндөгү цифралар салыштырып көрүлөт. Ар бир автоматтын газ трубкасы, затвор рамасы, затвор, ствол кутусу капкагы жана өзгө бөлүктөрдөгү цифралар ствол кутусунда бар цифраларга тураа келүү керек.

1. Магазинди ажыратуу.

Сол кол менен автомат кундагынын мойнунан же ствол асты кармагычынан тутуп, оң кол менен магазинди кармоо жана баш бармак жар-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дамында тарткыны басып туруп, магазиндин төмөнкү бөлүгүн алдынга түртүп, аны ажратып алат (105-сүрөт).

Ошондон кийин, магазинде патрон жок экенин текшерип көрүү керек. Анын үчүн өткөргүчтү ылдыйга «АВ» же «ОД» абалына келтирүү, затвор рамасынын кармагычын артка тартуу, патрон кутусун көрүктөн өткөрүү, затвор рамасынын кармагычын коюп жиберүү жана тепкини басып, аны күжүрмөн абалдан чыгаруу керек.

2. Жабдыктар пеналын кундак уясынан чыгаруу (106-сүрөт).



*105-сүрөт.* Магазинди ажыратуу.



*106-сүрөт.* Жабдыктар пеналын кундак уясынан чыгаруу.

3. Шомполду ажыратуу.

Нил негизиндеги таяныч астынан шомпол башчасын тартып туруп, шомпол сууруп алынат. Шомполдун ажыралышы кыйын өтсө, жабдыктар пеналы ичиндеги чыгаргычтан колдонууга уруксат берилет. Чыгаргыч шомпол башындагы тешикчеге салып, шомпол учу стволдон ажыратылып, сууруп алынат (107-сүрөт).

4. Ствол кутусу капкагын ажыратуу.



*107-сүрөт.* Шомполду ажыратуу.



*108-сүрөт.* Ствол кутусунун капкагын ажыратуу.

5. Кайтаруучу механизмин ажыратуу.

Сол кол менен автомат кундагынын мойнунан кармаган абалда оң кол менен кайтаруучу механизмдин багыттоочу устунун, анын согончогун ствол кутусудагы кесмелерден чыкканга чейин алдынга түртүү, багыттоочу устундун арткы учун бир аз көтөрүп, кайтаруучу механизмди затвор рамасынын каналы ичинен сууруп алуу.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*109-сүрөт.* Кайтаруучу механизмди ажыратуу.



*110-сүрөт.* Затвор рамасын затвор менен бирге ажыратуу.

6. Затвор рамасын затвор менен биргеликте ажыратып алуу (110-сүрөт).

7. Затворду затвор рамасынан ажыратуу.

затвор рамасын сол колго, затворду жогоруга каратып алуу, оң кол менен затворду артка тартып, анын жетекчи бөртмөсүнөн затвор рамасынын ийри кесмелеринен чыгаруу жана затворду алдыга түртүп, ажыратуу.

8. Ствол каптамасы менен биргеликтеги газ трубкасын ажыратуу.

Толук эмес бөлүктөргө ажыраган автоматты жыйноо тартиби:

- ствол каптамасы менен биргеликтеги газ трубкасын бириктирүү;
- затворду затвор рамасына бириктирүү;
- затвор рамасын затвор менен биргеликте ствол кутусуна жайлаштыруу;
- кайтаруучу механизмди бириктирүү;
- ствол кутусу капкагын бириктирүү;
- тепкини басып, аны күжүрмөн абалдан чыгаруу жана сактагычты орнотуу;
- шомполду бириктирүү;
- жабдыктар пеналын кундактагы уяга жайлаштыруу;
- магазинди автоматка бириктирүү.

Автоматты кайра жыйноодо бөлүктөгү цифралар ствол кутусундагы цифраларга салыштырып көрүлөт.



*111-сүрөт.* Затвор рамасынан затворду ажыратуу.



*112-сүрөт.* Газ трубкасын стол кундагынан ажыратуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### *1.4. Кол гранаталарынын тапшырмасы, күжүрмөн касиеттери, жалпы түзүлүшү жана иштөө принциптеры. Гранаталарды ыргытууга даярдоо. Кол гранаталарды колдонууда коопсуздук чаралары*




*113-сүрөт.* Майдалануучу кол гранаталарын жалпы көрүнүшү:
*а*—РГД-5 гранатасы;
*б*—Ф-1 гранатасы.

Майдалануучу кол гранаталары көп жылдар убагында армияларда колдонулган. Майдалануучу кол гранаталарынын азыркы заман согуштарында да ишеничтүү ыкма сапатында пайдаланып, жоо үстүнөн жеңишке жетишүүдө колдонулат. Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүндө кол салуу убагында колдонула турган РГД-5 гранатасы, коргоодо колдонула турган Ф-1 гранатасы колдонууга киргизилген (113-сүрөт).

Майдалануучу кол гранаталары жоонун тирүү күчтөрүнүн майда таасиринде саптан чыгаруу максатында колдонулат. Граната жардыруу жараянында чоң чачырандылар тозуп жайылуу натыйжасында, жоонун бир канча күчтөрү саптан чыгат. Мындай гранаталар жакын аралыктагы согуштарда (кол салууга өтүлгүндө, окоптон туруп согушка киргенде, калктын жашоо пункттарында) өз натыйжасын берет. Гранаталардын күжүрмөн касиеттери жадыбалда берилген.

**Гранаталардын күжүрмөн касиетттери**

| Баяны | Гранаталар | |
|---|---|---|
| | РДГ-5 | Ф-1 |
| Гранаталардын салмагы, г | 310 | 600 |
| Өлтүрүүчү (курман кылуучу) майдалардын жетип баруу радиусу, м | 25 | 200 |
| Гранаталардын ыргытуу орточо аралыгы, м | 40—50 | 35—45 |
| Граната запалы | УЗ ГРМ | УЗ ГРМ |
| Запалдын жалын алуу убагы, м/с | 3,2—4,2 | 3,2—4,2 |

РГД-5 майдалануучу кол гранатасы, негизинен, кол салууга өтүү убагында колдонулат. Ал корпус, жардыруучу заряд жана запалдан түзүлгөн.

*Граната корпусу* — жардыруучу заряд жана запал трубкалары үчүн жайланууга кызмат кылат. Ал жогорку жана асткы бөлүктөрдөн тузүлгөн болуп, тышкы каптамасы андан ары кошумча алмашуучу деталдардын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кирүүсү менен граната майдаларынын жарылышы үчүн кызмат кылат. Корпустун жогорку бөлүгүнө кадамдар жардамында запал үчүн трубка бириктирет, граната үчүн запалдын биригүүсү, корпустагы жардыруучу зарядыны катуу жабууга кызмат кылат. Трубкаларды ыпластануудан абайлап, ага пластмасса капкак бурап киргизилет. Корпуска толтурулган жарылуучу заряд граната майдаларынын жарылышы үчүн кызмат кылат.

УЗ ГРМ запалы (кол гранатасынын заманбап кылынган бирдей формадагы запалы) жарылуучу зарядынын жарылышы үчүн колдонулат.Ал сокку берүүчү механизм жана жеке запалдан тузүлгөн. Запалдар дайыма күжүрмөн абалда болот. Сокку берүүчү механизмдин иштешин текшерүү жана бөлүктөргө ажыратууга катуу тыюу салынат. Сокку берүүчү механизм пистону жалындатып, запалдын жалынданышына жардам берет. Ал төмөндөгү бөлүктөрдөн түзүлгөн: сокку берүүчү механизм трубкасы; бириктирүүчү тоскоол; багыттоочу шайба; күжүрмөн пружина; сокку берүүчү шайбасы; баштоочу туткуч; сактагыч орто чеги, шакеги менен.

Аракеттенүүчү механизм трубкасы запалдын баары бөлүктөрүн жыйноодогу негизи болот. Бириктирүүчү тоскоол болсо запалды граната корпусу менен бириктирүү жолун берет. Бул багыттоочу шайба күжүрмөн пружина жогорку бөлүгүнүн таяныч тапшырмасын аткарып, сокку берүүчүнүн арекетин багыттайт. Сокку берүүчү — аракеттенүүчү механизм трубкасынын жогорку бөлүгүнө кадалган. Күжүрмөн пружина сокку берүүчү энергия жеткирип берүүнү камсыздайт, керектүү учкун пистонду жалындандырат; жалынданышына сокку берүүчүнү жогоркудагы акыркы бөлүгү менен багыттоочу шайбаны жана төмөнгө багыттоочу шайбаны да ороп алат. Сокку берүүчү механизм жануучу пистонду жалындандыруу таянычы болуп кызмат кылат. Ал сокку берүүчү механизм трубкасынын ичкерисине жайлашат. Шайба сокку берүүчүнүн акыркы тар бөлүгүндө болуп, күжүрмөн пружинанын акыркы тар бөлүгүндөгү таянычы эсептелет. Баштоочу туткуч сокку берүүчүнүн тез жалынданбастыгын абалын кармап калуу үчүн колдонулат (күжүрмөн пружина катуу кысылат). Сактагыч ортосундагы сокку берүүчү механизм баштоочу туткучту кармап турууга кызмат кылат; баштоочу туткуч түпкүр*(жарыктешик) тешигинен ошондой эле сокку берүүчү механизм трубкасы дубалынан өтөт. Шакеги сууруп алынат.

Чыныгы запал жардыруучу заряды жардыруу үчүн кызмат кылат. Ал солгундаткыч пробкасы, жалын алдыруучу пистон, солгундаткыч жана детонатор — пистондон түзүлөт. Солгундаткыч пробкасынын жогору бөлүгүндө бурама кертик (резба) бар. Ал сокку берүүчү механизм трубкасы жана от алдыруучу пистон үчүн б.а. бириктирүү үчүн капсул ичине солгундаткыч жайгаштырылып, тышкарысында тешикче детонатор пис-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тондун гилзасын бириктирүү үчүн кызмат кылат. Жалын алдыруучу, солгундаткычты жалын алдыруу үчүн кызмат кылат. Солгундаткыч болсо отту жалын алдыруучу пистон детонаторго берүү үчүн кызмат кылат, ал тыгыздалган аз газдуу бирикмеден тутат. Детонатор пистон гранатанын жаруучу зарядын жардыруу үчүн кызмат кылат. Ал гилзага жайгаштырылып, солгундаткыч пробкасынын төмөнкү бөлүгүнө бекемделет.

Ф-1 майдалануучу кол гаранатасы жана анын түзүлүшү. Майдалануучу кол гаранатасы. Ф-1 коргоо согушунда колдонуу артыкчылыктарына ээ. Ал сырт каптама жаруучу заряд жана запалдан түзүлөт. Граната корпусу чоюндан, бойломосуна жана көндөлөнүнө арыкчалар тартылган. Ушул жеринен жарылып майдаланат. Сырт каптаманын жогорку бөлүгүндө запалды буроо үчүн бурама кертиктүү аралык бар, сактоодо, транспортто ташууда, алып жүргөндө заряды запалдын түзүлүшү жана мааниси  РГД-5 тикиндей.

### Гранаталарды ыргытууга даярдоо

Гранатаны ыргытуудан алдын, трубкасынан пробка бурап алынат, анын ордуна запалды коюп, бурап акырына чейин катырылат. Сокку берүүчү механизмнин запал бөлүгү ылдыйдагыдай жайлашат: сокку берүүчү механизм көтөрүлүп, баштоочу туткучту жогоркудагы санчык бөлүгүнөн кармап аракеттенүүчү механизм трубкасынын сактагыч алдынан чегини  бириктирет. Сактагыч алдынан чегини акыры ажратылып, запалдан катуу кармалат.



*а* *б* *в*

*114-сүрөт.* Майдалануучу кол гранаталарынын күжүрмөн абалы:
*а* — пробканы бурап алуу; *б* — запалды алуу; *в* — запалды бурап орнотуу.



*а* *б* *в*

*115-сүрөт.* Гранатаны ыргытуу алдынан арекеттенүү:
*а*—граната корпусу менен биргеликте баштоочу рычакты кысып кармоо;
*б*—коруктагыч алды чеги акырынан кармап түздөө; *в*—коруктагыч чегин үзүп алуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


**Гранатаны ыргытуу.** Гранатаны ыргытуу үчүн аны колго алып, баштоочу туткучун граната корпусуна кадап, бармактар менен кысылат. Туткучту коюп жибербеген абалда тогону күзөт чегинен үзүп, гранатаны көздөлгөн бутага ыргытылат. Тогону үзүп алууда, запал бөлүк абалдары алмаштырылбайт. Сокку берүүчү багыттоочу абалынан баштоочу туткуч алууда сокку берүүчү механизм трубкасы биригиши менен ажыралып калат, бирок кол бармактары менен кысып алынат. Гранатаны ыргытуу убагында баштоочу туткуч гранатадан бөлүнүп, сокку берүүчү бошоп калат.

Сокку берүүчү механизм күжүрмөн пружина жардамында аракеттенип, пистонду аракеттендирет жана аны туташтырып жиберет. Жалын учкундары пистонду жалындатуу жолу менен жалынды күчөтөт жана андан пистон жарыткычка уланат. Пистон күчтүү жалынданып, гранатаны жалынданууучу зарядын жарылышына алып келет. Граната корпусу көтөрүлүп, жарылышына майдалар ар түрдүү тараптарга таркалат.

Гранаталарды ыргытуу жана жайлаштыруу төмөндөгү тартипте ишке ашырылат: ыргытууга чейин даярдоо андан ары гранатаны ыргытуу. Окуу сабактарында күжүрмөн гранатаны ыргытуу убагында болот шлем*(каска) кийүү сунуш кылынат.

*Гранаталарды даярдоо* «Гранаталар тайёрлансин» командасы менен аткарылат. Согуш убагында аскер өзүнчө (эркин) абалда чечим кабыл алат.

Гранатаны октоо үчүн гранаталар сумкасынан гранатаны даярдоо үчүн алып сол колго алынып, оң кол менен корпус трубкасын бурап калпакча чыгарып алынат. Кийин граната сол кол менен кармалат, оң кол менен сумка уясынан запал чыгарылат. Запал борбордук трубкага салынгандан кийин, акырына чейин бурап киргизилет. Ушуну менен граната ыргытууга даяр болот.



*а* *б* *в*

*116-сүрөт.* Аракет абалында гранатаны ыргытуу:
*а, б, в*—аракеттенүү удаалаштыгы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Майдалануучу кол гранаталарын ыргытуу, түрдүү абалдарда туруп, тизелеп, жаткан абалда же БМП(БТР)лерде аракет убагында жана жөө жүрүү тартибинде аткарылат.

Гранатаны ыргытуу үчүн гараната катасыз бутага (мишенге) тие турган ыңгайлуу жер тандалат. Анткени дарак, бийик өскөн чөптөр жана башка тосуктар болбостугу керек. Гранатаны ыргытуу үчүн гранатаны колго алып, бармактар менен баштоочу туткучту катуу басып, башка кол менен сактагыч түтүкчө акырын түздөп, сокку берүүчүнү сактоочу тутканы баскан абалда кармап, сактагыч түтүгүнүн калкасынан кармап сууруп алып граната кескин аракет менен көзөлмөлгө ыргытылат (коргоо үчүн колдонула турган гранаталар ыргытылгандан кейин жашынуу жайларына өтүп, жашырынуу керек болот).



*а*




*б*

*117-сүрөт.* Окоптон туруп граната ыргытуу *(а, б).*

Гранатаны ыргытууда жүрүп же чуркап аракеттенүү зарыл. Гранатаны оң колдо жарым бүгүлгөн абалда кармап жана куралды сол колго алып, күзөт алдынан чеги алып ташталат. Сол бутта кадам таштаганда, кол граната менен алдыга, төмөнгө арекет кылынып, оң бутта экинчи кадамды таштап арекет кылган абалда, колду төмөндөн жаа боюнча арекет кылып, граната корпусун оң тарапка каратып, үчүнчү кадамда сол бутту алдыга, бута тарапка таманды багыттап жана оң бутту бүгүп, тизеден бой бурулушуну, колду силкитүүнү токтотуп, аракет тездигинен, бут, бой, кол күчүнөн чогу пайдаланып, граната ыргытылат.

Окоп жана траншеяларда гранатаны ыргытууда, куралды окоп төбөсүндөгү топурак үйүмүнө коюп, граната оң колго алынат. Белди ийген абалда ар эки бутту кеңири бүгүп, оң колду граната менен акырына чейин кайтарып, сол колго таянып, гранатаны бутага түздөп ыргытылат. Соң өзү ылдамдык менен жашынуу жайларына же окопко жашырынат.



*118-сүрөт.* Гранаталар сумкасы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Окоп жана траншеяларда орношкон жоо күчтөрүн жок кылуу максатында гранатаны горизонттун үчбурч жагына орточо 35°—45° та туура аракеттенүүгө келтирип ыргытуу керек. Анткени, граната чамаланган жакка анык түшүшүн жана траектория (аракеттенүү жолуна)га аз эле зыян жеткирип, айланага аз эле чачылуусу керек.

**Кол гранаталарды колдоодо коопсуздук чаралары**

Гранаталар атайын сумкаларда алып жүрүлөт. Запалдар гранаталардан башка болуп, кагаз же кыйкымды чүпүрөктөр менен оролгон абалда сакталат. Гранаталарды сумкага жайгаштыруу же атууга даярдоо алдынан, албетте, запалдарды текшерүү керек. Граната корпустары терең бүгүлгөн же ийилип кыйшайып калган, өткүр кырлар болбостугу жана запал таза болушу, бүгүлгөн, кесилген бобостугу керек. Коргогуч ортосундагы чеги акырына чейин бошотулган болушу менен бирге жарака жана ийик болбостугу шарт жана зарыл.

Жарык же көчкөн, учкан запалдарды колдонууга тыюу салынат. Гранаталарды бир-бирине андан ары катуу заттарга урулушунан, жалындан, ыпластануудан, нымдан сактоо керек. Суу болгон, кирдеген гранаталарды, запалдарды командирлер күзөтүүсүндө ошо учурда тазалап курутуу шарт. Аны жалын алдында курутууга тыюу салынат.

Гранаталар жана запалдар дайыма карап, текшерилет. Гранаталарды атууга дайындоодо (запалды коюуда) гана ыргытуу алдынан уруксат берилет. Күжүрмөн гранаталарды ажыратып, анын бузуктарын түзөтүүдө, гранаталар сумкасынан алынып (күзөт алдынан) чегине того (шакек) тагылат. Ыргытканда, жарылбаган гранаталарга тийүүгө катуу тыюу салынат.

*1.5. Драгунов мергендик мылтыгы андан ары танкка каршы кол гранатамётунун түзүлүшү, иштөө принциптеры жана күжүрмөн касиеттери. Кичүү калибирлүү мылтыктын тапшырмасы, түзүлүшү жана күжүрмөн касиеттери*


7,62 мм дүү Драгунов мергендик мылтыгы мергендин куралы эсептелет жана ар түрдүү пайда болуп жаткан, арекеттене турган, ачык жана маскировкаланган жеке буталарды жок кылуу үчүн арналган.

*Күжүрмөн касиеттери.* Мергендик мылтыгынан 800 м ге чейин аралыкта ок үзүү эң ийигиликтүү эсептелет. Атуунун оптикалык мээлегич менен бута атуу узактыгы — 1300 м, ачык мээлегич менен — 1200 м. Көкүрөк формадагы бутага туурадан туура атуу узактыгы — 430 м, чуркоочу бутага — 640 м. Күжүрмөн атуу ылдамдыгы минутасына 30 ок. Мергендик мылтыгынын найза-бычаксыз, оптик мээлегич, толтурулбаган мага-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*119-сүрөт.* СВДнын жалпы көрүнүшү, негизги бөлүк жана механизмдери: *1*—ствол кутусу ачык мээлегич кундагы менен чогу; 2—ствол кутусунун капкагы; *3*—кайтаруучу механизм; *4*—затвор рамасы; *5*—затвор; *6*—газ трубкасы регулятору менен; *7*—газ поршени; *8*—түртүүчү пружина менен; *9*—ствол каптамалары; *10*—сокку берүүчү тепки механизми; *11*—сактагыч; *12*—магазин; *13*—кундак бети; *14*—оптикалык мээлегич; *15*—найза-бычак.

зин жана кундак жүзү менен салмагы — 4,3 кг. Мергендик мылтыгынан бирден атылат. Атуу убагында патрондор 10 даана патрон сыйымдуулугуна ээ куту сымал магазинден жиберилет (119-сүрөт).

РПГ-7 жана РПГ-7Д кол гранатамёттору танктар, өзү жүрүүчү артиллерия курулмалары жана жоонун башка бронялуу ыкмалары менен күрөшүү үчүн арналган. Андан сырткары, аларды жеңил далда жайларда андан ары калаа тибиндеги имараттарда орношкон жоонун жандуу күчүн жок кылууда да колдонууга мүмкүн. Танкка каршы кол гранатамётунун жалпы көрүнүшү төмөнкүдөй:

Гранатамёттон РП-7В жана РП-7ВМ кумулятив таасирлүү калибр үстү ок-дарылары атылат.


Гранатамёт броня тешүүчү көнүкмөгө ээ болуп, жоонун бардык түрдөгү заманбап танктар жана өзү жүрөр артиллериясы менен ийгиликтүү күрөшүү мүмкүнчүлүгүн берет.

*Кужүрмөн касиеттери.* Граната броня тешүүчөндүк көнүкмөсүнө ээ болуп, жоонун бардык түрдөгү танктары жана өзү жүрүүчү артиллерия курулмалары менен ийгиликтүү күрөшүү касиетине ээ. РП-7В огу штат-




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*120-сүрөт.* РПГ-7 танкка каршы кол гранатамёту.



*121-сүрөт.* РПГ-7Д танкка каршы кол гранатамёту.

тагы РП-7В огунун жаңыланган түрү болуп, андан бир аз жеңил жана броня тешүүчөндүк, тийүүчөндүк жана шамалга туруктуулук касиеттери жогору.

Гранатамёттон буталардын бийиктиги 2 м жана андан жогорку болгон, түздөн-түз атуу узактыктагы танктар, өзү жүрөр артиллерия курулмаларына таасирлүү ок үзүү узактыгы РП-7В үчүн 330 м, РП-7ВМ үчүн 310 м, мээлеп атуу 500 м. Күжүрмөн атуу тездиги минутуна 4—6 га. Гранатамёттун оптикалык мээлегич менен салмагы РПГ-7 6,3 кг, РПГ-7Д — 6,7 кг. Октун (граната порох заряды менен) салмагы РП-7В-2,2 кг, РП-7ВМ — 2 кг.

### Кичүү калибирлүү мылтыктын тапшырмасы, түзүлүшү жана күжүрмөн касиеттери

Кичүү калибирлүү мылтык Тула курал жасоо заводунда жасалган болуп, атуу боюнча өткөрүлө турган даярдык сабактарында атууну үйрөнүү үчүн колдонулат.


Кичүү калибирлүү ТОЗ-8, ТОЗ-12 мылтыктарынан көбүрөөк спорт мелдешүүлөрү өткөрүүдө андан ары атуу даярдыгынын баштапкы ок атуу сабактарын алып барууда кең колдонулат.

ТОЗ-8 мылтыгынын күжүрмөн касиеттери: калибри — 5,6 мм; салмагы— 3,12 кг; жалпы узундугу — 111 см; октун баштапкы ылдамдыгы — 310 м/с.ке чейин; атуу ылдамдыгы бир минутта — 10—12 иретке



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*122-сүрөт.* Кичүү калибрдүү мылтык (ТОЗ-8):
*1*—кундак бет бөлүгү; *2*—кундак моюну; *3*—арка калпакчасы; *4*—ствол коробкасы, атууну баштоочу механизм программасы менен; *5*—атылган гилзаларды чыгаруучу тешик; *6*—мишен; *7*—ствол; *8*—намушник; *9*—пая бети; *10*—жогору кадагыч; *11*—затвор туткучу; *12*—затвор; *13*—баштоочу илмек; *14*—баштоочу того; *15*—асткы кадагыч; *16*—кундак.

чейин; мээлөө аралыгы — 250 м; октун эң алыска учуу аралыгы — 1200 метрден 1600 метрге чейин; октун өлтүрүү (каза кылуу) күчү аралыгы — 800 метрге чейин.

**Мылтыкты октоо тартиби.** Мылтыкты жатып алган абалда атууда, мылтык кундагынын баш бөлүгүнүн оң кол менен кармап, оң бут бир кадам алдынга ташталат жана бутту бир аз оң жакка алып, алдынга ийилип, сол бутту ийип, сол кол менен жатып, сол буттун таманы жерге кадалат жана сол колдун көкүрөгүнө алынат. Сол тарапка жаткан абалда курсак тарапка тез бурулуп, эркин абалда буттарды таманы менен жатып жиберилет. Мылтык чехолу (паясы) оң колдун бетине алынат.

Кичүү калибирлүү мылтыкты оң колдо затвор туткучтан артка тартып, ствол кутусунун ачылган жайына оң колдун баш жана сөөмөй бармактары жардамында окту алып аны ок салгычка салынат. Окту баш бармак менен алдынга, стволго толук киргенче багытталат, кийин оң кол менен затвор жабылат.

**Атуу убагындагы мылтыктын өзгөчө тараптары.** Сол колдун бармактары  башка бир аракет кылбастыгы, мылтыктын кутусу (жыгач чехолу) на тийип кетпестиги үчүн сол кол менен мылтыктын жыгач чехолунан (кутусу) кармап алынат. Оң кол бармактары менен кундагынан кармап, сөөмөй бармак атууну баштоочу механизм тепкисине багыттайт. Кундак ортосу желкеге катуу кадалат.

Жатуу абалында атууда жакшы ийгиликке жетүү үчүн таянычтардан колдонуу мүмкүн. Таянчтардан максатка ылайык колдонуу үчүн кум же жыгач кыпыгы толтурулган каптардан 20—25 см бийиктикте таяныч орнотуу мүмкүн. Эгер таяныч бийиктиги атууда ыңгайсыз болсо, аны  төмөндөтөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Мылтыкты тазалоо жана майлоо тартиби.** Кичүү калибирлүү мылтыкты тазалоо жана майлоо тартиби автоматты тазалоо жана майлоо тартиби сыяктуу ишке ашырылат. Кичүү калибирлүү мылтык ствол каналынын долбаш бөлүгүн тазалоо жана майлоого катуу тыюу салынат.

Ствол тазалоо үчүн анын арт капкагы ачылып, ствол кутусунан затвор алынат. Тазалагычтын үч бөлүгүнө жумшак чүпүрөк кыйкымдарынан 4—5 см узундукта ороп, куралды майлоо үчүн колдонула турган майга батырылат. Соң шомпол ствол каналынан киргизилип, октогуч тарапка чейин майланат жана жакшылап тазаланат.

## *II бөлүм.* КУРАЛДАН АТУУНУН НЕГИЗДЕРИ ЖАНА ЭРЕЖЕЛЕРИ

### *2.1. Атуу жараяндары жана анын доорлору. Октун башталгыч ылдамдыгы жана анын атуу жараянына таасири. Куралдын артка силкинүүсү*

Атуу негиздерин теориялык жактан үйрөнүү атуу эрежелери, анын баскыч-усулдарынын практикада колдонулушуна да байланыштуу. Атуу эрежелерин аткаруу, атуу убагындагы негизги абалды, ок атууну башкарууну жана ок атууга даярдык көрүүнү өз ичине алат. Атуу убагында ар түрдүү буталарга кыска убакытта аз ок дары иштетүү менен гана ар кандай аба ырайы шарттарында да тапшырылган тапшырманы ийигиликтүү аткарууну камсыздоочу фактор болуп колдонулат

**Ок үзүүнүн ишке ашуусу.** Ок үзүү деп октун ствол каналынан порох заряды жанышынан пайда болгон порох газы таасиринде *атуусуна* айтылат. Бул абал аябай кыска убакыт аралыгында (0,001—0,006 с) болот. Тепки басылганда, патрондун пистонуга сокку берүүчү ийне урулушунан жалын пайда болуп порох заряды от алат. Натыйжада аябай чоң өлчөмдө жогору температуралуу газ пайда болуп жогору басым пайда болот. 250—500 кгс/см$^2$ (өлчөө көлөмү 1 кгс/см$^2$ = 0,1 МПа) газ басымы таасиринде ок өз жеринен жылып, кырына урулуп, айланма аракет кылат. Порох жанууну улантат. Газ өлчөмү (көлөмү жана басымы) ствол каналында ашып барат.

Ок 4—6 см жол басканда газ басымы эң чоң өлчөмүнө (2800 кгс/см$^2$) жетет. Мындан кийин октун аракет тездиги ашкандыгы себеп, газ агымы октон артта кала баштайт жана басым түшө баштайт. Ствол каналынан ок чыгуу убагында ал 300—900 кгс/см$^2$ де түзүлөт. Ок ствол каналы бойлоп үзгүлтүксүз темпти ашырып аракет кылат жана ствол каналы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

багыты боюнча тышкарыга атылып чыгат. Кызыган газ ок артынан ствол каналына агып чыгат жана аба менен биригип жалын жана толкун соккусу пайда болот. Мунун натыйжасында ок добушу келип чыгат. Мындан кийин ок учуусу (инерция) инерция таасиринде абада уланат.

## Октун башталгыч ылдамдыгы

Куралдын ствол каналынан атылып чыккан ок тездигин көбөйтүү менен бирге учуу чекитине чейин аракеттенүү абалы октун башталгыч ылдамдыгы дейилет. Октун абадагы учуусун улантышы жана тегиз аракеттенүүсү анын баштапкы ылдамдыгына да байланыштуу болот.

Куралдын эң керектүү күжүрмөн касиеттеринен бири — октун башталгыч ылдамдыгы. Башталгыч ылдамдыктын күчөйүшү октун абада учуу аралыгын басып өтүп, бутаны жарааттоо жана өлтүрүү (курман кылуу) абалдарын тездетүү менен бир катарда, абадагы учуу убагында болсо, тышкы шарт таасиринде тездигин кыскартырат.

Октун башталгыч тездигин көбөйүшү стволдун узундугуна, ок жана порох майдачалары салмагына андан ары өзгө факторлорго байланыштуу болот. Куралдын стволу канча узун болсо (практикада аныкталган), порох жана басым канча көп болуп арекеттенсе, октун башталгыч ылдамдыгы ошончо артат.

## Куралдын артка силкинүүсү (тебинүүсү)

Ствол каналыдагы газ басымы күчөйүп, ар тараптама арекеттенген абалда күч менен окту алдынга багыттоо абалы куралды артка кайтарат. Куралдын атуу убагында болуп жаткан артка аракеттенүү абалын, куралдын *артка кайтарылуусу (тебинүүсү)* дейилет.

Курал ылдамдыгы жана энергиясы күчөтүү арекети убагында артка кайтуу менен баяндалат. Куралдын артка кайтышы октун башталгыч ылдамдыгынан бир нече барабар кем болуп, куралдан ок бир нече жолу жеңилирээк болот. Автоматтын артка кайтуу кубаты 2 кгс/см$^2$ (19,6 ж) дан ашпайт жана атуучуга ооруу бербейт. Порохтуу газдардын басым күчү (кайтуу күчү) артка кайтууга каршы арекет жалгыз туура жол эмес, балким туура келбеген тарапка (кундактын таянычына, куралдын күчтөнүү борбору жана башкаларга) да багыттайт. Кырдаалдан келип чыккан жуптанган күчтүн аракеттенүү натыйжасында, куралдын долбаш (ооз) бөлүгүн төбөгө көтөрүп турат (123-сүрөт).

Желкеге канча көп күч жыйылган болсо, жуптанган күч ушунча көп кайтарылат. Атуу убагында курал ствол тебинүү жана калтыроо абалдарын да келтирип чыгарат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*123-сүрөт.* Атууда артка түртүүчү күч таасиринде курал ствол бөлүгүнүн жогоруга көтөрүлүүсү.

Курал стволдун долбаш (ооз) бөлүгүнөн октун учуп чыгышы натыйжасында калтыроо (жогоруга, оңго, солго), башка жактарга кыйшаюу абалдары болушу мүмкүн. Мындай абалдар болсо, атуу убагында куралдан туура колдонбостук натыйжасына, куралдын кирденишине алып келет. Куралдын артка кайтарылышында октун чыгышы, стволго таасирлүү жана дагы башка себептер, атууга чейин болгон ствол каналын долбаш (ооз) бөлүгү багытында бурчту жасайт. Бул ствол каналынан чыккан окту абада учуу мезгилине чейин бурчту уюштурат. Мындай бурч *учуу бурчу* дейилет.

Ствол каналынын долбаш бөлүгү атууга чейин жогорку коюлган болсо, октун абадагы учуу абалы канаатанардык, төмөн коюлган болсо, канаатанардыксыз учуу бурчу дейилет. Учуу бурчун бир абалда камсыздоо жана куралдын артка кайтарылуу абалдарын азайтуу атуу жана куралдан туура колдонуу эрежелерине толо жана анык амал кылышына андан ары атуу усулдары натыйжаларына байланыштуу.

### *2.2. Ок траекториясы (аракеттенүү жолу)нун пайда болушу. Октун тешип өтүү жана жараатташ таасири. Туура ок атуу жана анын мааниси. Жашырын жай, ок тийе турган (жаараттай турган) аянт жана ок тийбей турган аянт*


Автомат стволунан атылган октордун бурч бийиктиги анык белгиленген абалда болушу керек. Октун абадагы учуу доору бир багытта болот. Бул багытты болсо *октун ыргытуу багыты* дейилет.

Ок абада учуу доору учурунда салмак күчүнө, абанын каршылыгына учурайт. Салмак күчү эң күчтүүсү эсептелип, ыргытуу багытындагы окту чоң күч менен төмөнгө тартат, абанын каршылыгы болсо учуу тездигин азайтып, октун баш бөлүгүн артка кайтарууга арекет жасайт. Ушул эки карама-каршы күчтөр таасиринде ыргытуу багытындагы ок ийри формада арекеттенет. Ок абадагы учуу убагында, салмак борборунан ийри



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*124-сүрөт.* Октун траекториясы (арекеттенүү жолу).

багытка жазылып арекеттенүүчү жолун траектория (аракеттенүү жолу) дейилет (124-сүрөт).

Ок траекториясынын пайда болушу бурч өлчөмү бийиктигине байланыштуу болуу менен бирге, бекитилген талкалануучу жана өлүк аянттарына чейин андан ары туура атуу аралыктарына чейин болгон өлчөмдү сүрөттөйт.

Ок траекториясынын бурч бийиктиги кеңейет, октун горизонтко туура учуу абалы күчөйүшү белгилсиз көрүнүштө болот. Анын натыйжасында траектория бийиктиги чоңоёт, горизонтко карап аракеттенүү болсо бир аз төмөндөйт.

Горизонтко багытталган октун учуу аралыгындагы бийиктик бурчу дагы да артуусун чоң бурч аралыгы дейилет. Башка түрдөгү куралдардын огу үчүн бурч өлчөмү 35° ке чейин болот. Жогорку бурч бийиктигинен кичүү бурч бийиктигине чейин болгон аралыкда октун жер боорлоп аракеттенишин *жер боорлоп кеткен траекториясы* (аракеттенүү жолу) дейилет.

## Октун тешип өтүү жана жараатташ таасири

Октун тешип өтүү, тоскоол жана жашырын жайлардын жоондугу, калындыгы менен бекемдигине байланыштуу.

Октун өлтүрүү абалы — тирүү организм ок аракеттенип, саптан чыгарууга алып келүүсү менен бирге тирүү организм кинетик кубаттын сиңүүсү натыйжасында анын кийимдери андан ары жашоо органдарынын жарааттанышына алып келет. Кинетик кубат адамдын эч кандай атайын кийими болбогон абалда да анын негизги жашоо органдарын жок дегенде 8 кгс/см² (78,5 ж) өлчөмдө жараатайт.

1943-жылда иштеп чыгарылган октор үлгүлөрү төмөнкү жадыбалда көрсөтүлгөн:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Тосколдор | Октун түрү | Атуу аралыгы (метде) | Октун тешип өтүү абалы |
|---|---|---|---|
| 7 мм броня жоондугу 90° бурч байкоодо каска (болот шлем) | Бронятешүүчү жандыруучу<br>Болот өзөктүү броня-тешүүчү жандыруучу | 200—300<br>900—1100 м.ден жогору | 50—90 %<br>80—90 % |
| Окоп дөбөсүнө үйүлүп жасалган кар | Бардык ок түрү | 500 | 70—80 см |
| Жыгач тоскоолдордон курулган тактай доска (20х20 жоондугунда) | Болот өзөктүү броня-тешүүчү жандыруучу | 500 | 70—80 см |
| Бышык кыштту (кирпич) тоскоолдор | Болот өзөктүү броня-тешүүчү жандыруучу | 100 | 12—15 см |

## Туура ок атуу жана анын мааниси

Октун бутага тийүүсү убагында анын өлтүрүү абалы жана тешип өтүү, анын салмагына жана ылдамдыгына байланыштуу болот. Практикада октун өлтүрүү абалы анын абадагы эң аягындагы аралыкка чейин аракеттенүү *туура атуу* дейилет (125-сүрөт).

Практикада анын колдоо учуру эң тыгыз доорлордо мээлебей атуу абалы болот. Мындай абалда бутага атуу чекити бийиктигине бута нускасынан төмөндө көзөмөлдөнөт. Туура атуу методу аралыктагы бута бийиктигине андан ары октун жер боорлоп кеткен траекториясына да байланыштуу. Бута канча жогору болсо, октун туура атуу аралыгына аракеттенүү да ушунча чоң болот. Мээлөөдө алгачкы кезекте алыстагы бута тезирээк жарааттандырылса, бул кырдаалда жоого жооп огу атуугa мүмкүнчүлүк берилбейт.




*125-сүрөт.* Туурага ок атуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Жашырын жай, ок тийе турган (жаараттай турган) аянт жана ок тийбей турган аянт

Жашырын орношкон, ок тешип өтө албай турган бекитилген жайларды, чокусунан тартып атуу чекитине чейин болгон аянт жашырын аянт дейилет. Жогору жайлаштырылган жашырын жай октун жер боорлоп кеткен траекториясындагы мишен буталарын жарааттантыра албаса, *өлүк* (жарааттанбай калса) *аянт* дейилет.

Жашырын далда жайлары жогорку бийиктикте орношкон болсо, көзөмөлдөө бийиктиги азыраак болуп, октун траекториясы тегиз болот. Бекитилген өлүк аянттарда жоо окторунан эпчилдик менен сактануу керек болот.

Бекитилген аянттардын дагы бир бөлүгүндө бута жарааттантырылса, жарааттанган аянт аралыгын уюштурат. Бул абалда траектория тармагынын төмөндөшү бута бийиктигин өзгөртүрбөйт.

Жарааттанган аянттарда бута бийиктиги жер боорлоп кеткен траекторияга бурч ийилүүсү да байланыштуу. Анын практикадагы мааниси мээлөө чекитинин бутага чейин болгон чоң тараптардагы аралыктары өлчөөдөгү барксыздык орунсуз каталарды келтирип чыгарат.

## *2.3. Мээлөө жолдору. Бутаны тандоо жана мээленген чекитке, кыймылсыз бутага от ачуу*

*Мээлөө* — автомат ствол каналын ок атуу үчүн даярдык абалына келтирип, мээленген чекитке түздөлөт. Автоматын бутага түздөнүү чекити *мээленген чекит* дейилет.

Мушканы туура алуу үчүн мушка мээленген планкасынын оюк жайына туура келтирилет. Анын учу мээлегич планкасы оюк жайынын ортосунда болушу менен, жогорку чекелери бир тегиз болушу керек (126-сүрөт).


### Бутаны тандоо жана мээленген чекитке, козголбос бутага от ачуу

Бута жана мээленген чекит ушундай эсепке алынган абалда тандалуусу керек, от ачууда болгон орточо траектория бутанын ортосунан өтүү керек. 300 метрге чейин болгон аралыкка автоматтан от ачууда, көзөмөлдөгүчтү атуу эрежесине көрө, 3 цифрасын же «П» тамгасы орнотуу шарт. Көзөмөлдөнүп аткан бутанын астккы бөлүгүнө же ортосуна мээлөө керек болот. Мисалы, автоматтан 100 метр аралыктагы көкүрөк формасындагы буталарга ок атууда, мээлене турган чекитин, бутаны төмөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*126-сүрөт.* Туура мээлөө жана мээлөө убагындагы каталыктар:
*а*—мушканы түздөп алып, мээленген чекитке түздөө; *б*—мушка кичүү; *в*—мушка чоң; *г*—мушка солго жылган; *д*—мушка оңго жылган.

бөлүгүнө каратып, мээлегичти «П» тамгасына коюп, от ачуу керек болот. Бул абалда траекторриянын ашып баруусу мээлөө сызыгынан алыстыгы 25 см.ге тең. Бул болсо, бута борборунан өтө турган траекторияга ылайык түшөт.


300 метрден ашык алыстыкка атууда мээлөө бутага чейин ылайык келе турган аралыкка орнотулат жана жүз метрлеп бүтүндөлөт. Мээлөө чекити сапатында, бутанын ортосу алынат. Тилекке каршы, шарт себептен мээлегичти алмаштырууга жол бербесе, анда мээлегич «П»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тамгасына орнотулуп, атуу керек болот. 400 метрден ашык аралыкка атуу үчүн бутанын жайы, бурчу жана деңиз жүзүнөн күзөтүү аянтынын бийиктиги андан ары бутанын асткы бөлүгүн мээлөө менен түздөөлөр киргизилет. Аба-ырайы ыңгайсыз келүүсү, каптал жактан жүргөн шамал октун учушуна жаман таасир көрсөтүп эле калбай, аны четке буруусу мүмкүн. Капталдан жүргөн шамал убагында мээлөө чекитин бир нече метр бутанын формасына же сүрүлмө бөлүгүнө бута алдындан көзөмөлдөнүү керек. Мындай абалда болсо, мээленген чекитти башталган жайынан, бутанын ортосунан шамал жүргөн тарапка көчүрүлөт (127-сүрөт).




*127-сүрөт.* Мээлөө чекитин бүтүн бир алдыга көчүрүү.

## *2.4. Алыстыкты өлчөө жолдору жана миңдик маанисин колдоо*

Мишенге болгон (аралыкты) узактыкты, адатта, көз менен чамалоо (ар кандай шарттагы абалда) жана анын бурч өлчөмү менен аныкталат. Алыстыкты көз менен чамалап аныктоо: аны узактыгы белгилүү болгон жергиликтүү нерсе (белги)гече түздөп күзөтүү майданынын көрүнүш даражасы жана бута өлчөмүнө түздөлөт.

Мишенгече болгон узактыкты бурч өлчөмү, эгер мишендин үлгүсү (бийиктиги, эни же узундугу) белгилүү болсо, миндик формуласы менен аныкталат:

$$M = \frac{B \cdot 1000}{BK},$$



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бул жерда, *M* — бутага чейин болгон аралык, метр; *B* — бутага чейин болгон бийиктик (кендиги же узундугу), метр; 1000 — туруктуу узундук; *BK* — миндиктин бутага чейин болгон бурч чоңдугу.

Бутанын бурч чоңдугу миндер жардамында талаа дүрбүсүндө же бурч көргөзүү аспаптарынын бурч өлчөмү шкаласы жардамында өлчөнөт. Биноклдын чоң шкаласы арасындагы өлчөм 10 миң, кичүүсү 5 миң (жазылышы 0—10, 0—05)ге тең. Мисалы, дүрбү менен күзөткөндө, ортočо адамга чейин өлчөмү 1,7 м дүрбүнүн бир кичүү узундук сеткасы 0—05 м.ге туура келет. Ушундай кылып, адам ортосунда:

$$M = \frac{B \cdot 1000}{BK} = \frac{1{,}7\ \text{m} \cdot 1000}{BK} = \frac{1700}{5} = 340\ \text{m},$$

Миндик бурч өлчөмү, 1/1000 радианга тең же борбордук бурчка, таянган жаасы айлананын 1/6000 бөлүгүнө тең.

Мишендин бурч өлчөмүн кол астындагы заттар:калем, сызгыч, күкүрт кутусу жана кол бармактары жардамында аныктоо мүмкүн. Анын үчүн ушул буюмдардын миндик абалын билүү зарыл. Сызгычты 1 мм—0—02; тоголок калем — 0—12; күкүрт узундугу боюнча сызыкка чейин — 0—90, кендиги боюнча — 0—60, бийиктиги боюнча — 0—30; кол бармактары: баш бармак — 0—40; сөөмөй — 0—30; кичүүсү — 0—20.

Мисалы, бутанын бурч чоңдугун аныктоо үчүн сызгыч жардамында, бута аралыгы, чети, кендиги, бийиктиги же узундугу 4 мм болсо, андан бутанын бурч чоңдугу 0—02 · 4 = 0—08 ге тең.

Бутанын бурч чоңдугун колдогу буюмдардын жардамында анык өлчөө керек болсо, көздөн  50 см аралыкта анык алып баруу керек.

### *Текшерүүчү суроолор*

1. Ок атуучу куралдардын тапшырмасы, түзүлүшү, иштөө жараяндары жана күжүрмөн касиеттерин баянда.
2. Азыркы күндө Куралдуу Күчтөрүбүздө кандай автоматтар кең колдонулат?
3. Атуу деп эмнеге айтылат?
4. АК-74 автоматтын күжүрмөн баяны.
5. РГД-5 жана Ф-1 кол гранаталарынын күжүрмөн баяны жана согушта колдоо эрежелери.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# *IV БӨЛҮК.* ПРАКТИКАЛЫК АСКЕРДИК ДЕНЕ ТАРБИЯГА ДАЯРДОО

## *I бөлүм.* АСКЕРДИК КЫЗМАТКА ЧАКЫРЫЛУУЧУЛАР ЖОГОРКУ ДАРАЖАДАГЫ ДЕНЕ ТАРБИЯ ДАЯРДЫГЫНЫН ЗАРЫЛДЫК ШАРТЫ

Эгемендик жылдарында Өзбекстанда илим, маданият, ден соолукту сактоо жана эл кожолугунун бардык тармактары сыяктуу дене тарбия маданияты жана спорт да өнүктү, ал белгилүү даражада өркүндөдү. Калктын турмуш шарты, маданий дүйнөкарашы артышы, дене тарбиялык жактан жетилүүсүндө жалгыз курулган спорт имараттары, даярдалган адис кызматкерлер жана өткөрүлгөн ар түрдүү жалпы спорт чараларына эмес, балким дене тарбиялык маданият жана спорт арекетин илмий-теориялык жана практикалык жактан негиздеп берген билим, анын мааниси, багыты, практика үчүн келтирген натыйжаларын анализ кылуу керек.

